**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

Кол жазма укугунда
УДК371.3+894.341

**БАТЫРКУЛОВА АЙГҮЛ БЕКМУРЗАЕВНА**

# ОРТО МЕКТЕПТИН КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ КУРСУНДА ЛЕГЕНДАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫ ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ

**13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)**

Педагогика илиминин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган
**Д И С С Е Р Т А Ц И Я**

Илимий жетекчи: филология илимдеринин доктору,
профессор С.О. Байгазиев

Бишкек – 2021

**МАЗМУНУ**

**КИРИШҮҮ**..........................................................................................................3

**I ГЛАВА. ОРТО МЕКТЕПТИН КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ КУРСУНДА ЛЕГЕНДАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫ ОКУТУУНУН ИЛИМИЙ-ТЕОРИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ**

1.1. Легендалык чыгармалардын илимий-теориялык жактан изилдениши.13

1.2. Легендалык чыгармалардын окуу программаларындагы, окуу китептериндеги берилиши жана методикалык эмгектерде иштелиши..............................……………………………………..............30

I глава боюнча корутунду.........................................................................54

**II ГЛАВА. ОРТО МЕКТЕПТИН КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ КУРСУНДА ЛЕГЕНДАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫ ОКУТУП - ҮЙРӨТҮҮНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ**

2.1. Изилдөөнүн методологиясы жана методдору...........................................54

2.2. Педагогикалык эксперименттик иштердин жүрүшү.................................89

2.3.Педагогикалык эксперименттик иштердин жыйынтыктары ....................96

II глава боюнча корутунду.........................................................................105

**III ГЛАВА. ОРТО МЕКТЕПТИН КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ КУРСУНДА ЛЕГЕНДАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫ ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯСЫ**

3.1.Легендалык чыгармаларды окутуу аркылуу окуучулардын адабий-эстетикалык билимин өркүндөтүүнүн технологиясы........................106

3.2. Легендалык чыгармаларды үйрөтүүнүн методдору жана формалары ...121

III глава боюнча корутунду.......................................................................160

Жалпы корутунду жана практикалык сунуштар..........................................161

Пайдаланылган адабияттардын тизмеси ........................................................165

Тиркемелер..................................................................................................176

# К И Р И Ш Ү Ү

**Изилдөөнүн актуалдуулугу:** Жалпы билим берүүчү мекемелерде таалим-тарбия иштерин улуттук маданий жана адабий баалуулуктар менен жалпы адамзаттык баалуулуктарды айкалыштыруу менен жүргүзүү талабына артыкчылыктуу маани берилип келет. Улуттук жана адамзаттык асыл баалуулуктардын башаты да, бай казынасы да көркөм адабиятта, анын ичинде элдик оозеки чыгармаларда камтылган. «Адабияттын предмети адам жана анын турмушу» (В.Белинский), ал эми «адабият сабагы-адам таануу сабагы» (М. Горький) экендигин эске алганда кыргыз адабиятын орто мектептерде окутуунун мааниси, инсанды калыптандырып, таалим-тарбия берүүдөгү орду менен ролу канчалык экендиги айкындалат.

Кыргыз адабияты өзүнчө предмет катары мектептерде окутула башталышы жүз жылга чукулдап барат. Бир кылымга тете мезгил ичинде адабиятты окутуунун бай практикалык тажрыйбалары топтолуп, кыргыз адабиятын окутуунун методикасы өзүнчө илим катары калыптанып, өнүгүп, азыркы билим берүүнүн талаптарына ылайык өркүндөтүлүүдө. Кыргыз адабиятын окутуунун теориялык жана практикалык бир катар орчундуу маселелери ийгиликтүү чечилип, окутуу процессинде колдонулуп келет. Аталган илимдин калыптанып өнүгүшүнө, азыркы абалына К.Иманалиев, Б.Алымов, С.Байгазиев, И.Исамидинов, С.Батаканова, С.Момуналиев, Н.Ишекеев, С.Рысбаев, А.Муратов, С.Сакиева, Б.Акматов, К.Акматов, Б.Байсабаев, Н.Мараимова, Т.Молдогазиев, Ж.Эшиев ж.б. окумуштуу-методисттердин салымдары чоң. Легенда менен уламыш терминдеринин адабият таанууда такталбай келе жаткандыгы окуу процессинде ага бирдиктүү баа берилбей, чаташып айтылышына себеп болуп келет. Окуу программаларында бирде легендалык, бирде уламыштын негизинде жазылган чыгармалар деп айрым поэмаларды, повесттерди, драмаларды атай беребиз. Ошондуктан адабият таануучулук жактан талдоо, методикалык жактан бирдиктүү термин менен атоо зарылчылыгы турат жана легендалык чыгармаларды заманбап технологияларга ылайык окутуу методикасын иштеп

чыгуу муктаждыгы, алдыңкы педагогикалык иш-тажрыйбалардын жалпылаштырылбагандыгы, инсанга багытталган окутууга басым койгон илимий- методикалык изилдөөлөрдүн зарылдыгы изилдөөбүздүн актуалдуулугун аныктайт.

**Проблеманын изилдениш абалы.** Легендалар элдик оозеки чыгармачылыктын байыркы жана өзгөчө баалуу маданий баалуулуктардын мыкты үлгүлөрү катары таанылып, кыргыз адабияты сабагында өткөн кылымдын 50-жылдарынан тартып окутулуп келе жаткандыгына карабастан, ага байланыштуу бир катар маселелер али толук чечиле элек. Айталы, азыркы мезгилге чейин кыргыз фольклористтеринде «легенда» термини тууралуу бирдиктүү пикир жок. Айрыкча «легенда» жана «уламыш» термин-түшүнүктөрүнүн карым-катышы, жалпылыгы, өзгөчөлүктөрү тууралуу түрдүү пикирлер айтылат. Б.Кебекова, Т.Ашыралиев, Т.Танаев, К.Байжигитов ж.б. окумуштуулар: «Легенда жана уламыш бир эле түшүнүктү билдирет. Легенда орусча айтылышы, ал эми анын кыргызча котормосу-уламыш»,- деген пикирди кубатташат. Ошол эле учурда К.Байжигитов 1985-жылы жарык көргөң «Кыргыз мифтери, уламыштары жана легендалары» аттуу эмгегинде «уламыштар жана легендалар» деп эки аталышта жарыша колдонот. Р.З.Кыдырбаева менен К.Асаналиевдин 2004-жылы жарык көргөн «Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгүндө» «легендага» мындайча түшүндүрмө берилет: «Легенда. Латын тилинен келген түшүнүк, сөзмө-сөз которгондо «окулууга тийиш же «окууга сунуш этилет» деген мааниде. Легенданын негизинде укмуштуу, фантастикалык окуялар баяндалат да, алар бара-бара уламыш аңгемелерге айланып кетет. Өзүнүн тематикасы боюнча легенда тарыхый, диндик, топонимикалык, турмуш-тиричиликтик ж.б. болуп бөлүнөт…».[72, 296] Авторлор «легенда» термин сөзүн ошол боюнча кайталап кашаанын ичинде кайра берүү менен «легенда кыргызча да легенда» деген ойду беришип, сөздүккө «уламышты» өзүнчө термин катары киргизишкен эмес. А.Муратов: «Уламыш - элдик адабиятта кеңири колдонулган баяндоо жанрынын бири. Бир топ белгилери жагынан легендага өтө жакын турат.

Мазмунда да тарыхый бир чындык тарыхтагыдай эле баяндалат жана турмуш чындыгында кездешкен окуялардан сөз кылынат. Уламыштарда тарыхый инсандар, окуялар, көрүнүштөр жана жер-суу аттарынын келип чыгышы тема катары алынат» деп түшүндүрмө берсе, [113] К.Байжигитов: «Уламыштардын мазмундарында тарыхый негиз бар. … уламыштар угуучулар тарабынан чындык катары кабыл алынарын»,- баса белгилейт. [22]

**Кыргыз адабият таануу илиминдеги мындай көрүнүш орто мектептерде кыргыз адабиятын окуу программасына да өз таасирин тийгизип келет.** Кыргыз адабиятынын программасында [78] Ч.Айтматовдун «Бугу Эне»- уламыш, Ж.Садыковдун «Эненин жүрөгү»- уламыш, А.Чоробаевдин «Тайлак баатыр»- уламыш, ал эми «Карагул ботом» легенда катары окутууга сунуш кылынган.

Орто мектепте кыргыз адабиятын окутууда легендалар 1950-жылы окуу программасына киргизилип, окутула баштагандыгына карабастан, аталган жанрдагы чыгармаларды окутуу процессине төмөнкүдөй карама-каршылыктар орун алып келе жаткандыгы ачыкталды.

- «легенда» жана «уламыш» термин түшүнүктөрүнүн адабият таануу менен адабиятты окутууда бирдиктүү пикирдин тактала электиги;

- практик мугалимдердин аталган термин боюнча түшүнүктөрүнүн чектелүү экендиги;

- легендалык чыгармаларды окутуунун методикасынын иштелип чыгып, колдонууга сунуш кылынбагандыгы;

-натыйжада, кыргыз адабияты мугалимдери легендалык чыгармаларды окутууда бир катар теориялык жана практикалык кыйынчылыктарга дуушар болушу ж.б. Аныкталган карама-каршылыктар диссертациялык изилдөөнүн темасы: «Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы» деп алууга негиз болду.

**Диссертациянын темасынын ири илимий багыттар, илимий программалар (долбоорлор), илимий, билим берүү мекемелеринин, илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Иштин темасы Кыргыз билим

берүү академиясынын мамлекеттик тил жана көп тилдүү билим берүү лабораториясынын негизги илимий изилдөө иштери менен байланышкан.

**Изилдөөнүн обьектиси** – кыргыз адабиятын орто мектепте окутуу процесси

**Изилдөөнүн предмети** – орто мектепте кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуу

**Изилдөөнүн максаты** – орто мектепте кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун азыркы талаптарга шайкеш методикасын иштеп чыгуу, эксперименттин текшерүү жана практикага сунуш кылуу.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

- легенда менен уламыштын негизинде жазылган чыгармаларды терминдик жактан бир типке келтирүү жана окуу китептерде, программаларында, методикалык адабияттарда аталыштарын тактоо;

- легендалык чыгармалардын адабият таануу, кыргыз адабиятын окутуунун методикасы илимдеринде изилденишин үйрөнүү, жалпылаштыруу;

- легендалык чыгармалардын окуу программалары менен окуу китептеринде берилишин талдоо;

- легендалык чыгармаларды окутуунун методикасын иштеп чыгуу;

-иштелип чыккан методиканы педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү, толуктоо жана практикалык колдонууга сунуш кылуу;

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** «легенда» (уламыш) термин-түшүнүгүнүн адабий жанрдын табиятынын такталышында, легендалык чыгармаларды окутуунун илимий-методикалык негиздеринин аныкталышында; методологиялык негиздеринин, изилдөө методдорунун такталышында; легендалык чыгармаларды окутуунун технологияларынын иштелип чыгышында.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** легендалык чыгармаларды окуу программалары менен окуу китептеринде берилишин иреттеп, жакшыртууну окутуунун максат-милдеттеринин такталып берилишинде, легендалык конкреттүү легендалык чыгармаларды окутуунун өз-өзүнчө технологияларынын иштелип чыгып, практикада колдонууга сунуш кылгандыгында.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. Орто мектептин кыргыз адабиятын окутуу программасында, окуу китептеринде жана методикалык эмгектерде бирде «легенда», бирде «уламыш» терминдери колдонулуп, окутууга жана окуп-үйрөнүүгө кыйынчылыктарды жаратып, айрым башалмандыктар болуп келет. Адабият таануу илиминде буга чейин легендалык жана уламышка негизделген чыгармалар (поэмалар, жомоктор, драмалар, повесттер, романдар) деп классификацияланып келүүдө. Бул маселе окутуу процессинде бирдиктүү ат менен т.а. кыргызча уламыш деген термин менен аталып, уламыштын негизинде жазылган драма, поэма, повесть жана роман деп бирдиктүү айтылуусу тийиш. Бул ошол кезде жана бүгүнкү күндө да такталбай айтылып келген, биздин көз карашыбыз ошону тактап, бирдиктүү уламыш деген терминди бекем калыптандыруу, анын негизинде жазылган чыгармаларды уламыштын негизинде жазылган чыгарма деп атообуз керек экендигин экспериментибизде далилдедик. Анткени мунун түбү кайсы бир замандарда реалдуу түрдө айтылып, болуп өткөн жана эл тарабынан улантылып, байытылып келген оозеки элдик тарых. Муну биз уламыш деп бекем көз караште айтып, жазып калыптандыруубуз керек.
2. Легендалык чыгармалар кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгында көп учурап, азыркы кыргыз адабиятында өтө кеңири колдонулуп, адам таанууда, тарыхты үйрөнүүдө, жер-суу аттарын тактоодо, табиятты, жаратылышты таанып - билип, жаштардын руханий жан дүйнөсүн байытууда маданий, эстетикалык азык, булак экендигин эске алуу менен орто мектепте аларды окутууга өзгөчө маани берип, окуучулардын көркөм, образдуу ой жүгүртүүлөрүнө, улуттук улуу баалуулуктарды барктоо жана алар менен сыймыктанууга үйрөтүү зарыл.

3. Легендалык чыгарманы кыргыз адабиятын окутуунун кайсы этабында, канчанчы класска жана кайсы легендалык чыгарма канча саат өтүлүп жаткандыгына байланыштуу окутуунун технологиясын тандап алуу жана колдонууну натыйжалуу деп билебиз. Мисалы, «Бугу Эне» легендасы 5-класста өтүлөт. Аталган легенданы окутууда окуучулардын угуп түшүнүүсүнө, окуп түшүнүүсүнө көңүл буруп, ролдук оюндарды, диспут сабактарды өткөрүүнү алгылыктуу деп эсептейбиз.

Ар бир легендалык чыгарманын идеялык-тематикалык өзгөчөлүгүнө, көтөргөн проблемасына, эстетикалык барк-баасына ж.б. өзгөчөлүктөрүнө ылайык сынчыл ойлом, проблемалык окутуу, көркөм текстти интерпретациялоо, кластер түздүрүү сыяктуу интерактивдүү методдорду колдонуу алгылыктуу жана натыйжалуу экендигин педагогикалык эксперименттин, иш-аракеттердин жыйынтыктары тастыктады. Бул жерде изилдөөлөрүбүздү корутундулай келсек, төмөнкүдөй пикир жаралат. Тактап айтканда, грек легендалары, Сулайман тоосунун аталышы ж.б. уламыштардын келип чыгышын кандайдыр бир себептен предметтүү түрдө баяндалгандыгы үчүн легенда деп түшүнсөк, ал эми Ала-Тоо, кыргыз, Ысык-Көл деген аталыштардын чыгыш тегин жомоктук мотивдерге жакындатып, аларды уламыш деп атаганыбыз жөндүү сыяктанганы менен алардын бардыгы эл тарабынан чыгармачылык менен байытылып уламыш деген бирдиктүү бир бүтүн пикирдин жаралышын эске салбай койбойт.

Демек, мындан мурун да жана учурда да дамамат айтылып келе жаткан легендалык чыгармалар деген аталышты уламыш деген термин менен атоо аларды предметтик стандарттарда, концепцияларда, окуу программаларында жана илимий-методикалык эмгектерде уламыш деген терминди, уламыштын негизинде жазылган чыгармалар деген

аталыштарды бекемдөө керек экендиги практикабызда ачыкталды. Муну биз педагогикалык эксперименттерибизде далилдедик.

- **Изденүүчүнүн жекече салымы:** изилдөөнүн темасына байланыштуу илимий-теориялык, илимий-методикалык эмгектер, практикалык тажрыйбалар изденүүчү тарабынан өз алдынча окуп-үйрөнүлүп, жалпылаштырылып, алар боюнча тыянактар чыгарылды. Легендалык чыгармаларды окутуунун технологиялары тандалып, алар боюнча аткарылуучу иш-аракеттер жекече жүргүзүлдү. Иштелип чыккан технологияларды педагогикалык эксперименттик текшерүүлөрдөн өткөрүү, алынган натыйжалардын негизинде ишке оңдоолорду, толуктоолорду киргизүү жана SunRav информациялык системасында электрондук окуу материалдарынын негизинде электрондук китебин түзүү изденүүчү тарабынан жекече аткарылды.

**Илимий изилдөөнүн натыйжаларын тастыктоо (апробациялоо)**: Диссертациялык тема боюнча Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун курстарында семинарлар жүргүзүлгөн. Диссертациянын негизги мазмуну 25 илимий эмгекте анын ичинен 18 макалада (1 SKOPUS, 3 РИНЦ РФ, 3 РИНЦ КР) жарыяланган. Диссертациялык тема боюнча илимий-практикалык кеңешмелерге докладдар даярдалган, тема боюнча илимий, методикалык макалалар жазылган жана иш Кыргыз билим берүү академиясында талкууланган.

**Изилдөөнүн эксперименталдык базасы** Бишкек шаарындагы Профессор А.Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи, Токтогул районундагы Кара-Жыгач айылындагы Жүндүбаев атындагы орто мектеби, Москва районунун К.Сыйданов атындагы жалпы билим берүү мектеби, Ош шаарындагы №52 “Кыргыз-Түрк достугу”, “Жетиген” мектеп-лицейлери алынды.

Эксперимент үч этапта жүргүзүлдү.

1-этап (1999-2001-жылдар) – теориялык изилдөө этабы, изилдөөгө зарыл болгон маселенин абалын үйрөнүү эки багытта жүрдү, биринчиден, терминдердин айырмачылыктарын, окшоштуктарын тактоо, бирдиктүү пикирге келүү, экинчи багыты окутуу практикасында легендалык чыгармаларды кантип окутуу керектиги, методдору, формалары иликтенди жана аныкталды. Легендалык чыгармаларды кыргыз орто мектептеринде окутуунун методологиялык негиздери изилденди: легендалык чыгармаларды салттуу эмес жана интерактивдүү окутуунун теориядагы жана практикадагы абалы талданды.

2-этап (2002 – 2011-жылдар) – изденүүчү этап да 2 багытта жүрдү, биринчи багыты терминдердин айырмачылыктары, окшоштуктары такталып, бир термин сунуш кылынды, экинчи багыты окутуу практикасында уламыштын негизинде жазылган чыгармаларды кантип окутуу керектиги, методдору, формалары талданып, окуу материалдары үйрөнүлдү, аларга жараша сабактардын методикалык иштелмелери даярдалды, эксперимент жараяны жүргүзүлүп, биз сунуш кылган методика менен үйрөнүүнүн натыйжалуулугу сабактарда текшерилди.

3-этап (2012– 2019-жылдар) – текшерүүчү жана жыйынтыктоочу этабы, легендалык чыгармаларды окутуу боюнча жүргүзүлгөн эксперименттин натыйжалары алынып, алар илимий-методикалык жактан талданды, изилдөөлөрдөн жыйынтыктар чыгарылып, илимий-методикалык сунуштар толук даярдалды. Изилдөөнүн жыйынтыктары диссертация түрүндө жазылып, айрым жагдайлар текшерилип, иш аягына чыкты.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы:**

Илимий иштин негизги материалдары жана анын негизги жоболору илимий-практикалык конференцияларда, кафедранын жыйындарында баяндама катарында окулган. Диссертациянын негизги мазмуну 18 макалада жана 6 окуу-усулдук колдонмодо чагылдырылган. Ошондой эле автордун 20 жылдык илимий-педагогикалык тажрыйбасы жалпылаштырылган.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү:** Илимий иш киришүүдөн, үч главадан, ар бир главага жазылган корутундулардан, жалпы корутундудан сунуштардан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын жалпы көлөмү – 165 бет, таблица – 11 , схема – 5, сүрөт – 5.

**Киришүүдө** изилдөөгө алынган теманын актуалдуулугу, максаты, милдети, жаңылыгы, практикалык баалуулугу, коргоого коюлуучу негизги жоболор, изденүүчүнүн жеке салымы жана натыйжаларын тастыктоо тууралуу маалыматтар берилди.

**Биринчи глава** «Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун илимий-теориялык маселелери» деп аталып, анда легендалык чыгармаларды окутуунун методологиялык, педагогикалык-психологиялык жана методикалык негиздери, легендалык оозеки материалдардын табияты жана окутуп-талдоонун филологиялык багыты, педагогикалык көйгөйлөрү, дидактикалык принциптери жалпылаштырылды. Легендалык чыгармаларды окутуунун өзгөчөлүктөрү жана окуу программаларындагы, окуу китептериндеги ордуна, ролуна жалпы анализ жүргүзүлдү.

**Экинчи глава «Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуп - үйрөтүүнүн методологиясы жана методдору»** деген аталышта берилип, легендалык чыгармалардын өзгөчөлүктөрү талдоого алынып, аларды окутууда салттуу жана интерактивдүү методдорду оптималдуу пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрү аныкталды.

**Үчүнчү глава «Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун технологиясы»** деп аталуу менен, легендалык чыгармаларды интерактивдүү методдор менен окутуунун проблемалары жалпылаштырылды. Инновациялык технологияларды пайдалануунун артыкчылыктары белгиленди, окуучулардын тил байлыгын арттырууга, сынчыл ой жүгүртө билүүсүн өркүндөтүүгө, дүйнөнү кабылдоо

деңгээлин жогорулатууга, тапкычтык, байкагычтык сезим-туюмун ойготууга багытталган, билимдерди, билгичтиктерди  жана көндүмдөрдү уюштурууга багытталды. Педагогикалык тажрыйбанын жүрүшү жана натыйжалары тыянакталды.

**Жалпы корутундуларда** изилдөөнүн натыйжалуу жыйынтыктары чыгарылды. Изилдөөгө алынган көйгөйлөр боюнча сунуштар киргизилди. Диссертациялык эмгектин аягында пайдаланылган адабияттардын тизмеси, тиркемелер  көрсөтүлдү.

# I ГЛАВА. ОРТО МЕКТЕПТИН КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ КУРСУНДА ЛЕГЕНДАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫ ОКУТУУНУН ИЛИМИЙ-ТЕОРИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ

## 1.1. Легендалык чыгармалардын илимий-теориялык жактан изилдениши

Эзелтен тарыхка кабары дайын, башка элдерге салыштырганда кыргыз эли бөтөнчө фольклорго бай. Биринен байыркы мифтердин, легендалардын, жомоктордун ажайып дүйнөсү, укмуштуу жактары кезиксе, экинчисинен реалдуу турмуш чындыгы, түркүн окуялар, көрүнүштөр кезигет. Кайсы гана элдин оозеки чыгармачылыгындагы үлгүлөргө кайрылбайлы, анда кылымдардан урпактарга улам өтүп жаңырып келген уламыштарды жолуктурбай коё албайбыз. Легендалар фольклордук эстетикадагы өзгөчө жанрлардан. Анткени легендалар маданий баалуулуктардын өткөндөн учурга жетишин жана муундар ортосундагы байланышты камсыз кылган, адамзат курган маданий түзүлүштүн түшүнүктүү болушуна өз салымын кошкон адабий чыгармалардын бири болуп саналат. Ар бир легенда бул же тигил элдин жашоо шартына, улуттук өзгөчөлүгүнө ылайыктуу түзүлөт. Кээ бир легендалар өзүнүн көлөмү жагынан кичинекейлигине карабастан, ченемсиз мазмунду ээлейт, өзүнүн ченемсиз күчү менен адамды таң калтырат. Легендалар адамды акылдуулукка, баатырлыкка, эр жүрөктүүлүккө, эмгекчилдикке үндөйт. Ошондуктан фольклордун бул түрү кыргыз элинин жем азыгындай байкалат.

Деги эле, легенда деген эмне? Айрым учурда уламыш, болумуш деп айтылып келет. Азыркы мезгилге чейин кыргыз фольклористтеринде, легенда термини тууралуу бирдиктүү пикир жок. Уламыш деген маанини берген түркчөдөгү «эфсане» сөзү фарсчадан келген. Батыш тилдеринде бул маанини туюнтууда «1egendus» деген уңгудан келген «1egenа, 1egende, 1eggenda, 1eyenda» ж.б. сездөр колдонулат. «legenais» уңгусуна тиешеси жок немис тилиндеги «sage», грек тилиндеги «tythe/ту» жана орусчадагы «предание, легенда» деген терминдер да «уламыш» терминин туюнтат.

Кыргыздардагы «уламыш, легенда» деген түшүнүктү башка элдердеги аталышына көз жүгүртүп көрсөк:

| **Элдер** | **Легенда, уламыштардын башка элдерде аталышы** |
|---|---|
| Анатолия түрктөрүндө | «эфсане, менкы-бе, эсатир» |
| азербайжан элинде | «эфсане, миф, эсатир» |
| өзбектерде | «эфсане, ривайат» |
| кара калпактарда | «эпсане, легенда, аныз, аныз-энгиме» |
| казактарда | «аныз, аныз-энгиме, эпсане-хикает» |
| башкырларда | «риваят, легенда» |
| Крым татарларында | «эфсане» |
| алтайларда | «куучын, кеп-куучын, легенда куу-чын» |
| хакастарда | «кип, чоох, легенда, чоох-чаах» |
| тувалыктарда | «тоол-чургу чугаа, төөгу чугаа» |
| шорлордо | «пурунгу чоок, кеп-чоок, эрбек» |
| Казань татарларында | «ривайат, легенда, экиет, бейт» |
| карачайларда | «айтыв, таврух» |
| уйгурларда | «ривает, эпсе-не» |
| якуттарда | «кепсээн, сехен, кепсел, булыргы сехен» |
| долганларда | «чукчах» |
| тофаларда | «улегер» |
| чуваштарда | «халап, миф, легенда, йумах» » |

О.э. уламыш темасын Түркиядагы илимпоздор ар кыл эмгектеринде изилдешкен. Атап айтсак, Ферит Девеллиоглу “Османлыжа-Түркче Ансиклопедик Лугат” деген эмгегинде, уламышка: «1. Жүйөөсүз аңгеме, жомок, бош сөз, ыгы жок кеп; 2. Ооздон оозго айтылган белгилүү болгон окуя» деген аныктама берет. [141. 245]. «Түркчө Сөздүктө» эфсане тууралуу төмөнкүчө: «Эл ичинде жаралып, ооздон-оозго өткөн жана көбүн эсе фантастикалык сапатта болгон аңгеме»˙ Мустафа Нихат Өзөн «Эдебийат ве Тенкид Сөзлүгү (Адабият жана адабий сын сөздүгүндө)» уламышка тиешелүү маалыматтарды төмөнкүчө берет: «Белгилүү бир табийгат кубулушунун, белгилүү бир заттын, нерсенин пайда болушун, табийгат элементтериндеги кандайдыр бир өзгөрүүнү акылга сыйбай турган фантастикалуу түрдө түшүндүргөн аңгеме. Анын негизин түзгөн окуя- элдин кыялдануусунда өзгөрүүгө учурап, ооздон-оозго, муундан-муунга өтөт. Көбүнчө жомоктун синоними катары колдонулат». [142.231]. Шемседдин Сами «Камусы Турки (Түркчөнүн сөздүгү)» эмгегинде: «Жомок, жүйөөсүз аңгеме, жалпыга

маалым болуп, ооздон-оозго айтылган окуя же көрүнүш, дастан. Элдин назарында же айтып бергендин фантазиясында өзгөрүүгө учурап, фантастикалык өзгөчөлүктөр менен байытылып баяндалган аңгеме» деп берилет [142. 231.].

Пертев Наили Боратов «100 Соруда Түрк Халк Эдебияты (100 суроодо түрк элдик адабияты)» аттуу чыгармасында: «Уламыштын эң негизги өзгөчөлүгү, ага болгон ишенич болуп саналат. Уламышта айтылгандар чындыгында эле болгон деп кабыл алынат. ... уламыш - өзүнө таандык бир стилистикасы, калыптанган эрежелери, түрлөрү болбогон, жупуну оозеки тил менен айтылган баяндоонун бир түрү болуп саналат».

Билге Сейидоглу «Эрзурум Эфсанелери» аттуу эмгегинде: «Уламыштар тарыхый доорлордун ичинде көрөңгөлөнгөн. Темасы, бир окуя, тарыхый же диний инсан же бир жер боло алат. Тарыхый доорлор ичинде пайда болгондугу үчүн уламыштар мифтерден айырмаланып турат. Мифтердеги доор башталгыч доор болуп саналат. Мифтердин каармандары кудайлар же жарым кудайлар. Уламыштардагы каармандар фантастикалуу күчкө ээ, бирок кудай же жарым кудай эмес. Мифтер алгачкы коом жана маданияттардын чыгармалары болсо, уламыштар учурубузда да чыгарылышы мүмкүн жана тарых сахнасына чыга алат» деген пикирин сунуштайт. Ушул эле автор, «Эрзурумда Йер Адларыйла Илгили Эфсанелер» (Эрзурумдагы жер аттарына байланыштуу уламыштар)» деген чыгармасында, уламыштардын коомдук функцияларын төрт пунктта карайт: «1. Үрп-адаттарды коруйт. 2. Уламыштар коомго багыт берет, аларды жакшы болууга үгүттөп, эмнелерди кылыш керек жана эмнелерди кылбаш керек экендиги жөнүндө насаат берет. 3. Келип чыккан жерлердин маанисин туюндурат. 4. Коргоочу жана айыктыруучу функциялары бар».

Уламыш, легендалардын кандайча жаралышын Р.Росиере үч эрежеге байланыштырат:

1. Булактарга байланыштуу эреже: бирдей акылдык иш-аракетти аткарган жана бирдей системада болгон бардык кишилерде, фантазия бирдей өнүгөт. Ушундан улам окшош уламыштар жаралат.
2. Бир заттын же кубулуштун башкасынын ордуна өтүп кетүү эрежеси: бир каармандын элеси күчүн жоготкондо, ага арналып жаратылган уламыш ал каарманды таштап, андан атактуу башкасына өтүп кетет.

3. Ыңгайлана билүү эрежеси: чөйрөсүн алмаштырган ар бир уламыш, жаңы чөйрөнун социалдык жана этнографиялык шарттарына ынгайлашат».[143.225]. Бул маалыматтарга таянуу менен уламыш жанрына төмөнкүдөй мүнөздөмө берүүгө болот: “Уламыш - кара сөз түрүндөгү тематикасы бай, кыска жана нуска баяндоо жанры. Уламыштарда сөз кылынган объекттердин (тоо, аска-зоо, таш. көл, булак ж.б.) бар экендиги белгилүү болгондуктан, баяндалган окуялар айтып берүүчү тарабынан да, угуучулар тарабынан да чындык катары кабыл алынат. Уламыштардын негизги максаты, сырдуу же түшүнүксүз нерсени түшүндүрүү жана угуучуну жакшы жолго салуу болуп саналат. Дастанды ар ким эле айта албайт, уламышты болсо бардыгы айта алат». Демек, легенда сөзүнүн кыргызчасы уламыш. Түркиянын жана Батыш өлкөлөрдүн фольклористтери, уламышка аныктама берүү жагдайында жалпы жонунан бир пикирде экендигин айтууга болот. Орус илимпоздорунун уламыш жанрын эки топко (предание, легенда) бөлүшү болсо, көптөгөн маселе туудурган жана алардын аныктамаларынан улам илимпоздордун орток бир көз карашка ээ экендигин айтуу мүмкүн эмес. Мисалы, атактуу орус фольклористи К. В. Чистовдун *«...легенда угуучу тарабынан чындык катары кабыл алынат жана мазмунунда мурдакы, азыркы жана келечек баяндалат»* деп берген аныктамасы, башка орус илимпоздорунун бул темадагы көз караштарына туура келбейт. Андан тышкары К. В. Чистов легендага, мазмунунда фантастикалуу элементтердин орун алгандыгына карабастан,

угуучу тарабынан чындык катары кабыл алынган оозеки элдик чыгарма деген аныктама берсе, Круглов менен Аникин аталган жанрдын диний мазмунга ээ экендигин белгилешет. [40.348].

Кыргыз фольклористтеринен К. Байжигитов менен Б. Кебекова, уламышка аныктама берүүдө, орус илимпоздорунун пикирлерин колдоп, аларга кошулушат. Легенда жана преданиенин айкын бир аныктамалары болгондугуна карабастан, бул эки жанрды кээде бири-биринен ажыратуу өтө кыйын. Ушундан улам, башка кыргыз фольклористи Т.Танаев уламыш түшүнүгүнүн легенда жана уламыш деп экиге бөлүнүшү туура эмес деген пикирди ортого коёт. Анын оюу боюнча, бул терминдер, жалпысынан алганда, бири-бирине синоним болуп эсептелет. Легенда сөзү грек тилинен келген, уламыш болсо, анын кыргызча котормосу. Танаевдин оюу боюнча, уламыш: «өткөнду, учурду жана келечекти фантастикалуу турдө баяндаган бир жанр», Көрүнүктүү окумуштуу Калыбек Байжигитов кыргыз уламыштарын, башкача айтканда, «уламыштарды» да, «легендаларды» да «Кыргыз мифтери, уламыштары жана легендалары» [22.9] аттуу эмгегинде төмөндөгүдөй алты топко бөлүп изилдеген.

1. Тарыхый уламыштар жана легендалар;
2. Топонимикалык уламыштар жана легендалар;
3. Баатырдык уламыштар жана легендалар;
4. Жашоо, турмуш, коомдук окуяларга байланыштуу уламыштар жана легендалар;
5. Космогоникалык уламыштар жана легендалар;
6. Түшүндүрүүчү уламыштар жана легендалар;

2003-жылга чейин кыргыз уламыштары саны жагынан көп болгондугуна карабастан, булардын тексттери, башка жанрлардан бөлүнүп жарыяланган эмес. Бир топко чейин кыргыз уламыштары жомоктор менен кошо жарыяланып келген. Д.М. Брудный тарабынан 1997-жылы басылып чыккан «Киргизские народные сказки (Кыргыз эл жомоктору)» аттуу

жомоктор жыйнагынан уламыштарды жолуктурууга болот. Кыргыз оозеки чыгармачылыгында болгон же ойдон чыгарылган окуя, жер жана кишилер жөнүндө баяндалган жана көбүн эсе бир окуяга, кубулушка ж.б. түшүндүрмө берүүчү уламыштар орчундуу орунду ээлейт. Окурмандардын эң жакшы көргөн уламыштары тарыхый инсандардын, тоолордун, айбанаттардын жана алардын кээ бир өзгөчөлүктөрүн, көлдөрдүн, ыйык жерлердин, адамзаттын жашоосун жеңилдеткен ойлоп табуулар жана каражаттардын, музыкалык аспаптардын, маанилүү окуялардын ж.б. пайда болушун түшүндүргөн уламыштар болуп эсептелет.

Ал эми окумуштуу, педагог С.Рысбаев өз эмгектеринде уламыш деген сөздүн келип чыгышын мындайча чечмелейт: "...уламыш сөзү кайдан келди? Аны ула+мыш = уламыш деп мүчөлөй турган болсок, эл тарабынан кошмолонуп, улантылып айтылган окуя, же болбосо болумуш десек, бол+мыш= болумуш деп бөлүнүп, болуп өткөн окуя, ал тургай кылмыш десек да, кол менен кылган окуя дегенди түшүндүрүп отурбайбы. Андай болсо, мындагы мыш куранды мүчөсү сыяктанган бөлүк мүчө эмес эле, түпкү мааниси унутулуп мүчө сыяктанып калган өз алдынча маани берүүчү эле сөз десек жаңылыштык болбос". "Уламышты легенда жана уламыш деп экиге бөлүү туура эмес, синоним сөздөр" деген пикирди колдойт. [135.4]

Кыргыз фольклортаануу илиминде кенири тараган жанрлардын бири –легенда экенинде талаш жок. Элдин тарыхый жана маданий баалуулуктарын билүүгө жардам берген каражаттардын бири легендалар болуп эсептелет. Легенда тарыхтын өзү эмес, тарыхтын улуу жүрүшүндө жаралган табылга, белгилүү бир тарыхтын элеси уланып айтылып калган, тарыхтагы бир белги же заттарды таанууда көркөм иштелип чыккан адабият жанры эсептелет. Демек, илимпоздордун ичинен Т.Танаевдин: "Уламышты легенда жана уламыш деп экиге бөлүү туура эмес, синоним сөздөр" [158., 111] деген пикири жүйөлүү. Ал уламыш тууралуу аныктамасында "Өткөндүн, учурдун жана келечектин фантастикалуу жанры" деп

түшүндүрсө, К.Байжигитов: "Уламыштардын мазмундарынын тарыхый негизи бар. Бул касиетти жана негизги атрибутту сактаган уламыштар азыркы күнгө чейин муундан муунга өтүп айтылып келет. Айтуучу (баяндоочу) уламыштарга канчалык деңгээлде кыялдан чыгарылган окуяларды кошсо да, уламыштар угуучулар тарабынан чындык катары кабылданат" [22.9]. Ал эми Р.Кыдырбаева менен А.Муратовдордун пикиринде: "Уламыш –элдик адабиятта кеңири колдонулган баяндоо жанрынын бири. Мазмунунда тарыхый бир чындык тарыхтагыдай эле баяндалат жана турмуш чындыгында кездешкен окуялардан сөз кылынат. Уламыштарда тарыхый инсандар, окуялар, көрүнүштөр жана жер-суу аттарынын келип чыгышы тема катары алынат" [72.9].

Кантсе да, кыргыз деген атыбыздан тартып, жергебиздин ар бир кокту-колотунун оозеки тарыхын камтыган уламыштарыбыз –биздин рухий байлыгыбыз, аны билбегендер өз эл-жеринин тарыхын билбегенге тете десек болот.

Демек, мындан мурун да жана учурда да дамамат айтылып келе жаткан легендалык чыгармалар деген аталышты уламыш деген термин менен атоо аларды предметтик стандарттарда, концепцияларда, окуу программаларында жана илимий-методикалык эмгектерде уламыш деген терминди, уламыштын негизинде жазылган чыгармалар деген аталыштарды бекемдөө керек экендиги практикабызда ачыкталды. Муну биз, педагогикалык эксперименттерибизде далилдедик.

Кыргыз эли байыркы эл катары ондогон кылымдар башынан өткөн окуяларды, кыял-чабыттарды уламыш-жомок түрүндө жаратып келген. Энелер бала тарбиялоодо уламыш, жомок айтып берүү менен алардын дүйнө таанымын өстүрүп, улуттун тарыхын, каада-салтын сиңирген. Айрыкча азыркыдай ааламдашуу мезгилинде легендалык чыгармалардын ролу баа жеткис жана ар кайсы маалымат булактарынан алынып жаткан тескери тарбия берүүчү көрүнүштөрдөн сактап калууда мааниси чоң экендигин

белгилеп кетүү керек. Кайдагы зөөкүрчүлүккө, адепсиздикке тарбиялаган жеңил-желпи фильмдерден көрө уламыштардагы баатырлардын образы аркылуу тарбиялоо жаш муундун өз улуту менен сыймыктануусуна, тарыхын билүүсүнө боорукер жана ынтымактуу болууга чакырган учурлары көп экендигине басым жасоо маанилүү. Легенданын ушул баалуу жерлерин окуучуларга туура жеткирүү - ар бир мугалимдин милдети.

Ошондуктан биздин изденүүбүз кыргыз адабиятын окутуу методикасында легендалык чыгармаларды ортоңку класстарда окутууну илимий-методикалык өңүттө изилдеп чыгуу жана мектеп программасынан сырткары элдик уламыштарды окуп-үйрөнүп, тарыхыбызды, мурастарыбызды билдирүү максатын көздөйт.

Легендалык чыгарма деген эмне? Ал кандайча жаратылат жана ага кандай өзгөчөлүктөр мүнөздүү? Анын коомдук турмуштагы ролу, мааниси кандай? – деген суроолорго жооп табуу кажет. Бизди кызыктырган легендалык чыгармаларды да акын-жазуучулар өздөрүнүн сүрөткерлик дараметине ылайык кайра жаратып, кайрадан иштеп чыгышкан.

Легендалык чыгармалар ички кругозорду байытуу менен катар, окурмандын дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырат, чындыкты айырмалап таанууга, жашоонун ички маңызын тереңдетип түшүнүүсүнө жардам берет. Анын адамдарды, доордун мүнөзүн, коомдук өнүгүштүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн аңдап билүүдөгү салымы зор. Адабий чыгарма – айлана-чөйрөнү, дүйнөнү «көркөм өздөштүрүүнүн» каражаты, адам таануунун, эл таануунун булагы. Демек, көркөм адабияттын мектеп курсунда окуу предмети катары мааниси чоң.

Чыгарманы анын авторунан бөлүп кароого мүмкүн эмес. Калемгер өз чыгармаларын көбүнчө оптимисттик маанайда жаратат. Анын каармандары басымдуу учурларда адилетсиз жапа чегип, далай турмуштук сыноолордон өтүп, акырында оң кейипкер ийгиликке жетишет. Көркөм туундуда окуянын мындайча аякталышы – кадыресе көрүнүш. Сүрөткер чындап эле элдик

жазуучу болуп, карапайым эмгекчинин ой-максатын, мүдөөсүн көрсөткүсү келсе, жалпынын сынына коюлган чыгармасынын гуманисттик багытта болушун унутпоосу керек. Атүгүл, чыгарма оң каармандын жеңилиши, өлүмү менен бүткөн күндө да, моралдык жеңиш чындык, адилеттүүлүк тарабында болуусу шарт. Андайда кара ниеттик, таш боордук, арамзалык, зордук-зомбулук дагы да башка адам оозго алгыс пас көрүнүштөр автор тарабынан жектелип, оң каармандын трагедиясы анын өз трагедиясына айланат. Жазуучу болочок чыгармасына материал катары сөзсүз эле өзүнүн башынан өткөргөн окуяны албаса да, анда автордун жеке инсандык ой-санаасы, дүйнөгө, жашоого болгон көз карашы орун алат. Андыктан калемгердин адамдык турпатына, өмүрүнүн урунттуу учурларына саресеп салуу менен, жазган чыгармаларын, анын ичинде бизди кызыктыргандарын дагы тереңдетип өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүн алабыз.

Ар бир калемгердин сүрөткерлик дараметине, мүнөзүнө, аң-сезиминдеги жекече психологиялык бөтөнчөлүктөрүнө, билим деңгээлине жараша өзүнө гана таандык жазуу стили болот. Алсак, дүйнө жүзүнө теңдешсиз гений, феномен катары таанылган, башкалардан айырмаланган логикалуу стиль менен жазган айрым авторлордун чыгармаларын мен деген жогорку интеллектуалдуу инсандар да араң түшүнүп, кабылдай алышат. Ал эми түз логикалуу стилде жазган таанымал калемгерлерден Лев Толстойду, Иван Тургеневди, Оноре де Бальзакты, же Мухтар Ауэзовду, же андан да берки өзүбүздүн Чыңгыз Айтматовду эле алалы, булардын жазганын жөнөкөй окурманга чейинки адамдардын негизги бөлүгү кыйналбай эле өздөштүрө алышат. Арийне, нукура таланттуу чыгарма баарына түшүнүктүү, жөнөкөй жазылышы керек. Татаалды жөнөкөй кылып бере билүү – чоң сүрөткерлик чеберчиликтин, чыныгы шык-жөндөмдүн башкы критерийи. Андан да адабий чыгарма жалпы элге багышталып жазылат эмеспи. Адабият программасындагы ар бир жазуучуга, класста өтүлчү ар бир чыгармасына өз-өзүнчө, жекече мамиле керек. Себеби, адабият сабагы көркөм чыгарманын мыйзамдары менен алып барылышы керек.

Мугалим эртеңки сабагына даярданып жатып, көп нерселер тuурасында ойлойт. Эгер ал чындап бүгүнкү күндүн талабына ылайык иш алып баргысы келсе, сабакты мыкты адабиятчы катары өтүүсү милдет. Мугалим-адабиятчыдан өтүлчү чыгарманын майда деталдарына чейин терең түшүнүп, бул чыгарманы жазуудагы автордун айтайын деген оюн чечмелеп, ал гана эмес калемгердин өзү да байкабаган жактарын көрө билип, окуучулардын алдында жогорку чеберчиликте, чоң эргүү менен, эмоционалдуу талдап берүүсү талап кылынат. Сөздүн ток этер жерин айтсак, «адабиятчылык жөндөмдөн куру калган адабият мугалимине бүгүнкүнүн, демек, эртеңкинин мектебинде да орун жок» [65., 39-б.]. Ыр жана кара сөз түрүндөгү легендалык чыгармалар автору белгисиз, ал элдин менчигине айланган. Ошондо да ал чыгармалардын адабий варианттарын жараткан авторлор да бар, алардын чыгармаларынын ички маңызында элдик жөө жомокторго, легендаларга болгон зор сүйүүсү, улуу таазими жатат. Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек», А.Осмоновдун «Толубай сынчы», Ж.Садыковдун «Эненин жүрөгү» поэмалары, Ч.Айтматовдун «Бугу эне» легендасы, «Ак кеме» повести, Ш.Садыбакасовдун «Ак боз ат» драмалары да аттары аталган калемгерлердин элибиздин фольклордук чыгармаларына болгон теңдешсиз сый-урмат сезимдеринин күбөсү катары. Демек, жогоркудай легендалык чыгармаларды жазып, көпчүлүктүн сынына коюуда авторлор болгон сүрөткерлик дараметин жумшап иштегендери талашсыз. Андыктан жеке эле адабий жомокторду эмес, ар бир көркөм чыгарманы окутуу ишин абайлап, жоопкерчиликтүү алып баруу керек.

Демек, бүгүнкү күндө жаш муунду ыймандык, адеп-ахлактык жактан тарбиялоодо элдик педагогикага жана анын булактарына өзгөчө көңүл буруу маанилүүбү? – деген суроо жаралат.

Кыргыз элинин залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматов: «Адамзаттын агып турган тиричилиги ар дайым болочокко багытталганы менен, өткөн тарыхы, тажрыйбасы анын түпкү күлазыгы, таянган тоосу, келечек урпактарга энчилеген мурасы болуп келет. Мунсуз коомдук жана

маданий турмуштун уланышы мүмкүн эмес»,- деп таамай белгилейт. [5] Ошондуктан мектеп программасына кирген фольклорду, легендалык чыгармаларды анын ичинде Ч. Айтматовдун мифчыгармачылыгына да токтолуп, булар нравалык, дүйнө таануучулук жактан соолбос булак, багыт боло аларын терең түшүнүү зарыл. Чыңгыз Айтматов өз чыгармаларында этникалык маданиятты, этнографиялык салттарды, этнопедагогиканы көтөрүп чыгуу менен дүйнө коомчулугунун бүйүрүн кызытты. Ч. Айтматов “Ак кеме” чыгармасы менен учурдун эң актуалдуу маселелерине кайрылып, новатор жазуучу экендигин дагы бир жолу айгинеледи. Биздин изилдөө темабыз легендалык чыгармалар же болбосо уламыштын негизинде жазылган чыгармалар болуп жаткандыктан, адабий жомокторго кайрылганыбыз жок. Бул жерден дагы адабий жомок менен легендалык чыгарманын кандай айырмасы бар?- деген суроо жаралышы мүмкүн. Албетте, бул үчүн легенда менен уламыштын окшоштук жана айырмачылыктарына токтолууга туура келет. Уламыш жомок байланышы жөнүндө Айгүл Дыйканбаеванын «Кыргыз **уламыштары» эмгегине таянуу менен төмөнкүдөй айырмаласак болот.** [40].

Демек, ар бир легендалык чыгармаларды окуткан кезде, окуучу аларды даяр түрүндө эле кабыл алып өздөштүрбөстөн, дайыма баалап, өз түшүндүрмөсүн берүүгө жана тандоого, бир элементтерди кабыл алып, ошол эле учурда, башкаларын четке кагып, өзүнүн учурдагы жана келечектеги, ошондой эле мурункусун да тандоого жетишкендей болушу шарт.

**айырмачылык окшоштугу айырмачылыгы**



Легендалар дээрлик фольклордук чыгармаларда, чоң чыгармалардын ичинде да кеңири колдонулуп, акын-жазуучулар талантына, жөндөмүнө жараша жаңы вариантка өткөрүшү легендаларга жаңы боёк, түс берип жаткандыгын изилдөөбүздүн обьектиси болгон легендалардын сюжеттеринин негизинде жазылган чыгармалардан байкоого болот. Атап айтсак, А.Осмоновдун «Толубай сынчы», Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек», Ж.Садыковдун «Энелердин жүрөгү», Ч.Айтматовдун «Ак кеме» повести, «Кылым карытар бир күн» романдарында, Ш.Садыбакасовдун “Ак боз ат” драмаларында легенданын ажырагыстай бириктирилиши, өзөгүн түзүшү менен өзгөчөлөнүп турат. А.Осмоновдун «Толубай сынчы», Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек», Ж.Садыковдун «Энелердин жүрөгү» чыгармалары жалпы жонунан адабий жомок деп аталганы менен чыгарманын өзөгүн жомок эмес, легенда түзгөндүктөн легендалык чыгарма же уламыштын негизинде жазылган чыгармалар деп карайбыз.

Окуучунун легендалык чыгармалардын табиятын, өзгөчөлүктөрүн түшүнүүсүнө жетишүү үчүн, аларды социомаданий процесс катары кароо абзел. Алар кандайча келип чыгарын жана өнүгөрүн мугалим окуучуга жетик түшүндүрүшү зарыл.

Легендалык чыгармалардын негизги кызматтарынын бири окуучуну инсан катары калыптандыруучу, анын таанып билүү ишмердүүлүгүн, руханий баалуулуктары тууралуу түшүнүгүнүн жана жөндөмдүүлүгүнүн кеңейишине түрткү берет. Азыркы күндө легендалык чыгарма глобалдаштыруу жана батыш маданиятынын терс жактарынын таралышынан келип чыккан гумандуулукка каршы мүнөздөгү процесстерге карата, өз алдынча социомаданий “чыпканын” ролун аткаруучу көрүнүш. Ошондуктан гуманисттик кызматы окуучунун рухий дүйнөсүн өнүктүрүүчү, жашоого


карата көз карашын калыптандыруучу ролду аткарат.“Ала-Тоо уламыштары” аттуу эмгегибизде, [135] кыргыз уламыштарын топтоп төмөндөгүдөй классификацияладык.


**1.1.-таблица. – Легендалардын классификациясы**

| № | **Легендалардын классификациясы** |
|---|---|
| 1 | «Кыргыз» деген аттын чыгышы жөнүндө уламыштар |
| 2 | Кыргыздын белгилүү инсандары тууралуу уламыштар |
| 3 | Кыргыздын акылман чечендери, сынчылары, куудулдары тууралуу уламыштар |
| 4 | Жайчы, жылан тилин адамдар жөнүндө уламыштар |
| 5 | Кереметтүү, сыйкырдуу уламыштар |
| 6 | Комуз жана комуз күүлөрүнүн жаралышы жөнүндө |
| 7 | Улуттук оюндардын чыгышы жөнүндө уламыштар |
| 8 | Уруулардын аталып, айтылып калышы жөнүндө уламыштар |
| 9 | Умай эне, энелер тууралуу уламыштар |
| 10 | Түрдүү заттардын, нерселердин аталып калышы жөнүндө уламыштар |
| 11 | Жан-жаныбарлардын аталышы, айтылып калышы жөнүндөгү уламыштар |
| 12 | Турмуштук уламыштар |
| 13 | Табияттан тышкары сыйкырдуу күчтөр жөнүндөгү уламыш кептер |
| 14 | Астрологиялык түшүнүктөр жөнүндө уламыштар |
| 15 | Жер-суу аттары жөнүндөгү уламыштар |
| 16 | Шаарлардын аталышы тууралуу |
| 17 | Кереметтүү, сыйкырдуу ыйык жайлар тууралуу уламыштар |
| 18 | Жаратылыш жана адам |

Легенда уламыш бир эле түшүнүк экендигин, учурда да дамамат айтылып келе жаткан легендалык чыгармалар деген аталышты уламыштын негизинде жазылган чыгармалар деген термин менен атоо, аларды предметтик стандарттарда, концепцияларда, окуу программаларында жана илимий-методикалык эмгектерде бекемдөө керек экендиги практикабызда көрүндү.

Уламыштардын келип чыгышын төмөнкү сүрөттө көрсөтүлгөндөй, үчкө бөлүп карасак болот. Мектеп программасында сунуш кылынган чыгармалардын жанры, формасы башка болгону менен алардын негизин уламыш түзгөндүктөн, жалпы жонунан уламыштын негизинде жазылган чыгармалар деп аталат. Айрым уламыштар миф, жомок деп айтыла бергендиктен, аларды тактап, төмөнкүдөй бердик (1-сүрөт).




Легендалык чыгармаларды адабияттын башка жанрларынан айырмалап, анын табиятын туура түшүнүп окуганда гана натыйжалуу болорун мектеп практикасы, кыргыз адабиятын окутуунун методикасы, алдыңкы педагогдордун иш тажрыйбалары тастыктап көрсөттү.

А.Осмоновдун «Толубай сынчы», Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек», Ж.Садыковдун «Энелердин жүрөгү», Ч.Айтматовдун «Ак кеме» повести, «Кылым карытар бир күн» романы, Ш.Садыбакасовдун “Ак боз ат” драмаларынын өзгөчөлүгү - алардын мазмунунда уламыштын ажырагыстай бириктирилиши, өзөгүн түзүшү. Бул чыгармалар аркылуу берилген таалим-тарбия жана андагы жалпы адамзаттык баалуулуктар жаш муундардын жан дүйнөсүн адамгерчиликке, гумандуулукка, жакшылыкка, боорукердикке, сабырдуулукка, аруулукка, үндөй алат десек жаңылышпайбыз.

Учурда кыргыз мектептеринин 5-6, 9-класстарында легендалык чыгармаларды окуп үйрөнүүгө мектеп программасында жалпы 16 саат берилген.

1.2.-таблица.- Легендалык чыгармалардын 2017-жылдагы кыргыз мектептеринин кыргыз адабияты программасында берилиши

| **Классы** | **легендалык чыгармалар** | **сааты** |
|---|---|---|
| V | Ч.Айтматов “Бугу эне ” (“Ак кеме” повестинен үзүндү) | 2 |
| V | Ж.Садыков “Эненин жүрөгү” | 1 |
| V | “Карагул ботом” (элдик чыгарма) | 1 |
| VI | А.Осмонов “Толубай сынчы” | 3 |
| VI | Ж.Бөкөнбаев. “Чептен эрдин күчү бек” | 2 |
| IX | Ч.Айтматов. “Ак кеме” повести | 4 |
| IX | Ш.Садыбакасов “Ак боз ат” драмасы. | 3 |
| | Жалпы | 16 |

Диссертацияда 1950-жылдан баштап уламыштын негизинде жазылган чыгармалардын мектеп программасына кире баштагандыгы, окуу программаларындагы, окуу китептериндеги берилишине эволюциялык планда анализ берилип, дидактикалык-мазмундук баалуулуктары, методикалык эмгектерде изилдениши талдоого алынды.

Азыркы колдонуп жүргөн окуу программасы стандарт талап кылган милдетти кандайдыр бир деңгээлде аткара аларын белгилөө менен, программадагы легендалык чыгармаларды ортоңку класстарда окутуу ишинде чечиле элек маселелер жетиштүү экендигин белгилөөгө болот. Бул чоң милдет-максаттын жүзөгө ийгиликтүү ашырылышы легендалык чыгармалар окутула турган V–VI класстын окуучуларынын курактык-психологиялык өзгөчөлүктөрүн, алардын эстетикалык табиятын, өтүлчү материалды өздөштүрүү мүмкүнчүлүктөрүн, дегеле педагогика, психология, методика, адабият таануу илимдеринин акыркы жетишкендиктерин көңүлгө алып иш жүргүзгөндө гана мүмкүн болору белгиленди.

А.Осмоновдун «Толубай сынчы», Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек», Ж.Садыковдун «Энелердин жүрөгү», Ч.Айтматовдун «Ак кеме»

повести, «Кылым карытар бир күн» романдарында, Ш.Садыбакасовдун “Ак боз ат” драмаларында легенданын ажырагыстай бириктирилиши, өзөгүн түзүшү менен өзгөчөлөнүп турат. А.Осмоновдун «Толубай сынчы», Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек», Ж.Садыковдун «Энелердин жүрөгү» чыгармалары жалпы жонунан адабий жомок деп аталганы менен чыгарманын өзөгүн жомок эмес, легенда түзгөндүктөн легендалык чыгарма же уламыштын негизинде жазылган чыгармалар деп карайбыз.

Легендалык чыгармаларды окутуу боюнча компетенттүү усулдук жардам катары К.Иманалиевдин «Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы» китебиндеги тиешелүү бөлүмдөр, Б.Алымовдун «Кыргыз совет адабиятын окутуу методикасы» эмгегиндеги материалдар, К.Артыкбаев менен Б.Исаковдун «5-класста «Биздин адабиятты» окутуунун методикалык колдонмосу» китебиндеги сунуш-багыттамалар, Т.Молдогазиев иштеген «Элдик оозеки чыгармаларды V-VI класста окутуу» китебиндеги тиешелүү бөлүмдөр, С.Рысбаевдин «Баланы көркөм сөз менен тарбиялоо» эмгегиндеги, И.Исамидиновдун адабият теориясын окутууга арналган эмгегиндеги «Бугу Эне» адабий жомогуна байланыштуу материалдар, Ж.Эшиевдин «Мектептерде поэмаларды окутуунун илимий-методикалык негиздери» монографиясындагы «V-VII класста уламыштардын негизинде жазылган поэмаларды окутуунун илимий-методикалык негиздери» бөлүмү, Н.Мараимованын «Республиканын мектептеринин V-VI класстарында адабий жомокторду окутуунун методикасы», А.Муратовдун «Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы», «Адабият-ыйман сабагы» И.Исамидиновдун адабият теориясын окутууга арналган эмгегинин тийиштүү бөлүмчөсүн атоого болот [60.46]. Ошондой эле бул боюнча Б.Исаковдун, О.Шаимкуловдун жана Ж.Эшиевдин эмгектери да жарык көргөн [59.,170.,173.].

Уламыштардын негизинде жазылган чыгармаларды окутуунун натыйжалуу болушу үчүн V–VI класстын окуучуларынын курактык-психологиялык өзгөчөлүктөрүн, алардын эстетикалык табиятын, өтүлчү

материалды өздөштүрүү мүмкүнчүлүктөрүн, дегеле педагогика, психология, методика, адабият таануу илимдеринин акыркы жетишкендиктерин көңүлгө алып иш жүргүзүү талапка ылайык.

Натыйжалуулук, мыкты сабак десе эле, мугалимдердин көпчүлүгү көрсөтмөлүүлүккө, техникалык каражаттарды колдонуу мүмкүнчүлүктөрүнө ыктай калышат. Сабактын натыйжалуулугун арттырууда көмөкчү каражаттардын салымы чоң экендиги талашсыз. Ошентсе да мында башкы фигура – бул мугалимдин өзү. Эч кандай каражаттарсыз сабакты мыкты өткөн мугалимдер көп эле жолугат. Белгилүү окумуштуу-педагог Ю.П.Азаровдун: «Мен азыркы учурдун жабдууларынын болушун, компьютерлештирүүнү, техникалаштырууну, эң бир азыркы учурга ылайык материалдык камсыздоону колдойм. Бирок баарын бул чечпейт. Мугалим-устаттын болушу зарыл» [4., 239], – деп жазганы бекеринен эместир. Мугалим, айрыкча адабият мугалими дайым, тынымсыз изденүүнүн үстүндө болушу ылайык. Чакан теманы өтүш үчүн ал бир канчалаган көп материалдарды карап чыгат. Анан ал материалдарды ылгап, системалаштырып, окуучулардын алдына алып чыгуу милдети турат. Ушунда мугалимдин сөзү негизги ролду ойнойт. Демек, эң башкы көрсөтмөлүүлүк – бул устаттын өз сөзү. Биздин бул оюбуз окумуштуу-методист М.А.Рыбникованын айтканы менен дал келет: «Адатта окутуудагы «көрсөтмөлүүлүк» туурасында айтышат. Бирок, биздин иште эң башкысы – көз эмес, кулак, анткени жазуучу сөз аркылуу таасир этет. Биздин биринчи «көрсөтмөлүүлүгүбүз» – бул көркөм сөз» [131.32]. Демек, мугалим азыркы учурдун талабына ылайык, компетенттүү окуучуларды тарбиялаш үчүн компетенттүү мугалим керек экендигин эстен чыгарбоосу керек. Адабият мугалими катары куюлуштуруп сүйлөй билүүсү, мыкты оратор болуусу милдет.

## 1.2. Легендалык чыгармалардын окуу программаларындагы, окуу китептериндеги берилиши жана методикалык эмгектерде иштелиши

Мектепте легендалык чыгармаларды окутуунун тарыхын жалпы эле адабият сабагын мектепте окутуунун тарыхынан ажыратып кароого болбойт. Кыргыз адабиятын окутуу ишинин өзүнчө илим катары пайда болушу, калыптанышы орус адабиятын окутуунун маанилүү бурулуштарына, окутуу баскычтарына тыгыз байланыштуу. Октябрь революциясынын алгачкы жылдарында ар бир улуттун адабияттарын окутуу боюнча программа кабыл алынганына карабастан, (1921-жылы П.Н.Сакулин тарабынан түзүлгөн «Бирдиктүү жети жылдык эмгек мектебинин программалары», 1923-1924-жылдары мамлекеттик окумуштуулар Советинин (ГУС) программалар) ошол кездеги союздук элдерде окутуу кабыл алынган багытта ишке ашпай келгендигин методист К.Иманалиев «Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун методикасынын негизги маселелери» аттуу эмгегинде белгилеп өткөн. [55.41]. Түзүлгөн окуу программасына ылайык, жалпы совет эли үчүн окутуунун бирдей методологиясы түзүлүп, бирдей чыгармаларды окутуу талабы коюлган. Кабыл алынган программадан соң мектептерде «адабияттык окуу» деген термин кабыл алынганын окумуштуу Н.Ишекеев «Кыргыз адабиятын окутуунун тарыхы» аттуу эмгегинде белгилейт. Ушул эле эмгегинде окумуштуу «... окуучулардын билиминин сапатынын жакшырта алган эмес, сабаттуулукка да начар үйрөткөндүгү шексиз. Ошого карабастан, окуучуларды саясий тарбиялоодо, коомдук пайдалуу эмгекке үйрөтүүдө, өспүрүмдөрдүн активдүүлүгүн арттырууда, өз алдынчалыгын калыптандырууда артыкчылыктарга ээ болгондугу талашсыз» [63.24], – деген оюн айткан.

1932-жылы 12-сентябрында ВКП (б) БКнын «Башталгыч жана орто мектептеги программа жана тартип жөнүндөгү» токтомунун Эл агартуу системасынын практикасында ишке ашышы туурасында маселени Кыргыз

обкому карап, тийиштүү чечим кабыл алган. Ошентип, традициялуу, бирок ар дайым жаңы окутуунун сабак формасы калыбына келтирилип, ага ылайык окуу программалары түзүлө баштаган. Буга чейин кыргыз адабияты окуу предмети катары укукка ээ болбой келген. Ошол чыгарылган чечимдин негизинде, кыргыз адабиятынын көп кырдуу проблемалары, өз алдынча окуу предмети катары объективдүү түрдө күн тартибине коюла баштаган. Ушундан кийин гана билим берүү системасында кыргыз адабияты боюнча биринчи окуу программасы түзүлгөн. Алгачкы окуу программасында кириш сөз, окуу планынан тышкары кыргыз тил, адабият, география, математика, жаратылыш таануу, политехникалык эмгек, коом таануу, дене тарбия, музыка, сүрөт предметтеринен берилүүчү билимдин мазмунун, формасын кыскача баяндоо аркылуу түзүлгөн.

Аталган окуу программасында адабий материалдардын тарыхый-логикалык уюштурулушунун катар ырааты туура сакталбай калган учурлары кездешет. Мисалы, орус совет жазуучуларынын чыгармалары окуу программасынын башына берилип, аяк жагына кыргыз фольклору киргизилип калган. Мындан тышкары, окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө, билим деңгээлине ылайык келбеген туюнтмалар, терминдерге да орун берилген. Ушул жерден алгачкы, саамалык окуу программалары, окуу куралдары тууралуу Н.К.Крупскаянын:«Биздин окуу программаларыбыздын, окуу китептерибиздин беттериндеги жаңы түшүнүктөр, терминдер жыш, алар түк уюшулбаган калкты эске салат… Кээ бир терминдерди акырындык менен балдардын сөз байлыгын көбөйүшүнө жараша берүү керек, дароо эле терминдерди күргүштөтүп коюунун зарылдыгы жок, терминдердин үйүрүн балдар эмес, чоң кишилер да дароо сиңирип кете албайт» [91. 26] – деген таамай айтылган пикирине

Кыргызстандын өз алдынча республикага айланышы менен башталгыч билим берүүнү жети жылдык мектептерге, кийинчерээк аны орто мектептерге айландыруу процесси жүрдү. Албетте, агартуу жаатындагы бул

олуттуу иштер буйрукчул, акимчил ыкмалар аркылуу жүзөгө ашырылса да, өзүнүн тийиштүү түшүмдөрүн берген. 1939-жылы V-VI класстардын окуу программасы айрым толукталып, түзөтүлүп, кыргыздын элдик оозеки чыгармаларга кеңири орун берилгени кубаттоого болот.

1941-жылы адабияттык окуу программасынын жаңы варианты иштелип чыккан. Салт болуп калгандай эле, программанын киришүү бөлүмүндө адабияттык окуу курсунун милдети, б.а., окуучуларга көркөм чыгармаларды окутуу, образды ачык-айкын ажыратуу, идеялык мазмунун түшүндүрүү, теориялык билимдердин элементтерин өздөштүрүү жана маданияттуу сүйлөөгө көнүктүрүү, тарбия ишиндеги ролу жөнүндөгү жоболору ишенимдүү берилген.

1948-жылы адабияттык окуу үчүн түзүлгөн программанын жаңы варианты жарык көргөн [90.23-36]. Анын «Түшүнүк катында» адабияттык окуунун билим берүүчү милдеттери төмөнкүчө түшүндүрүлгөн:

- окуучуларды фольклордун жана көркөм адабияттын мыкты үлгүлөрү менен тааныштыруу;
- өспүрүмдөргө көркөм-эстетикалык чыгармалардын мазмунун, идеялык багытын, поэтикалык-лексикалык бөтөнчөлүктөрүн түшүндүрүү;
- адабият илиминин элементтери менен тааныштыруу;
- оозеки жана жазуу маданиятын өнүктүрүү.

Ошондой эле көркөм образдар аркылуу окуучуларды эмгекке ак дилден мамиле кылууга, достук, жолдоштук, ынтымактуулук сезимдерин өстүрүүгө, Мекенин, эне тилин сүйүүгө, кыргыз элинин эбегейсиз бай оозеки мурастарын жана реалисттик адабиятты урматтоого тарбиялоо жактары да учкай айтылып өткөн.

Бул программа үч бөлүктөн турат. Биринчиси, окуучулар милдеттүү түрдө жана үйдө өз алдынча окуй турган чыгармалардын тизмеси, экинчиси, өспүрүмдөрдүн сөздөрүн өстүрүү, үчүнчүсү, адабияттын теориясынан берилүүчү маалыматтардын көлөмү такталган деп эсептөөгө болот.

V класс үчүн 65 саат бөлүнгөн, бул убакыттын 40 академиялык бирдиги милдеттүү түрдө үйрөтүлүүчү көркөм чыгармаларга, 17 сааты жазуу жумуштарына, 8 сааты кайталоо сааттарына берилген. Класста окулуучу чыгармалардын жанрдык-стилдик табияты, көркөм-эстетикалык сапаты ар кыл, алсак, сааттардын 20 пайызы эпосторго, 7,5 пайызы эл акындарына, 25,5 пайызы кыргыз совет адабиятына, 25 пайызы орус адабиятына таандык. Ал эми адабият теориясына да 20 пайыз бөлүнгөн. Оозеки чыгармачылыкка, жөө жомокторго, макалдарга, табышмактарга, туруктуу эпитеттерге, метафораларга кадимкидей сааттардын бөлүнгөндүгү алгылыктуу көрүнүштүн күбөсү. Аталган окуу программасынын 75 пайызы улуттук адабиятка арналгандыгы колдоого арзыйт.

Ал эми VI класстарда жогорудагыдай эле саат бөлүнүп, алардын 34 сааты чыгармаларды көркөм окууга, талдоого, өздөштүрүүгө, 20 академиялык сааты жазуу жумуштарына жана бышыктоого арналган. Бул класста фольклордук мурастардан, эл акындарынан жана орус көркөм сөз чеберлеринин чыгармаларынан берилүү менен, негизги басым улуттук адабиятка хрестоматиядан көбүрөөк орун ыйгарылган.

1948-жылы адабияттык окуунун программасы жарык көргөн [90.17]. Программанын түшүнүк катында адабиятты окутуунун милдеттери ачык көрсөтүлгөн. Башталгыч мектептердеги билим берүү - тарбиялоо иши V-VII класстардагы адабияттык окууда кеңейтилип, тереңдетилип, ошону менен бирге окуучуларды жогорку класстарда өтүлүүчү адабий курсту өздөштүрүүгө даярдайт. Программа үч бөлүктөн турат. Программада адабияттык окуу үчүн фольклордогу, ошондой эле, улуттук адабияттагы жанрдык-стилдик табияты ар түрдүү, көркөм-эстетикалык сапат-касиети мыкты чыгармаларды киргизүүгө жакшы аракеттер жасалган.

V класска жалпысынан 85 саат бөлүнүп, ар бир көркөм чыгарманын наркына жараша тийиштүү сааттар бөлүнгөн. Мисалы, элдик оозеки чыгармачылыкка 15 саат, акындар поэзиясына 7 саат, реалисттик кыргыз

адабиятына 34 саат, орус адабиятына 14 саат берилген. Бул класста аталган көркөм чыгармаларды окууда сөз өстүрүү жумуштары да бар, алсак:

- эски менен жаңы турмушка, согушка байланыштуу сөздөрдү өздөштүрүү;
- макал-ылакаптарды, табышмактарды, эпиграфтарды үйрөнүү, тажрыйбада колдонуу;
- айрым көркөм чыгармаларды жаттоо;
- прозалык материалдардын үзүндүлөрүн көркөм окуу;
- коюлган суроолорго мисал келтирип оозеки жана жазуу түрүндө кыскача жооп берүү;
- аңгеменин түйүндүү бөлүмдөрүнө жөнөкөй план түзүү;
- кереге гезитке кабар жазуу;
- сүрөт боюнча дил баян жазуу;
- белгилүү сюжет аркылуу аңгеме өткөрүү.

1949-жылы жарык көргөн окуу программасында анча деле өзгөрүүлөр байкалбайт [90.27].

Легендалык чыгармалар адабият программасына алгач 1950-жылы киргизилип, 1952–53-окуу жылынан баштап туруктуу окутулуп келе жатат. Мындай тематикадагы чыгармалар негизи кенже өспүрүмдүк курактагы балдар үчүн жазылгандыктан, 1950-жылдагы программада Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек» поэмасы V класска [88. 40] кирген. Программанын 1952-жылкы чыгарылышы 50-жылдагыдан айырмаланып, мында ар бир өтүлчү чыгарма үчүн сунуш-багыттамалар – аннотациялар иштелип чыккан. «Чептен эрдин күчү бекти» V класста үйрөнүү үчүн 3 саат убакыт бөлүнүп, аннотациянын төмөндөгүдөй үлгүсү сунушталган:

«Чыгарманын идеялык мазмуну: элдин кайраты бардык тоскоолдуктардан күчтүү. Кыргыздын эски легендасынын ырдын сюжети катарында пайдаланылышы» [87.53].

V–VII класстарда алгач бир гана легендалык чыгарма окутулса, 1955–56-окуу жылынан баштап программага А.Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасы

киргизилет. Ал үчүн программада төмөндөгүдөй сунуш-багыттамалар иштелген:

«Жомоктун мазмуну жана катышуучулары, алардын мүнөздөлүшү. Хандын адилетсиздиги жана ырайымсыздыгы. Жомокто билгичтикти жана адилеттикти урматтоо. Адилетсиздикке каршы элдин күрөшү. Адилеттүүлүктүн жеңип чыгышы» [86., 35-б.]. Аннотациясында авторлор тарабынан калпыстык кеткени байкалат, чыгармада адилетсиздикке каршы элдин күрөшү, билгичтик, адилеттиктин урматталышы берилбейт. Ал эми Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек» поэмасын окутуу үчүн берилген сунуш багыттама 1952-жылдагыдай эле көрсөтүлгөн. [86.36].

1959-жылы программа V класс үчүн долбоор катары кайрадан иштелип чыгып, жалпы талкууга коюлат. Бул долбоордо А.Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасына 4 саат (мурдагы программада 3 саат), үзүндү түрүндө өздөштүрүү үчүн пландаштырылган [87.10]. Мурда азыраак саат бөлүнгөнүндө толук окулса, («Толубай сынчы» поэмасы), эми өздөштүрүү убактысы көбөйгөндө үзүндү түрүндө өтүү талап кылынып калган. Адабият программасы 1962–63- окуу жылына карата туруктуу пайдаланууга берилип, анда А.Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасын V класста окутуу үчүн 3 саат бөлүнгөн [87.43]. Бул окуу-нормативдик документте поэманы окуп-өздөштүрүү үчүн төмөндөгүдөй сунуш-багыттар иштелип чыккан: «Жомоктун мазмуну жана каармандары. Жомокто залимдиктин, адилетсиздиктин жектелиши, жазыксыздыктын, чындыктын даңазаланышы» [87.43]. Мындагы «жазыксыздыктын, чындыктын даңазаланышы» эмес, «чындыктын, өнөр-билимдин даңазаланышы» деп берилсе туура болмок.

1960–61- окуу жылынан баштап, Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек» поэмасы мурдагыдай V класста эмес, VI класста окутулуп калган. 1962–63-окуу жылына карата туруктуу абалга келген адабият программасы ага болгону 2 саат бөлөт [87.48]. Поэмага берилген сунуш-багыттар төмөндөгүдөй: «Чыгарманын жомок мазмунунда болушу. Карыя менен баланын мүнөздөлүшү.

Эл-жер үчүн курман болуу идеясынын даңазаланып ырдалышы. Ылакап жана акындын чыгармасы. Чыгармадагы акындын сөзү менен каармандын сөзү» [87. 48]. Аннотациясы поэманын идеялык багыты мугалимге көмөк боло аларлык деңгээлде чечмеленип берилген.

Программанын 1964-жылдагы чыгарылышында «Толубай сынчы», «Чептен эрдин күчү бек» поэмалары үчүн бөлүнгөн саат-көлөм, аннотациялары эч өзгөрүүсүз калган [88.45]. Ал эми 1965-жылдагы программада болсо, «Толубай сынчыны» окутууга берилчү убакыт 1 саатка кемип, поэма мурдагыдай 3 саатта эмес, 2 саатта өздөштүрүлүп калган, аннотациясы мурдагы бойдон эле калган.

Адабият программасынын кийинки редакциясы 1969-жылы мектептерге долбоор катары сунушталып, бекиген үлгүсү 1979-жылга чейин улам кайталанып басылып чыккан.

Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек» поэмасын V класста окутуу үчүн программада 2 саат убакыт каралган. Аннотациясы төмөндөгүдөй берилген: «Чыгарманын жомок мазмунунда болушу. Карыя менен баланын мүнөздөлүшү. Эл, жер үчүн курман болуу идеясынын даңазаланып ырдалышы. Ылакап жана акындын чыгармасы» [89. 56]. Сунуш-багыттын 1962-жылдагыдан «Чыгармадагы акындын сөзү жана каармандын сөзү» деген сүйлөмү алынып ташталгандыгы менен гана бир аз айырмаланат. Ал эми «Толубай сынчы» үчүн жазылган аннотация 1962-жылдагыдай эле калган. [87].

Кийинки адабият программасы 1980-жылы долбоор түрүндө иштелип, 1982- жылдан баштап туруктуу пайдаланууга берилген. Бул программада адабий жомокторду бир жерге топтоп өзүнчө бөлүм катары берилгендиги менен өзгөчөлөнүп турат.

V класста «Толубай сынчыны» үйрөнүүгө 3 саат бөлүнгөн, «Чептен эрдин күчү бек» үчүн бул программада 2 саат бөлүнүп, экөөнүн тең эле сунуш-багыттары мурдагы боюнча калган [89. 19]. «Элдик жомоктор менен адабий

жомоктор жөнүндөгү түшүнүктү кеңейтүү» [89.18] деп акыркы сүйлөмү бир аз өзгөртүлгөн.

1982- жылдагы программа 1985-жылы кайрадан басылган. [84. 55]. 1987-жылы программа долбоор түрүндө кайрадан иштелип, буга чейин адабий жомоктордон жалаң ыр түрүндөгүлөрү гана үйрөнүлүп келсе, эми Ч.Айтматовдун кара сөз түрүндөгү «Бугу эне» жомогу 3 саат сабак көлөмдө кирген. Аннотациясы жакшы иштелген.[89.16]. Ошондой эле Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек» поэмасы үчүн бөлүнгөн убакыттын көлөмү мурдагыдай эле 2 саат. Сунуш-багыттаманын мазмуну «Поэманын патриоттук пафосу. Баланын эрдиги, карыянын акылман бүтүмү. Чыгарманын башка каармандарынын адеп-ахлагын ачып көрсөтүүдөгү Ж.Бөкөнбаевдин акындык чеберчилиги» [89. 84] делип жогорку деңгээлде иштелгендиги көрүүгө болот.

Адабият программасы А.Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасын VI (мурдагы V) класста окутууга бул жолу да 3 саат бөлөт. Аннотациясы идеялык багыты кеңири, ар тараптуу иштелип чыккан. Мында поэма камтыган бардык учурлар, маселелер толук эске алынган. Бүгүнкү күн үчүн да өз маанисин жоготкон жок.

«Поэмада сүрөттөлгөн тарыхый доор, социалдык карама-каршылыктар. Толубай сынчы жана Азиз хан, эки каарманга карата автордук мамиленин чыгарманын көркөм системасы аркылуу көрүнүшү. Чыгармада бийлик өкүлдөрүнүн адилетсиздигин ашкерелөө, чындыктын, актыктын, акылмандыктын жеңиши. Сынчылык өнөрдүн даңазаланышы. Тулпардын сынын берүүдөгү акындын устаттыгы. Элдик уламыштын жогорку көркөмдүктө кайрадан иштелип чыгышы – А.Осмоновдун акындык күчүнүн күбөсү катары» [89.84].

1993-жылкы программа алымча-кошумчалары менен бир канча ирет кайра басылды. 1998-жылкы адабият программасында небактан үйрөнүлүп келе жаткан «Толубай сынчы», «Чептен эрдин күчү бек» поэмаларынан, анан 1987-

жылы киргизилген «Бугу эне» уламышынан тышкары V класста Эл акыны Ж.Садыковдун «Эненин жүрөгү» поэмасын өзүнө камтыйт [76.10].

Программада Ч.Айтматовдун «Бугу эне» («Ак кеме» повестинен үзүндү) жомогу үчүн 3 саат убакыт каралган. Сунуш-багыттамалары кайра такталып, талапка жооп берерлик, кадыресе иштелип төмөндөгүдөй түргө келген:

«Элдик уламыштын жазуучу тарабынан иштелип чыгышы. Жомоктун нравалык сабагы – адам баласынын жакшылыкты унутуп, өзүнө бир кезде өмүр берген Бугу энеге чыккынчылык кылышы. Ыйман, адеп-ахлак жана экологиялык проблемалар. Уламыштын сабагы жана бүгүнкү күн. Уламыштын тилдик бөтөнчөлүгү, жазуучунун сүрөттөө чеберчилиги» [78.12].

Кыргыз Эл акыны Ж.Садыковдун «Эненин жүрөгү» легендалык чыгармасы мына ушул адабият программасына 1983-жылы сунушталып, аны V класста өздөштүрүү үчүн 2 саат убакыт бөлүнгөн. Поэма биринчи ирет киргизилип, кадыресе мугалимге көмөк көрсөтө турган, аны окутууга арналган сунуш-багыттама катары иштелип, аннотация төмөндөгүдөй көрсөтүлгөн: «Уламыштын нравалык теманы көтөрүп чыгышы. Гуманизм маселеси, улуттук колорит жана эненин образындагы көп түрдүүлүк. Уламыштын тарбиялык, таалим берүүчүлүк мааниси» [76.10].

А.Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасын окутууга бөлүнчү убакыт мурдагыдай эле 3 саат бойдон калтырылган. Өркүндөтүлүп, 1987–88-окуу жылы үчүн сунушталган программадагы «Толубай сынчы» деген аннотация ошондо эле мыкты иштелгенине карабай, бул жолу да айрым өзгөрүүлөргө учураган.. Сунуш-багыттаманы толук келтирели: «Толубай сынчы жана Азиз хан: бул эки контрасттуу каарманга карата автордук мамиленин чыгарманын көркөм системасы аркылуу көрүнүшү. Бийлик өкүлдөрүнүн, жалган хандардын ашкерелениши жана алардан бийик, таза турган карапайым адамдардын көздөн далдоо жашашы. Чындык үчүн күрөш. Сынчылык өнөрдүн даңазаланышы, өнөр адамы жана ага хандык мамиле. Тулпардын сынын берүүдөгү акындын кылдаттыгы. Поэманын кыскалыгы жана

сүрөттөлүшүнүн образдуулугу. Элдик уламыштын жогорку көркөмдүктө кайрадан иштелип чыгышы А.Осмоновдун акындык күчүнүн күбөсү катары» [89.18].

1987- жылкы программадагы «Поэмада сүрөттөлгөн тарыхый доор, социалдык карама-каршылыктар» деген сүйлөм такыр алынып салынган. өтүлчү кайсы гана чыгарма болбосун, андагы чагылдырылган доор, социалдык карама-каршылыктар ачылып берилмейин, анын идеялык маңызын толук, кондициясына жеткире түшүндүрүү мүмкүн эмес.

Бул мүчүлүштүктөр 2000-жылдан берки басылыштарында да кездешет: «Чептен эрдин күчү бек» поэмасын VI класста окутууга бул жолу да 2 саат бөлүнгөн. Поэманы окутуу үчүн төмөнкүдөй идеялык багыт иштелип чыккан:

«Поэманын патриоттук пафосу. Баланын эрдиги, эненин мүнөзүндөгү балага жана Мекенге болгон мамилелер. Карыянын акылман бүтүмү жана чыгарманын тарбиялык таасири» [78. 20]. «Каармандардын адеп-ахлагын көрсөтүүдөгү Ж.Бөкөнбаевдин чеберчилиги» деген сүйлөм калтырылбай берилсе болмок.

Ыр түрүндө же кара сөз түрүндө болобу, легендалык чыгармалардын көлөмү чакан болгондуктан, 1,2,3 саат бөлүнгөнү талапка ылайык . Легендалык чыгармалардын окуп-үйрөнүлүшүнүн идеялык багыттарын аныктаган аннотациялар адабият программаларынын ар бир кийинки иштелишинде сапаттык деңгээли жагынан улам жакшырып отурганын көрдүк. Азыр колдонууда турган акыркы окуу-нормативдик документ көркөм адабиятыбызга болгон жаңыча мамиленин негизинде алгачкы ирет иштелген себептүү дале айрым мүчүлүштүктөрдөн куру эмес.

Легендалык чыгармалар мектепте окуп-үйрөнүү үчүн алгач ирет 1950-жылы сунушталып, ошол эле 1950–51-окуу жылы үчүн басмадан чыгарылган окуу куралдарына да киргизилген. Алсак, Д.Исаев, Т.Абдумомуновдор тарабынан түзүлгөн V класс үчүн хрестоматияга

Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек» поэмасы толук киргизилип, аягында төмөнкүдөй суроо-тапшырмалар берилген:

1. Душмандын кордугунан кутулуу үчүн эл эмне деп кеңеш кылышты жана кеңештин жыйынтыгында кандай ишке киришти?
2. Чеп дубалдар токтобой кулай бергенде, «жылаң бут ак сакалдуу бир карыя» эмне деп кеңеш берди?
3. «Кайсы эр бул кызматка чыгар экен, бул дубал эр канына кумар экен? – деген жар чакырууну угуп, «обдулуп он үч жашар бир жеткинчек» эмне деп сүйлөдү? Жеткинчектин сөзүн таап окугула.
4. Жаш баланы көмө баштаганда энесинин ыйлап келген учурун окуп бергиле.
5. Баласы ыйлап турган энесине эмне деп айтты? Энеси ар дайым баласына эмне деп айтып жүрчү эле?
6. Энеси элге карап эмне деп айтты жана «колуна күрөк алып кайрат менен» эмне иш кылууга киришти?
7. Энеси баласын көмө баштаганда, бала энесине эмне деп айтты, окуп бергиле.
8. «Алкымына кум толуп келген кезде» дагы жетип келген карыя эмне деди? [56. 66]

Мындайча түзүлгөн суроо-тапшырмалар поэманын сюжеттик өзөк окуяларын  кайра бир эске салуу милдетин гана аткарган фактологиялык суроолор экендиги байкалат.  Хрестоматиянын 1953-жылдагы басылышында жогорудагыга кошумча төмөнкүдөй тапшырманы аткаруу белгиленген:

«Баланын кабарды уккандан кийин келип элге айткандарын, энесинин баласына айткандарын жана акырында карыянын келип айткандарын жаттагыла. Чыгарма жөнүндө сүйлөгөндө ошол жаттаганыңарды кошо пайдалана  сүйлөгүлө» [56.,132].

V класс үчүн түзүлгөн бул окуу китеби 1955-жылдан баштап Д.Исаев менен Ж.Чотуровдун авторлугу астында чыга баштайт. Мында «Чептен

эрдин күчү бек» үчүн суроо-тапшырмалар мурдагы басылышта кандай болсо, ошол боюнча өзгөрүүсүз калтырылган [57. 132]. Так ушул 1955-жылы чыккан хрестоматияга, дегеле мектеп курсуна А.Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасы алгач ирет киргизилет. Мында тексттен кийин эч кандай суроо-тапшырмалар берилген эмес [57, 96]. Акын бул поэмасын эки вариантта жазганы белгилүү. Кийинкиси мурункусунан сюжеттик курулушу жагынан чың, көркөмдүк деңгээли жагынан мыкты иштелген. Ушул себептүүбү, «Толубай сынчы» окуу китебине адеп киргизилгенинде эле экинчи вариант тандалып алынган.

Адабият хрестоматиясынын 1957-жылкы басылышында «Чептен эрдин күчү бек» үчүн түзүлгөн суроо-тапшырмалар мурдагы боюнча эч өзгөрүлбөгөн [58. 163]. Ал эми «Толубай сынчы» үчүн тексттин аягында «Окуп чыгып, мазмунун сүйлөп бергиле» [58. 114] деген гана бир ооз сөз менен тапшырма берилген.

Д.Исаев, Ж.Чотуровдун V класс үчүн адабият хрестоматиясынын 1960- жылдагы басылышында Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек» поэмасы VI класска которулган. Бул хрестоматияда А.Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасы үчүн текстке улай төмөнкүдөй суроо-тапшырмалар келтирилген:

1. Жомок ким тарабынан баяндалат?
2. Азиз хан кандай жар чакырткан?
3. Ошол жардыктан кийин Азиз хан кандай окуяга туш келди? Чал эмне дейт?
4. Азиз хан Толубайга кандай тапшырма берди?
5. Хан эмне үчүн Толубай сынчынын эки көзүн оюп алды?
6. Толубай сынчы өзүнүн туура, чындыкты айткандыгын далилдөө үчүн эмне иш кылды?
7. Толубай сынчы өзүнүн жаңылбагандыгын, адилеттигин хандын өзүнө кандайча далилдеди?

8. Толубайдын тагдыры эмне болуп бүттү? Анын кайгылуу тагдырына ким себепчи болду?» [58.34].
9. «Окуп чыгып, өз сөзүңөр менен сүйлөп берүүгө даярдангыла. Мында поэманын айрым жерлерин жаттап алып, сүйлөгөнүңөргө кошуп айткыла»

Бул суроо-тапшырмалар окуучунун ички сезимин ойготуп, чыгармачылык изденүүсүнө түрткү бере албайт. Текст менен иштөө – бул жеке эле чыгарманын сюжетин өздөштүрүү эмес.

1963–64-окуу жылына карата V класс үчүн хрестоматия-окуу китеби кайрадан иштелип, эми ал З.Бектенов менен Ж.Темированын авторлугу астында чыга баштайт. «Элдик жомоктордун, уламыштардын негизинде жазылган А.Токомбаевдин «Жетим менен сыйкырчы», А.Осмоновдун «Толубай сынчы» чыгармаларын сунуш этүү аркылуу, – деп жазат профессор Н.Ишекеев, – окуу китеби адабий-дидактикалык утушка ээ болгон, дегеним, биринчиден, айрым окуучуларга поэмалардын өзөктүү окуялары белгилүү болушу мүмкүн, экинчиден, алардын мазмуну кабыл алуу үчүн жеңил» [30]. Бул окуулукта «Толубай сынчы» үчүн тексттин аягында төмөндөгүдөй суроо-тапшырмалар берилген:

«1. Акын Алыкул Осмонов бул жомогун эмнеге негиздеп жазган? Акындын айтуусу боюнча Толубай сынчы кайсы мезгилде жашаган экен?

2. Азиздин акылсыз, дөдөй, адилетсиз, канкор, зулум хан экендигин кандай мисалдар менен далилдөөгө болот?

3. Толубайдын жеткен акылдуу сынчы экендигин анын кайсы иштери далилдеп турат?

4. Акын Алыкул Осмонов жазган жомок менен эл жомогунун кандай байланышы бар. Мында эл жомогуна мүнөздүү болгон кайталоолор барбы?

5. Толубай сынчы: «Артымда атымды айтар заман болсун», – деп кайсы заман жөнүндө айтып жатат?» [30.28].

Жогорудагылардан айырмаланып, бул суроо-тапшырмаларда текст менен иштөөнүн элементтери бар. «Толубай сынчыны» V класста окутуу үчүн түзүлгөн бул суроо-тапшырмалар окуу китебинин ар жылы чыгарылышында ошол боюнча 1970-жылы билим берүү концепциясында өзгөртүүлөр жүргүзүлгөнгө чейин калтырылды. Бул жаңы концепцияга ылайык, башталгыч класс үч жыл менен аягына чыгып, адабияттык окуу IV класстан башталмай болду. Программаны, адабият боюнча окуу китептерин кайра түзүүдө мурдагы V класстын негизги материалы IV класска оошуп, бирок негедир «Толубай сынчы» ошол өз ордунда калтырылган.

Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек» поэмасы үчүн материалдар V класстын хрестоматия-окуу китебинин 1969-жылкы чыгарылышынан кийинки он беш жыл бою өзгөрүүсүз калтырылды. Ал эми А.Осмоновдун «Толубай сынчысы» үчүн берилчү тапшырмалар, комментарий-материалдары толук жыйырма жыл бою, окуу китеби 1990-жылы жаңыртылып иштелип чыкканга чейин түк алымча-кошумчалоосуз улам кайра кайталанып, басылып чыгып турган.

V класс үчүн 1984-жылы чыгарылган окуу куралында «Чептен эрдин күчү бекке» тийиштүү материалдар кайрадан иштелип, натыйжада тексттен кийин келчү суроо-тапшырмалар бир аз өзгөрүүгө учураганы байкалат:

«1. Эмне үчүн калк чеп куруусга даярданып жатты? Эмне үчүн чеп улам бузула берди?

2. Токсон жаштагы карыя элге кандай кеңештерди айтты? Ырчылар элге эмнени жарыя кылды?

3. Он үч жашар баланын: «Арманым дүйнөдө эч качан болбойт го, жарасам керегине элдин» жана ошондой эле эненин: «Эркетай, элиң үчүн курман бол! – деп, эч качан унутпаймын айтканыңды» деген сөздөрүнүн маанисин кененирээк чечмелеп айтып бергиле.

4. Токсон жаштагы карыянын акыркы сөзүн жат айтып берүүгө даярдангыла» [95. 52].

Бул тапшырмалардын биринчиси жана экинчиси маалыматтык мүнөздө түзүлгөндүктөн, окуучунун ойлонуп-толгонуусуна түрткү боло албайт. Ал эми үчүнчүсү боюнча кеп башка. Мында бала жеке эле суроого жооп бербестен, анын үстүндө ой жүгүртүп, өз пикирин иштеп чыгат жана класска угуза айтат. Суроо-тапшырманын төртүнчү пунктунда текст жөн гана жаттоо үчүн берилбей, бул боюнча өз ойлорун айтуу жагы да көңүлгө алынса болмок. Жогорку окуу материалы хрестоматиянын 1986 -1988-жылдагы басылыштарына эч өзгөрүүсүз киргизилген [96.54].

1988–1989-окуу жылында билим берүү концепциясында бир кыйла өзгөрүүлөр болуп, натыйжада мурдагы V класс эми VI класска туура келип калды. Мына ушундай оошуп-жылдырууларга ылайык, VI класс үчүн хрестоматия-окуу китеби болуп кайрадан иштелди. Бул окуулукта да «Чептен эрдин күчү бек» поэмасынын тексти толук берилип, аягында төмөнкүдөй суроо-тапшырмалар иштелип чыккан:

«1. Эмне үчүн калк чеп курууга даярданып жатты? Эмне үчүн чеп улам бузула берди?

2. Токсон жаштагы карыя элге кандай бүтүм-кеңешин айтты? Ырчылар элге эмнени жарыя кылды?

3. Эне менен баланын патриоттуулугу кайсы сүрөттөөлөрдө ачылган? «Чептен эрдин күчү бек» деген ылакаптын теги эмнеде?

4. Карыянын акылман бүтүмүнүн мааниси эмнеде? Анын акыркы сөзүн жат айтып берүүгө даярдангыла» [95. 50]

Авторлору Б.Маленов, А.Садабаевдер болгон окуу китебинин ушул акыркы 90-жылдагы чыгарылышында «Толубай сынчы» поэмасы менен катар Толубай жөнүндөгү акын Алыкул өзү эл оозунан жазып алган уламыш киргизилген [95. 52]. Саамалык колдоого арзыйт. Уламыш менен поэманы салыштырып кароо аркылуу алардын өз ара айырмачылыктарын аныктап, акындын ал элдик сюжетти иштеп чыгуудагы сиңирген

эмгегинин деңгээлин, поэманын поэтикалык көркөм туунду катары нарк-насилин, эстетикалык дараметин туура, так баалоо мүмкүнчүлүгү туулат.

Тексттен кийин келчү суроо-тапшырмалар төмөнкүдөй болуп иштелген:

«1. «Замана кандай кары, кандай кереӊ, закымдап учкан сайын түбү тереӊ…» деген ыр саптарын кандай түшүнүүгө болот?

2. Хандын зулумдугун, көӊдөйлүгүн акын кандайча сүрөттөгөн? Ал сынчынын көзүн эмне үчүн оюп салды?

3. Толубайдын сынчылыгы, көрөгөчтүгү кайсы сүрөттөөлөрдө ачылат?

4. Сынчы өз убадасын кандай аткарды? Ал ханга: «Акыры ээн талаада сен маскара!» деп эмне себептен айтты?

5. «Сынчы» уламышы менен «Толубай сынчы» поэмасынын окуяларын, сүрөттөө баяндарын салыштырып, алардын жалпылыгын жана айырмачылыгын көр-сөткүлө. Поэмадагы оригиналдуу, чыгармачыл сүрөттөөлөр жөнүндө айтып бергиле.

6. Өзүӊөрдүн тандооӊор боюнча поэманын үзүндүсүнөн жатка айтып берүүгө даярдангыла» [95.260].

Көрүнүп тургандай, суроо-тапшырмалар 1969-жылдагыдан бир аз гана айырмаланат.

Эл акыны Ж.Садыковдун «Эненин жүрөгү» поэмасы окуу китебине алгач ирет 1990-жылы кошумча окуу үчүн киргизилген. [95. 60]. Поэманын текстине төмөнкүдөй алгылыктуу суроо-тапшырмалар түзүлгөн.

«1. Кандай окуядан улам акын уламышты эске түшүрдү. Ал эмне жөнүндө эле?

2. Чепке жашынганча эл душман менен кандай салгылашты?

3. Чепке кире албаган душмандар кандай амалды ойлоп табышты?

4. Хандын буйругу эмне жөнүндө болду? Хан эмнеге өкүндү? Ырдагы эненин боорукердиги, акылмандыгы жөнүндө айтып бергиле.

5. Хан энелердин көз жашын көргөндөн кийин эмне үчүн атынын башын бура тартты?

6. Түгөнбөгөн эненин түйшүгү жөнүндө акын эмне ойго келет? Чыгарманын «Эненин жүрөгү» деп аталышынын мааниси эмнеде?» [95.264].

Ж.Садыковдун «Эненин жүрөгү» поэмасы акыркы – 1993-жылы иштелген адабият программасында мурдагыдай VI класста кошумча окуу үчүн эмес, V класска милдеттүү окуп-үйрөнүү үчүн сунушталды. V класс үчүн хрестоматия-окуу китебин мурдагыдай эле К.Артыкбаев менен Б.Исаков жазышкан.

Орто мектептин VI классы үчүн учурдун талаптарына жооп берген жаңы хрестоматия-окуу китеби А.Сманбаев, Н.Ишекеевдер тарабынан жазылып, алгач ирет 1999-жылы жарык көрдү [151]. Андагы методикалык аппаратты түп тамырынан бери кайра иштеп чыгуу, колдон келишинче жаңылоо аракети жасалганы ачык көрүнүп турат. Андагы камтылган суроо-тапшырмаларынын көп түрдүүлүгүн, кошумча дидактикалык материалдарды арбын киргизгендерин белгилей кетсе болот.

Алгач бул окуу китебинен А.Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасынын орун алышын карасак, чыгарманын автору, анын чыгармалары тууралуу чакан маалыматтан кийин поэманын өз тексти кетет. Мурдагы авторлордогудай эле үчүнчү куплет кыскарган. Мындагы тексттен кийин келчү суроо-тапшырмалардын көп түрдүүлүгү, жеңилден ооргo карай принциби сакталган, сейрек колдонулчу сөздөргө, архаизмдерге түшүндүрмө берилген. Окуулукта суроо-тапшырмалар тизмегинен тышкары «Толубай сынчы» поэмасына кыскача комментарий жана кейиптештирүү, метафора түшүнүктөрүнө чечмелөөлөр камтылган.

Хрестоматияда Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек» поэма-уламышы үчүн так эле ушуга окшогон методикалык аппарат иштелип чыккан. Суроо-тапшырмалар олуттуу түзүлгөнү, окуучунун ой жүгүртүүгө, ойлонууга

багытталгандыгы менен айырмаланып турат. Поэмага тийиштүү материалдар кыскача комментарий-талдоо менен жыйынтыкталган [151.118]

1992-жылы 15-майда  Кыргыз Республикасынын элге билим берүү министрлиги Жалпы билим берүүчү мектептердин 1992-1993-окуу жылына карата жаңы окуу пландарын бекиткен. Өлкөбүздүн эркиндигине жана эне тилибиздин мамлекеттик тил катарында тейлөө чөйрөсүнүн кеңейтип жаткандыгына байланыштуу окуу планында олуттуу өзгөрүүлөр болгон. Мурунку окуу планындагы кыргыз адабиятына арналган 490 саат, 714 саатка өзгөртүлгөн, б.а., V-XI класстарда жумасына үчтөн саат өтүлүп, ар бир класска окуу жылы үчүн 102 саат бөлүнгөн. Мындай жагымдуу жагдайга ылайык мектепте колдонулуп жаткан окуу программасы [113, 30] кайрадан каралып, өзгөртүүлөр киргизилүү менен жарыяланган. Мында негизинен 1992-1993-окуу жылы үчүн жаңы окуу планына ылайык программалык материалдын класстар боюнча жайгаштырылышы жана сааттардын бөлүштүрүлүшү каралган.

Окуу программасында айрым көркөм-эстетикалык коордугу кунарсыз чыгармалар кыскартылган.

2003-жылы  КР Билим жана маданият министрлиги тарабынан бекитилген Жалпы билим берүүчү орто мектептердин V-VI класстары үчүн окуу программасынын оңдолуп, толукталып 2-басылышы [114, 5] профессор С.Байгазиев жана А.Муратовдор тарабынан түзүлгөн. Программа олуттуу жаңылыктары менен айырмаланып окуу китептеринин авторлорунун, адабиятчы окумуштуулардын, методист-илимпоздордун катышуусу менен талкууланып, жактырылып, министрликтин коллегиясында колдонууга сунушталган. Аталган программада  адабиятты үйрөнүү үч этапка бөлүнөт:

I этап. V-VII  класс. Адабияттык окуу (литературное читение);

II VIII-IX класс. Тарыхый, адабий курстун элементтерин ичине алган, системалык курска жакындатылган адабияттык окуу;

III X-XI класс. Кыргыз адабиятынын системалуу курсу.

Бул программада адабият курсунун жогорудагыдай бөлүктөрү эске алынуу менен V-VII класстар үчүн окуу китеби эмес, китеп-хрестоматия сунушталат. Мында окуучулар айрым-айрым чыгармалар, алардын үзүндүлөрү, жомоктор, макал-ылакаптар ж.б. менен тааныш болушат. Адабият теориясынан элементардык маалымат алышат. Бул класстарда сунушталган чыгармаларды добушун чыгарып окуу, үн кубултуп, көркөм окууга өзгөчө басым жасалган.

Аталган окуу программасына ылайык V-класстар үчүн 102 саат бөлүнгөн. Алардын ичинен фольклордук чыгармаларга: Жомок жөнүндө түшүнүк. Жомоктор: «Алтын куш», «Кекире майса суусады, чөлдө ботом куурады», «Акылдуу дыйкан» (7 саат), Макал-ылакаптар жөнүндө түшүнүк. Макал жана ылакаптар (1 саат), Табышмак жөнүндө түшүнүк. Табышмактар (1 саат), Жаңылмач жөнүндө түшүнүк. Жаңылмачтар (1 саат), Калп – адабий жанр катарында. Калптар (1 саат) орун берилген. Ошондой эле, Элдик эпикалык мурастан «Манастын бала чагы» («Манас» эпосунан үзүндү) (2 саат) киргизилген. Мындан тышкары Адабий жомок жөнүндө түшүнүк жана Адабий жомоктор (А.Токомбаевдин «Жетим менен сыйкырчы», Ч.Айтматовдун «Бугу эне», Т.Үмөталиевдин «Күч бирдикте», Ж.Садыковдун «Эненин жүрөгү») жана “Карагул ботом” элдик чыгармасы да киргизилген.

VI класска деле 102 саат бөлүнүп, фольклордук чыгармалар, элдик эпостор, эл акындарынын чыгармаларынан кийин акын-жазуучулар кайра иштеп чыккан чыгармалардан деп, А.Осмонов “Толубай сынчы” (3 саат), Ж.Бөкөнбаев “Чептен эрдин күчү бек” (2 саат) киргизилген. Мындан тышкары кыргыз фантастикаларына орун берилген. 9-класска да 102 саат бөлүнүп, төңкөрүштөн кийинки кыргыз адабияты деп аталып, акын-жазуучулардын өмүрү, чыгармачылыгы, чыгармалары сунушталган. Ш.Садыбакасовдун легендалык чыгармасы “Ак боз ат” драмасына 5 саат бөлүнгөн. Аннотациясында төмөндөгүлөр: драмадагы көрсөтүлгөн турмуштун көп кырдуулугу, ага тарыхый окуялардын жана элдик

уламыштын негиз кылынышы. Жоокерчилик замандын каары, адамдардын жашоо образы, психологиясы. Сырткы жана ички душмандар менен күрөш- драманын башкы конфликти. Ыймандуулук проблемасы жана анын айланасындагы талаштар. Бийлик үчүн күрөш. Аялдын образы. Ат-адамдын канаты. Драманын тил байлыгы, каармандардын диалогдук речи. “Ак боз аттын” сахнадагы тагдыры көрсөтүлгөн. 11-класска да 102 саат бөлүнгөн, Ч.Айтматовдун “Ак кеме” повестинин аннотациясы да жеткиликтүү, мыкты берилген, учурда да актуалдуулугун жогото элек. “Ак кеме” ыйман кризисине кабылган коомдун диагнозун көрсөткөн повесть-эскертме, повесть-сот. Чыгармадагы коюлган башкы маселелер. Повесттин сюжети. Реалисттик сүрөттөөлөр менен уламыштардын жуурулушунун көркөм-эстетикалык салмагы. Адам жана жаратылыш, алардын гармониясы, ушул биримдиктин бузулушу жана анын кесепети. Актыктын, тазалыктын символу- Бала. Орозкул жана орозкулчулук. Момундун трагедиясы. Повесттеги символдук образдар. Трагедиянын күчү. Повесттин айланасындагы талаш-тартыштар. 2011-жылдан Ч.Айтматовдун “Ак кеме” жана “Саманчынын жолу” повесттери 9-класстын окуу программасынан орун алып, 9-класста окутула баштады.

2006-жылы КР Билим берүү илим жана жаштар саясаты министрлиги тарабынан бекитилген Жалпы билим берүүчү орто мектептердин V-XI класстары үчүн окуу программасынын оңдолуп, толукталып 3-басылышы [114. 5] профессор С.Байгазиев жана А.Муратовдор тарабынан түзүлгөн. Программанын бул жолку басылышында айрым бир оңдоолор жана кошумчалар киргизилүү менен КР Билим берүү, илим жана жаштар саясаты министрлиги тарабынан түзүлгөн эксперттик комиссиянын сунуштары эске алынып түзүлгөн.

Аталган программанын Адабияттык окуу бөлүмүндө (V-VII) олуттуу деле өзгөрүү болгон эмес. Программага мурунку каралган темалардан

сырткары кошумча тема киргизилген эмес жана сааттардын саны боюнча дээрлик өзгөрүү болгон эмес.

2018-жылы кыргыз адабиятынын предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринин менчигинин түрлөрүнө, типтерине (лицей, гимназия, автордук мектеп ж.б.) карабай 5-9-класстарында кыргыз адабиятын окутуунун негизги окуу-нормативдик документи катары КРнын орто жалпы Мамлекеттик билим берүүчү стандартынын негизинде иштелип чыкты. Аталган стандарт кыргыз адабиятын окутуунун негизги стратегиясын, урунттуу приоритеттүү багыттарын аныктайт, мектеп окуучуларына кыргыз адабияты сабактарында көркөм сөз каражаттары аркылуу билим берүү, тарбиялоо жана өнүктүрүү маселелерин чечүүгө багытталат, ошону менен бирге, кыргыз адабиятын окутуунун өзөктүү курсун, башкы таяныч-жолун белгилейт. Стандарт, негизинен, аталган предмет боюнча окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин (класстардын) окуу программасын иштеп чыгуунун мазмунун, өлчөмүн жана өзөгүн аныктап берет жана ага негиз болуп кызмат кылат.
Бул стандарттын негизинде окуу программалары түзүлүп, 5-6-класстары үчүн жаңы муундагы окуу китептери түзүлүп окутуп жатат.

Мындагы негизги жана өз ара логикалык байланышта турган үч өзгөчөлүктүү компонентти бөлүп көрсөтүүгө болот: мурдагы стандартка караганда окутуунун компетенттүүлүккө багытталышы жана түйүндүү (б.а. негизги) компетенттүүлүктөрдүн (маалыматтык, социо-коммуникативдик жана өзүн-өзү уюштуруучулук, көйгөйлөрдү чечүү) предметтик компетенттүүлүктөр менен (окурмандык, баалуулук - дүйнө таанымдык жана адабий - чыгармачылык компетенттүүлүк) байланышы; окутуудан алынуучу натыйжалардын даана белгилениши; окуучулардын жетишкен теориялык жана практикалык ийгиликтерин обьективдүү баалоо багыттарынын сунушталышы.

Сунушталган кыргыз адабияты боюнча стандарт азыркы мезгилдеги окуу процессин жетекчиликке алуу менен бирге, стандартты, окуу процессин жаңылоо багытындагы окутуу усулдарын, окуу китептерин жаңылоо максатында колдонулуп келген программадагы жана окуу китебиндеги ашыкча кайталоолорду азайтып, окутуу системасын дүйнөлүк стандартка алып чыгууга, саясатташкан жана авторлордун кадыр-баркына, сыйлык-наамдарына карай окутууга сунуш кылынып жүргөн чыгармалардан арылууга, соңку учурда педагогика, психология, социология, адабият таануу, лингивистика ж.б. илимдер ачкан жаңы технологияларды колдонууга жардам берет. [79.4] Жаңы стандарттын негизинде түзүлгөн программада легендалык чыгармаларга бөлүнгөн сааттарында өзгөрүүлөр бар. (1.2.1-таблица)

**1.2.1-таблица. Легендалык чыгармалардын программада берилиши**

| № | Сабактын темалары | классы | Чыккан жылы | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 2006-ж | 2011-ж | 2017-ж | 2018-ж (стандарт) |
| 1 | Ч.Айтматов “Бугу Эне” (“Ак кеме” повестинен үзүндү) | 5-кл | 3 саат | 2 саат | 2 саат | 3 саат |
| 2 | Ж.Садыков “Эненин жүрөгү” | 5-кл | 2 саат | 1 саат | 1 саат | 1 саат |
| 3 | “Карагул ботом” (элдик чыгарма) | 5-кл | 2 саат | 1-саат | 1 саат | 1 саат |
| 4 | А.Осмонов “Толубай сынчы” поэмасы | 6-кл | 3 саат | 3 саат | 3 саат | 2 саат |
| 5 | Ж.Бөкөнбаев “Чептен эрдин күчү бек” поэмасы | 6-кл | 2 саат | 2 саат | 2 саат | 2 саат |
| 6 | Ш.Садыбакасов “Ак боз ат” драмасы | 9-кл | 5 саат | 4 саат | 4 саат | 3 саат |
| 7 | Ч.Айтматов “Ак кеме” повести | | 11-кл<br>3 саат | 9-кл<br>4 саат | 9-кл<br>4 саат | 9-кл<br>4 саат |
| | Жалпы | | 17 саат | 17 саат | 17 саат | 16 саат |

“Адабият” предмети биринчи жолу “Искусство” билим берүү тарамына кошулганы стандарттын жаңылыгы катары белгиленет. Бул жаңылык предметти окуп-үйрөнүүгө илимий мамиле кылууну көркөм ык менен алмаштырат, көркөм чыгармага адабий анализ (адабият таануу илимий деңгээлде) жүргүзүүнүн ордуна эстетикалык анализдөө менен алмаштырууга умтулууга негиз болот. [79.4.]

Кыргыз адабияты боюнча стандартта:

- адабий билим берүү процессин жөнгө салууга;
- ар бир мектептин, ар бир мугалимдин, ар бир окуучунун өз алдынчалыгын өнүктүрүүгө;
- аймактык өзгөчөлүктөрдү эске алууга
- окуучулардын чыгармачылыгын өстүрүүгө
- мугалим менен окуучунун, окуучу менен окуучунун чыгармачыл диалогун түзүүгө ж.б. кеңири мүмкүнчүлүк ачылат.

Бүгүнкү күндө да окуу китептеринин сапатын жогорулатуу иши негизги көйгөйлөрдөн. Жаңы стандарт боюнча 5-6-класстардын компетенттүүлүккө багытталган кыргыз адабияты окуу китеби, окуу методикалык комплекстери, электрондук окуу китептери мугалимдердин ишин кыйла женилдетүүдө. Ошондой болсо да орто мектепте легендалык чыгармаларды окутуунун көйгөйлөрү дагы деле арбын.

Легендалык чыгармаларды окутууга байланыштуу буга чейин бир катар изилдөөлөр жүргүзүлүп, илимий эмгектер жарык көрүп келет. Алардын катарына А.Ж. Муратовдун «V-VIII класстарда окуучулардын адабий-теориялык түшүнүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери» аттуу кандидаттык диссертациясы [114.18 ]; «Кыргыз адабиятын окутуунун теориясы жана практикасы» эмгеги [114.550 ]; С.Момуналиевдин «Орто мектептердеги лирика» аттуу эмгеги [112, 590 ]; С.Т.Батакановanын «Мектепте көркөм чыгармаларды талдоонун илимий-педагогикалык негиздери» аттуу монографиясы [23, 278], Мараимованын “Республиканын жалпы билим берүүчү орто мектептеринин V–VI класстарында адабий жомокторду окутуунун методикасы” аттуу кандидаттык диссертациясы [104],, Т.Молдогазиевдин «Элдик оозеки чыгармаларды V-VI класста окутуу”, [111], Ж.Эшиевдин “Мектептерде поэмаларды окутуунун илимий-методикалык негиздери” [173], С.Рысбаевдин “Баланы көркөм сөз менен тарбиялоо” [132, 4], И.Ч. Исамидинов “Кыргыз орто мектептеринде адабият теориясын

окутуу” [60.46.], Н. Ишекеев “Кыргыз адабиятын мектептерде окутуунун тарыхы” [63.378], аттуу эмгектери атайын легендалык чыгармаларды окутууга арналбаса да, легендалык чыгармаларды окутууга байланыштуу маалыматтарды камтыйт.

Албетте, жогорудагы изилдөөлөрдө баалуу жана кызыктуу ойлор, сунуштар, корутундулар камтылган, бул эмгектердин бардыгы мугалимдерге практикалык көмөк көрсөтүп, педагогикалык тажрыйбасынын өркүндөшүнө жакшы материал боло алат.

Жогоруда аталган эмгектер орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутууда олуттуу пайдасын тийгизгендигин баса белгилеп кетүү оң.

## Биринчи глава боюнча корутунду

Биз биринчи главада легенда менен уламыш түшүнүктөрүн бир түшүнүк катары легендалык чыгармалар жана адабий жомоктордун айырмачылыктарын, окшоштуктарын, легендалык чыгармалардын окуу программаларынан, окуу китептеринен, хрестоматиялардан орун алуу абалына, ал жанрды окутуунун жалпы тарыхына жана диалектикалык кыймылына токтолдук. Легенда – кыргыз адабиятында кеңири тараган жанр болуу менен бирге, ал мектептик окуудан өзүнүн ордун татыктуу ээлеп келүүдө. Бул анын жанрдык спецификасы жана окуучулардын кабыл алуусуна ылайыктуулугу менен байланышат.

Легендалык чыгармаларды адабияттын башка жанрларынан айырмаланып, анын табиятын туура түшүнүп окуганда гана натыйжалуу болорун мектеп практикасы, кыргыз адабиятын окутуунун методикасы, алдыңкы педагогдордун иш тажрыйбалары тастыктап көрсөттү. Биз аны жогоруда көрсөтүү аракетин көрүү менен, айрым конкреттүү фактыларды алып чыгуу аракеттендик. Илимий ишибиздин биринчи главасында биз легендалык чыгармаларды окутуунун тарыхына, азыркы абалына кайрылуу менен бир топ нерселерди аныктадык:

- легендалык чыгармалар окуучунун жаш өзгөчөлүгүнө ылайык адабият программасынан орун алып турган;
- окуучулардын адабий-эстетикалык табитинин ар тараптуу болушуна, легендалык чыгармалар таасирин тийгизген;
- легендалык чыгармаларды ыктуу пайдалануу да балдарга идеал катары таалим-тарбия берүүгө көмөкчү болгон.

Жалпы эле легенда, легендалык чыгарма түшүнүктөрүн чечмелегенге, окуу программаларынан, окуу китептеринен орун алышы анализ жасаганга аракет кылдык. Азыркы күндө жалпы эле адабиятты же көркөм чыгарманы окутууда көйгөйлөр өтө эле арбын. Маселен, ааламдашуу шартында, жаңы

технологиялар менен китептин айыгышкан күрөшү жүрүп жаткан мезгилде көркөм адабиятты сөз өнөрү катары окуучунун кабылдоосун, аны баалай билүүсүн, көркөм чыгарма менен аны окутуу методикасын оптималдуу интеграциялоо, сабак өтүүдө салттуу жана жаңычыл методиканы айкалыштыруу, мугалим менен окуучунун ортосундагы иш-аракеттердин жаңы тибин калыптандыруу сыяктуу маселелер.

Жыйынтыктап айтканда, легенда, уламыш түшүнүктөрүнүн, легендалык чыгармаларды уламыштын негизинде жазылган чыгармалар деп бирдей аталышта кароо жана аларды окутуунун тарыхына токтолуу менен жогорудагы главада легендалык чыгармалардын окуу программаларында, окуу китептеринде, хрестоматияларда берилиш тарыхына анализ жүргүздүк.

Легендалык чыгармаларды адабияттын башка жанрларынан айырмалап, анын табиятын туура түшүнүп окуганда гана натыйжалуу болорун мектеп практикасы, кыргыз адабиятын окутуунун методикасы, алдыңкы педагогдордун иш тажрыйбалары тастыктап көрсөттү.

Азыркы колдонуп жүргөн окуу программасы стандарт талап кылган милдетти кандайдыр бир деңгээлде аткара аларын белгилөө менен, программадагы легендалык чыгармаларды ортоңку класстарда окутуу ишинде чечиле элек маселелер жетиштүү экендигин белгилөөгө болот. Бул чоң милдет-максаттын жүзөгө ийгиликтүү ашырылышы легендалык чыгармалар окутула турган V–VI, IX класстардын окуучуларынын курактык-психологиялык өзгөчөлүктөрүн, алардын эстетикалык табиятын, өтүлчү материалды өздөштүрүү мүмкүнчүлүктөрүн, дегеле педагогика, психология, методика, адабият таануу илимдеринин акыркы жетишкендиктерин көңүлгө алып иш жүргүзгөндө гана мүмкүн болору белгиленди.

# II ГЛАВА. ОРТО МЕКТЕПТИН КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ КУРСУНДА ЛЕГЕНДАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫ ОКУТУП - ҮЙРӨТҮҮНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

## 2.1. Изилдөөнүн методологиясы жана методдору

Кийинки жылдарда Кыргыз Республикасынын мектептик билим берүү системасында көптөгөн реформалоого багытталган өзгөрүүлөр болууда. Билим берүүдөгү бүгүнкү күндө жүрүп жаткан жаңылануулар окуучунун муктаждыгын камсыз кылууга багытталууда. Жалпы билим берүүчү мектептерде компетенттүүлүк мамилеге өзгөчө көңүл бурулуп, кадыресе процесс катары жүрүп, анын ички маңызы жана максаттары жаңыланууда.

Бул багытта сапаттуу иш алып барууда адабият сабагынын ролу чоң. Адабият адамдын көп кырдуу турмушун ачып берүү менен бирдикте адеп-ахлактык, эстетикалык, таалим-тарбиялык, дүйнө таануучулук жана билим берүүчүлүк мүмкүнчүлүгү өтө кенен. Адабият өзүнүн образдык-эмоционалдык жаратылышынын аркасында коомдун адеп-ахлак идеяларын, бийик гуманисттик жана рухий асыл нарктарын окуучунун сезим-туюму, эмоциясы, психологиясы аркылуу өтүп, анын аң-сезимине, рухуна бекем сиңире билүү жөндөмдүүлүгү менен тарбия системасында башка предметтерге караганда кыйла артыкчылыктарга ээ. Адабият сабагынан мугалимдер көркөм тексттин ички маңызын ачып, ошол чыгармадагы сүрөттөлгөн эл башынан өткөргөн турмушту, кыйынчылык күндөрдү улуттардын ынтымагын, достугун, алардын эрдигин, каармандын оң сапаттарын окуучуларга жеткирүү, алардын өмүрүнөн өрнөк-үлгү алууга жетишүү зарыл. Адабият – балдарды адептик оң сапаттарга үйрөтүүнүн эң таасирдүү куралы болгондуктан, адабият мугалими компетенттүүлүк жана коммуникативдик мамиле түзө билүүсү абзел.

Учурда мектептик билим берүү системасынын мазмуну жаңы концептуалдык негизде жаңы социалдык-экономикалык мамилелердин талаптарын эске алуу менен жаңыланууда жана өркүндөтүлүүдө. Мектептик

билим берүүнү стандартташтыруу өз кезегинде предметтик билим берүүнү, билим берүү процессин, окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоонун усулдарын жана каражаттарын жаңылоого талап коет.

Кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуу боюнча изилдөөбүздүн максат-маанисин, багытын, жүрүшүн жана күтүлгөн жыйынтыктарын туура белгилөө үчүн биз анын методологиясын аныктап алуубуз керек. «Методология» термини грек тилиндеги «методос» – изилдөө, ишмердүүлүк; «логос» – окуу, теория деген сөздөрдүн курамынан турат. Демек, «методология» бизче изилдөө жөнүндө, ишмердүүлүк тууралуу окуу, теория деген маанини туюндурат. Методология узакка созулуучу татаал процесс, а методологиясыз илимий иш жүргүзүү мүмкүн эмес.

Педагогиканын методологиясы – таанып-билүүгө болгон жалпы мамилени, инсанга билим берүүнүн, аны тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн жалпы закончeнемдерин билүүнү жана практика жүзүндө пайдаланууну камтыйт.

Педагогиканын методологиясынын объектиси – адамды окутуунун жана тарбиялоонун, инсандык касиеттерин калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн кубулуштары.

Педагогиканын методологиясынын предмети – жогорку окуу адеп-ахлактуу, ички сезими бай адамды калыптандыруунун, бардык жактан шайкеш өнүктүрүүнүн, активдүү чыгармачыл ишмердүүлүккө даярдоонун закончeнемдери [101, 24].

«Азыркы мезгилде илимдер системасындагы методологияны үч багытта аныкташат:

1. Теориялык жана практикалык ишмердүүлүктү уюштуруунун жана жүргүзүүнүн принциптеринин жана ыктарынын системасы.

2. Таанып билүү ишмердүүлүгүнүн илимий методу жөнүндөгү окуу.

3. Илимде колдонулуучу бардык методдордун жыйындысы.

Жалпы илимий методологиянын колдонулушуна жараша анын төмөнкү функцияларын белгилешет:

а) гносеологиялык;

б) прогноз түзүү;

в) кайра түзүү;

г)уюштуруу» [101.26]. Легендалык чыгармаларды окутуу методикасын адабиятты, анын ичинде кыргыз адабиятын окутуу боюнча методикал изилдөөлөр, педагог классиктердин дидактикалык эмгектери, балдард кайсыл курагында кандай ишмердүүлүктү жүргүзүү керектигин аныктаг психологиялык изилдөөлөр, легендалык чыгармалардын идеялык-көркөмд сапаттарын ачып көрсөткөн эстетика, адабият таануу, лингвистика боюн эмгектер, билим берүү системасынын багыттарын чагылдырган нормативд документтер: мыйзамдар, окуу планы, адабиятты окутуунун концепциялар стандарттары, окуу программалары, окуу китептери, баалоонун жана б коюунун нормалары, мугалимдердин тажрыйбалары ишибизге таяныч бол берет.Жогорудагы эмгектерге негизденип, легендалык чыгармалар үйрөтүүнүн үлгүлөрүн түздүк, азыркы мектеп практикасына ыраатту жа максаттуу талдоо жүргүздүк, анализден – синтезге келдик, педагогикал эксперименттин максатын, багытын, жүрүшүн белгилеп, анын натыйжалар чыгардык.

Кыргыз адабиятын окутууга байланыштуу методологияны С.Батаканова бир кыйла терең изилдеген. Ал мындай деп жазат: «адабият сабагында чыгармага көркөм-эстетикалык талдоо жүргүзүү аркылуу материалдын мазмунундагы же формасындагы өзгөчөлүктөрдү гана таанып-билүү, үйрөнүү менен чектелбестен, андагы поэтикалык дөөлөттүн нарк-насилине байланыштуу философиялык жагын төмөнкүдөй бөлүштүрүүгө болот: турмуштук-адеп-ахлактык (1); социалдык-прагматикалык (2); позитивдүү-эстетикалык (3); саясий-эстетикалык (4); диний-мистикалык (5). Маселен, окуу программасына кирген чыгармаларга талдоо жүргүзгөндө, мугалим

ислам түшүнүктөрү жөнүндө, анын адамдын аң-сезимине тийгизген таасири тууралуу, диндеги адеп-ахлак ж.б. маселелерге токтолуп, көркөм токулмалардагы ордун айтуу зарыл...». «...Сабактын жүрүшүндө ой-пикирлерди окуучулардын талкуусуна коюу, проблемалуу, интерактивдүү окутуунун ыкмаларын рационалдуу колдонуу менен бирге, улуттук жана жалпы адамзаттык асыл нарктардын гармониясын табуу маанилүү». «...Адабий чыгармаларды талдоодо жалпы илимий принцип оптималдуу жетекчиликке алынат. Илимге мүнөздүү болгон методологиядагы системдүү мамиле тандалат. Мындай учурда көркөм чыгарманы талдоонун предметтик, функционалдык жана тарыхый аспектилерин бирдей жана айкалыштыра кароо талап кылынат. Системдүү мамиле ар бир чыгарманы жеке талдоодон тартып, бир класста, андан ары алсак, окуучу орто мектепти бүтүп кеткенге чейинки окуу процессин бир ыраатка салып караганга толук негиз берет. Системдүү мамиле көркөм чыгарманы түшүнүү, анын ички касиеттерин өздөштүрүү, окуучуда адабий билимди калыптандыруу гана максатын көздөбөстөн, ал теорияны практикада текшерип көрүүгө, ар бир өтүлгөн сабак аркылуу окуучуда калыптанып келе жаткан билимди туура интерпретациялоодо да кызмат аткарат. Бекеринен X-XI класстарда кыргыз адабиятынын системалык курсу үйрөтүлбөйт. Окутууда ал таанып-билүү тарыхый-эстетикалык, көркөм-маданий рационалдуу этаптардан турат. Мектепте көркөм чыгармага талдоо жүргүзүү мындан башка да конкреттүү методологиялык концепциялар аркылуу ишке ашат. Көркөм чыгарманы окутуу педагогикалык иш-аракеттин бир бутагы болгондуктан, анда педагогиканын спецификалык бөтөнчө касиетине таандык иликтөө ишмердүүлүгүн камсыз кылуучу өз алдынча бир нече категориялар бар. Ал белгилүү бир илимий көз караштар менен жалпылаштырылып келет да, азыркы мезгилде бир бүтүндүк (целлостный), инсандык (личностной), ишмердүүлүк (деятельностный), ар тараптуу субьективдүүлүк же полусубьективдүүлүк, маданий таануучулук, этнопедагогикалык,

антропологиялык концепцияларда мамиле кылууну шарттайт» [25.13-14].

Инсанга багытталган билим берүүнүн, аны тарбиялоонун, калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн жалпы закон ченемдери, улуу ойчулдардын, классик педагогдордун, психологдордун, философтордун фундаменталдуу эмгектери, легендалык чыгармаларды окутууга байланыштуу илимий-методикалык изилдөөлөр жана адабиятты окутуу боюнча теориялык эмгектер, билим стандарты, окуу планы, окуу программалары, педагогика илиминдеги инсандын жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу жана баалуулук багыттары **изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негиздерин** түзөт. Изилдөөбүздүн обьектисине жана предметине байланыштуу белгилеп кете турган нерсе, окуучулардын инсандык сапаттарын калыптандырууда, легендалык чыгармалардагы ойлорду, идеяларды тарбиялык каражат катары кароо зарылчылыгы жатат.

**Изилдөөнүн методдору** катары педагогика, психология, философиялык адабияттардагы легендалык чыгармаларга байланышкан изилдөөлөргө, кыргыз адабияты окуу программаларына жана бул багыттагы окуу-методикалык колдонмолорго илимий-теориялык талдоо жүргүзүү; Окуучулардын, мугалимдердин легендалык чыгармаларга карата түшүнүктөрүн изилдөө максатында окуучулар, мугалимдер арасында сурамжылоо, анкета жүргүзүү; легендалык чыгармаларга анализдин жардамы менен педагогикалык талдоо жүргүзүү; аныктоочу жана калыптандыруучу тажрыйбаларды жүргүзүү; окуучулардын өз алдынча иштөөлөрүнө (СӨИ): өздүк чыгармачылыгына, эсселерине талдоо жүргүзүп, мугалимдер менен аңгемелешүүлөрдү өткөрүү,

Легендалык чыгармалардын үлгүсүндө окуучулардын инсандык сапаттарын, жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу жолдорун жана каражаттарын аныктоо максатында төмөнкүдөй методдорду колдондук:

- **Теориялык методдор:** педагогика, психология, философиялык адабияттардагы жалпы адамзаттык баалуулуктарга теориялык талдоо жана легендалык чыгармалар боюнча контент-анализ жүргүздүк;

- **Илимий-методикалык эмгектерди талдоо аркылуу** легенда, уламыш терминин тактоо максатында кыргыз, орус, түрк окумуштууларынын эмгектерин, легендалык чыгармаларды окутуу боюнча илимий-методикалык эмгектерди теориялык жана практикалык жактан талдоого алып, зарыл маалыматтарды алдык.

**Байкоо жана аңгемелешүү методдору аркылуу**

- легенда жана уламыш деген терминдердин маанисин билиши;
- легендалык жана уламыштын негизинде жазылган чыгармалар деген түшүнүктү туура талдай билиши жана бир түшүнүк катары кабыл алышы;
- уламыштык чыгармалар менен реалдуу темада жазылган чыгармаларды айырмалап жана жалпылаштырып түшүнө алышы;
- уламыштын негизинде жазылган чыгармалардын маани-маңызын жана ролун изилдеп талдап түшүнүшү;
- уламыштык жана легендалык чыгармалардын сюжеттерин жана мазмунун жашап жаткан мезгил менен байланыштыра түшүнүп, алардын тарбиялык маанисин түшүнө билүүсүн аңгемелешүү методун системалуу колдонуу аркылуу биле алдык. Алардын легендалык чыгармалар боюнча түшүнүктөрү канчалык деңгээлде экендигин **байкоо методу** аркылуу аныктай алдык.

**Салыштыруу жана жалпылоо методу аркылуу** салттуу жана интерактивдүү методдорду колдонуу аркылуу сабак өтүлгөндө окуучулардын ээ болгон билим, билгичтиктерин, көндүмдөрүн, кандай компетенттүүлүктөргө ээ болгондугун аныктоого аракет кылдык. Аларды салыштыруу аркылуу жалпылаштыра алдык.

Изилдөөнүн натыйжалуулугун бекемдөө максатында **анкета алуу, суроо-жооп методдорун** да колдондук. Суроо-жооп көбүнчө аңгемелешүү, суроолорго жооп алуу, тигил же бул кырдаалды, көйгөйдү чечүүгө карата пикир алышуу, ой бөлүшүү түрүндө жүргүзүлдү. Анкета алуу жана суроо-жооп методдорунун мазмунун төмөнкү маселелер түздү:

- Легендалык чыгармалар дегенди кандай түшүнөсүз?
- Уламыш менен легенда деген түшүнүктөрдүн бири-биринен айырмасы барбы?
- Легендалык чыгарма менен адабий жомоктун кандай жакындыгы бар? Легендалык чыгармаларга кайсы чыгармалар кирет?
- Легендалык чыгармалардагы көйгөйлөр азыркы учурда кездешеби?
- Легендалык чыгармаларды окутуунун башка жанрдагы чыгармаларды окутуудан өзгөчөлүгү эмнеде?
- Кандай методдорду колдонуу натыйжалуу деп ойлосуз?

**Талдоо жана анализдөө методу** салттуу эмес, интерактивдүү, методдор аркылуу өтүлгөн сабактардан кийинки окуучулардын өздөштүрө билүүлөрү талдоого алынып, анализденди.

**Талдоо, анализдөө методу, аңгемелешүү, суроо-жооп методу** аркылуу алынган жоопторду талдоо аркылуу төмөнкүдөй жыйынтыктарга келдик: - легенда менен уламыштын негизинде жазылган чыгармаларды терминдик жактан бир аталышка келтирүү, окуу китептеринде, программаларда, методикалык адабияттарда аталыштарын тактоо керектигин;

**-** кыргыз адабияты мугалимдеринде легендалык чыгармаларды окутууда бир катар теориялык жана практикалык кыйынчылыктар болбош үчүн методикалык эмгектердин зарылдыгын көрдүк.

## Практик мугалимдердин иш тажрыйбаларды илимий талдоо, жыйынтыктоо, алардын идеяларын эмгекте колдонуу методу

Легендалык чыгармаларды окутуу боюнча алдыңкы мугалимдердин, педагогдордун чоң тажрыйбасы топтолгон жана алар биздин изилдөөдө кеңири пайдаланылды. Мындай иш тажрыйбалардын башында, албетте, адабият сабактары турат, мына ошол сабактар салттуу жана жаңычыл формаларда уюштурулуп келет. Бишкек шаарындагы И.Арабаев атындагы КМУнун окутуучусу, п.и.к. Р.Абдуллаеванын 9-класстарда “Ак кеме” повести боюнча иш тажрыйбаларын карап көрсөк, [3.51-56].

**Сабактын темасы: Ч. Айтматовдун “Ак кеме” повести**

**Сабактын максаты:**

1.“Ак кеме” повестинин идеялык мазмунун түшүндүрүү. Чыгармада көтөрүлгөн проблемалар жөнүндө сөз кылуу.

2. Чыгармадан каармандардын образдарын талдоо аркылуу негизги идеяны ачып көрсөтүү.

3. Окуучулардын сезимдерине жаратылышты коргоону, турмуштагы ак менен караны айырмалай билүүнү жеткирүү, кара өзгөйлүк менен жан бактылык, карасанатайлык, зомбулук сыяктуу көрүнүштөргө келишпестик менен мамиле жасоо, алар менен күрөшө билүүгө үндөө.

**Сабактын жабдылышы:** Ч. Айтматовдун китеби III том, слайд, класстер, Венндин диаграммасы, перфокарталар, схема - карточкалар.

**Сабактын тиби:** Жаңы билимдерди өздөштүрүү. Аралаш сабак.

**Сабактын формасы**: Инновациялык сабак

**Сабактын жүрүшү:** 1. Уюштуруу.

 а) Жагымдуу жагдай тартуулоо.

б) Киришүү бөлүмү: Кеп куржуну

Дил кайрыктар

Күлкү - өмүрдүн мүлкү

в) Өтүлгөн теманы кыскача кайталоо, жыйынтыктоо.

г) Жаңы теманы түшүндүрүү.

Эң алгач "Ак кеме"жөнүндө окуучулар эмнени билет сурап чыгуу. "Билем, билгим келет, билдим" стратегиясын колдонуу, график доскага чийилет.

Окуучулар билгендерин айтышат, мугалим "билем" деген бөлүктү сурап толтура берет (айрым ойлорду топтоштуруу менен) "Билгим келет" деген бөлүк да толтурулуп, мугалим окуучулар үчүн чыгарманын кайсы жерлери, кандайча түшүндүрүлүү керектигин аныктайт.

Экрандан төмөнкүдөй слайд көрсөтүлөт. Слайддан окуучулар билген маалыматтарды өздөрү айтышат.

**Ч. Айтматов "Ак кеме" повести**

| № | **Чыгарма жөнүндө маалымат** | **Өзөк окуялар** | **Кейипкерлер** |
|---|---|---|---|
| 1 | 1970 - жылы "Новый Мир" журналына жарыяланат | *Кордондо жашагандар:*<br>үч түтүн<br>үч короо<br>үч эркек<br>үч аял | Момун<br>Орозкул |
| 2 | 1970 - жылы эле "Литературная" журналында кызуу талкуу жүрөт. | *Повесттеги окуя:*<br>- портфель алынган күн<br>- мүйүздүү бугу эне келген күн<br>- мүйүздүү бугу эне өлгөн күн | Бала<br>Кулубек |
| 3 | 1975 - жылы "Ак кеме" фильми тартылат. Б. Шамшиев., Ч. Айтматов | *Бала дүйнөсү:*<br>- достору<br>- жомоктору<br>- портфели | Бекей<br>Гүлжамал |
| 4 | 1977 - жылы СССРдин мамлекеттик сыйлыгына "Ак кеме" фильми татыктуу болот. | *Балага таасир эткендер:*<br>- таятасы Момун<br>- Орозкул<br>- Кулубек<br>- Бугу - эне | Таяне<br>Сейдакмат |
| 5 | 1984 – жылы"Ак кеме" аттуу балет коюлат. Э. Жумабаев ж. б. | | |


Бул ар бир бөлүм боюнча окуучулардын айткандарын кошуп мугалим комментарий берет. Бул, албетте, окуучулардын катышуусу менен суроо - жооп аркылуу ишке ашат.

“Ак кеме” повестинин жазылышы тууралуу окурмандардын суроолоруна Ч.Айтматовдун төмөнкүдөй берген жообун окуучуларга окуп берүү да кызыгууну жаратат:

“Кайсы бир жолу күзүндө Ысык - Көлдүн Сан - Таш токоюна барып калдым. Ал жерден чөп тартып бараткан машинанын шаферуна жолуктум. Ал мага бул жерге кандайдыр бир марал келгенин айтып берди. Экөөнүн бирин атып алышыптыр да, бирөө кутулуп кетиптир. Эми ал эч качан кайрылып келбейт окшойт,” - деди шафер капалуу түрдө. Ал мага өздөрү түнөгөн токойдогу үйүн да көрсөттү. Ошентип, мен “Ак кемедеги” бала жашаган баягы кордонго туш болдум...”

Мындан ары повесттин тегерегиндеги кызуу талкуу жөнүндө сөз кылуу керек да, чыгарма жөнүндө көп кырдуу пикирлердин болушу, бул баарынан мурда катардагы чыгармалардын бири эместиги, бул чыгарма эски жол жоболордун негизинде жазылбагандыгын, кантсе анын көркөмдүк структурасында көнүмүштөй эмес бир окуя жаткандыгын айтып, чыгарманын бүткүл өзөгүн ээлеген Бала экендигине токтолуп, ырас эле жетиге толуп, сегизге жаңы кадам шилтеген Балага мынчалык эмне болду, кандай күч келди, адамдар менен жашабай “балык” болуп көлгө сүзүп кетүүгө кандай турмуштук шарттар аргасыз кылды? - деген проблемалуу суроону коюп чыгарма боюнча алиге чейин уланып жүргөн кызуу талкуу да ушул суроого барып такаларын айтып, окуучулардын ойлору суралып, сабак талкуу түрүндө улантылат. Бул аралыкта төмөнкүдөй класстер доскага илинет. Окуучулардын бул боюнча түшүнүктөрү суралат, билбегендери жөнүндө мугалим толуктоо жүргүзөт.

| Бала ——— Момун |
|---|




**Проблемалуу суроо улантылат.**

Баарынан таң каларлыгы, көнүмүштөй эместиги баланын өз аты - энчилүү аты жок. Эмне үчүн? Окуучулардын ойлору суралат, талкууланат. Жыйынтыгында, көрсө, баланын "өз дүйнөсү" бар экен. Дүйнөсү: ар түрдүү чөптөр, гүлдөр, алардын да кыял - мүнөзүнө жараша бөлүштүрөт "жакшысы", "жаманы" бар, ал турмак "ачуулусу" да бар. Ушулардын ичинен Баланын бөтөнчө тутунганы таятасы берген - дүрбү. Ал алысты жакындатат, жакынды алыстатат. Дүрбү менен алыста сүзүп жүргөн Ак кемени көрөт, анда атасы сүзүп жүрөт. Ак кеме - бул баланын өз жомогу. Эч кимге айтпаган, эч кимге сырдашпаган жомогу. Бирок жомогунун аягы жок, аны кантип бүтүрөрүн билбейт.

Баланын экинчи жомогу Мүйүздүү Бугу Эне жөнүндөгү жомок. Аны таятасы Момун айтып берген. Ушул учурда баланын жаңы досу пайда болду. Ал - портфель. Баары жаңы сатып алган күндөн башталды. Ушул балакеттен башталган чатак, кескин түрдө ырбап, улам күчөп отуруп, Мүйүздүү Бугу эне жөнүндөгү жомоктун кыйрашына, эң акырында баланын балык болуп сүзүп кетишине жетти. Эмне үчүн мындай болду? Окуучулардын ойлору суралат.

***Мугалимдин толуктоосу:*** Ч. Айтматов Мүйүздүү Бугу Эне жөнүндөгү легенданы чыгармада пайдалануу менен кыргыз элинин өткөндөгү

турмушун, оор тагдырын көркөмдүк - философиялык негизде өндүрүп, өзүнчө бир тарыхты көркөм баяндаган. Повесттеги Мүйүздүү Бугу Эне жөн гана кыргыз тоолорундагы реалдуу бугу эмес, ал ата - бабабыздан келе жаткан эзелки мурас, символ, ыйык эненин элеси, адам баласы тутунган идеал. Ага кол көтөрүү - энеге кол көтөрүү менен барабар. Бала дал ушундай кабыл алат, ушундай түшүнөт. Мына ошондуктан, тоодогу реалдуу бугуну атуу, анын мүйүзүн жара чабуу бул бала үчүн ыйык Мүйүздүү Бугу Энеге б. а. кыргыздын бүтүндөй тукумун сактап калган Мүйүздүү Бугу Энеге кол салуу менен барабар. Демек, Мүйүздүү Бугу Энени, ошол идеалыбызды атканда баланын айласы кетти. Ишенген таятасы өзү мас (китептен үзүндү окулат - Момундун абалы). Эми эмне кылыш керек? Жалгыз айла балык болуп кубулуп сүзүп кетиш (китептен үзүндү окулат - баланын абалы). Балык болуп кубулуу - Ак кемеге жетүүнүн бирден бир жолу.


“Балык” болуп көлгө сүзүп кетүүгө кандай турмуштук шарттар аргасыз кылды? - деген сабактын башталышында окуучуларга коюлган суроо кайталанат. Окуучулар өз ойлорун айтышат.

***Мугалимдин сөзү:*** Балдар, Ак кеме жөнүндөгү баланын эч кимге айтпаган жомогунун аягы жок болчу. Бала кандай ойлосо, кай жакка бурулса да, реалдуу турмуштун кырдаалы туура келбей, жомоктун аягы чыкчу эмес. Мына эми бала сүзүп кетти, балким, жомоктун аягы ушудур. Эски жомок кыйрады, жаңы идеалга, Ак кемеге шашты. Турмушта ар ким аздектеген ак кемеси болуш керек - повесттеги философия ушул.


Баланын дагы бир аз күтпөй, Кулубек байкесин күтпөй сүзүп кеткенине өкүнгөн жазуучу өз оюн мындайча жыйынтыктайт:

“Бир аз күтпөдүң, сүзүп кеттиң. Эч качан балык болуп кубула албасыңды билдиң бекен? Ысык - Көлгө сүзүп жете албасыңды билдиң бекен? Көл бетинен ак кемени көрүп: Арыба, ак кеме мен келдим! - деп эч качан кыйкыра албасыңды билдиң бекен? Бала жүрөгүң арамдык менен кыянатчылыкты кабыл кылбады, балык болом деп сүзүп кеткениңен мен

ушуну билдим. Эми менин көңүл жубатарым да ушул. Бир жарк этип, жалп өчкөн чагылгандай жашап өттүң. Чагылганды Көк Теңир чагат. Көк түбөлүктүү, менин көңүл жубатарым ушул...” - деген Ч. Айтматов.

Автордун оюу менен биринчи сабак жыйынтыкталат.

Мугалим окуучулардын суроолоруна жооп берет да, билимдерди баалайт. Окуучулардын активдүүлүгү, оригиналдуу ойлору, билем, билгим келет графасына берген жоопторун эске алып, комментариялап бааланат.



***Үй тапшырма:*** Жаңы билдим деген графикти жазып келүү тапшырма берилет. “Ак кеме” повестин окубаган окуучулардан чыгарманы толук окуп келүүсүн өтүнөт. Эмки сабакта образдар талданары айтылат

Сабактын темасы: Бугу эне, Момун, бала.

Сабактын максаты:

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Сабакка окуучулардын кызыгуусун арттыруу мененчыгарма жөнүндөгү түшүнүктөрүнтерендетүү, өз алдынчалыкка багыттоо<br>Окуучулардын берген суроого жооп табууларына талашып-тартышуусуна жекече пикир айтуусуна топ - топ болуп иштөөсүнө жетишүү алардын таанып - билүү ишмердиктерин активдештирүүгө түрткү берүү. | Окуучлардын жекече, алдынча ой- жүгүртө билүүсүн сабактагы активдүүлүгүн арттыруу Сабакта окуучулардын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, өз алдынчалыкка багыттоо | Окуучулардын баарлашуу маданиятын инсандык сапаттарын интелектуалдык деңгээлин жогорулатууАдамды сыйлай билүүгө, адамдык ар-намысты, абийирдүүлүктү сактоого, жаратылышты коргоого, чындык үчүн күрөшүүгө тарбиялоо.<br>. |

Көрсөткүчтөр:

Жогорудагы максаттар ишке ашат, эгерде:

| | | |
|---|---|---|
| Окуучу өтүлгөн материал боюнча талкууга катыша алса, өз оюн, пикирин ачык билдерсе. | Эки бөлүктүү күндөлүк менен иштеп, талдай билсе, логикалык жана сынчыл ой жүгүртүү менен класстер, | Турмушта кезигүүчү кыйынчылыктарды жеңе билүүгө боло турганына ишеним болсо. |

| | | |
|---|---|---|
| | синквейн түзсө, эссе жазса. | |

**Сабактын жабдылышы**:Магнитафон,таяныч сигналы,баш катырма, сканворддор.

**Сабактын жүрүшү:** Баланын эки жомогу боло турган

Бири жан билбеген өз жомогу,

Экинчиси таятасынан уккан

Акырында баланын эки жомогунун бири

да калбады,кеп уралы ошондон.

(Магнитафондон уктурулат.).

-Балдар эмнеден кабардар болдуңар,сөз эмне жөнүндө болуп жатат?

-Жооп.

-Демек, биз бул чыгарма менен таанышып бүттүк. Чыгарманын сюжети силерге тааныш.Аны таяныч сигналы боюнча ким кайталайт?

-Жооп.

-Демек, биз «Ак кеме» повестинин негизинде сабак талкуу өтөбүз.

Сабак талкуу төмөнкү суроолордун негизинде улантылат.

1. «Ак кеме» повестинин жазылышына кандай окуя себеп болду деп ойлойсуңар?
2. Кол жазмага автор кандай ат койду, эмне үчүн?

3. Повесте автордун берейин деген ою эмне? Эмне үчүн? «Ак кеме»деп атады, аталышынын мааниси силердин оюңарча кандай?

4. Повестте адам менен жаратылыш, чындык менен легенда кандайча берилет, максаты?

5.Кол телефондон “Ак кеме” повести жөнүндө уктурулат.

1. 6.Топтордун презентациясы: “Ак кеме”, “Бугу эне” топтору өз аттарын коргойт.
2. 7.Таяныч создөр менен доскада бир окуучу чыгарманын сюжетин баяндайт.
3. 8.Окуучулар эки топко бөлүнөт.




4. 9.Сабак талкуу.

Окуучулардын ар кандай пикирлер угулат. Талкуу үчүн айтылган пикирлерден керектүү сөздөр доскага жазып турулат.

м: жоопкерсизди, кара өзгөйлүк, легенда, бугу, бешик.

1. Доскадагы жазылган сөздөр аркылуу талкуу уланат.
2. Эки бөлүктүү күндөлүк менен иштөө ( эки эле топко Ч. Айтматовдун “ Ак кеме” повести берилет. Окуучулар цитата айтып өз ойлорун комментариялайт)
3. Сахналык көрүнүш.

а) “Ак кеме” тобу - Баланын балык болуп сүзүп кетүүсүн сахналаштырат.

б) “Бугу эне” тобу - Мүйүздүү эненин өлүмүн сахналаштырат

**4. Өз алдынча иштөө**

1. “ Ак кеме” тобуна “Музыканын коштоосунда”

Бала боюнча класстер түзүү.

2. “Бугу эне” тобуна Орозкул боюнча класстер түзүү берилет.

. Эки эле топко синквейн түзүү тапшырмасы берилет.

. Жыйынтыктоо - ар бир топ өздөрү жазган эссени окушат

**Инсценировка**: Бугу эне менен жезкемпирдин диалогу.

1. Бул легенда эмне үчүн, кандай максатта колдонулду?
   эмнени бергиси келди?

2. Момундун балага таасири?

3. Эмне үчүн бала үчүн Бугу Эне ыйык? Адам баласы Бугу Энеде болгон ишеничти актай алдыбы?
4. Эмне үчүн Орозкул Бугун Момунга сойдурду, сен Момун болуп жашагысы келеби?
5. Сен Момундун ордунда болсоң эмне кылмаксың, арабызда Момоундар барбы?
6. Момундун мүнөзүндөгү кемчиликтер кайсылар, ал сага эмнеси менен жагат же жакпайт.
7. Акырында баланын эки жомогунун бири да калбады муну кантип түшүнөсүң?
8. Бала эмне үчүн балык болуп сүзүп кетти?
9. Бала Орозкул конфликт, трагедия.
10. Сен Орозкул болгндо эмне кылмаксың? Орозкулдар арабызда өтө көп алардан кутулууга болобу?
11. Автордун берейин деген ою эмнеде?

Мугалим ар бир талаш-тартышты жөнгө салып турат. Далилдүү жыйынтыктайт.

**Сабактын жыйынтыгында**

1.Жети атаңды билесиңби?

2. Грамматикалык оюн

3.Сканворд, крассворд ойноо, баш катырма.

4. Эки топтун көркөмдүк деңгээлин баалоо.

**5.**”Ак кеме” повести боюнча жазылган ырлар көркөм окулат. **Баалоо.**

**Үй тапшырма**: дил баян жазуу.

Жогорудагы Р.Абдуллаеванын сабагынын эффективдүү жагы – интерактивдүү усулдарды ыктуу пайдаланып, продуктивдүү, креативдүү

тапшырмалар менен иштете билгендиги, диспутка чакыра билгендиги, көрсөтмөлүү уюштура билгендиги менен да өзгөчөлөнүп турат.

Ч.Айтматовдун “Ак кеме” повести боюнча А.Койлубаеванын образдарга талдоо жүргүзүү сабагына көңүл буруп көрсөк, [26.52-56].

**Сабактын темасы: Ч.Айтматовдун «Ак кеме» повести андагы образдар боюнча талкуу**

**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** Окуучуларга «Ак кеме» повестинин идеялык мазмуну, образдар системасы боюнча талкуу уюштуруу аркылуу окуучулардын чыгарма боюнча көркөмдүк дүйнөсүн тереңдеп ачууга жана алган түшүнүктөрүн жалпылап жыйынтыктоо.

**Тарбия берүүчүлүк**:

Окуучуларды адам менен жаратылыштын,ак менен каранын, жакшылык менен жамандыктын айырмасын ажырата билүүгө, үйрөнүүгө, нравалуулукка, рухий байлыгын өстүрүүгө тарбиялоо;

**Өнүктүрүүчүлүк:** Окуучулардын алган билимдерин өнүктүрүп, сөз байлыгын өстүрүү, сынчыл ой жүгүртүүсүн ойготуу жана байланыштуу кебин өнүктүрүү.

**Сабактын тиби:** Алган билимди бышыктоо.

**Сабактын методу:** Интерактивдүү метод.

**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, Ч.Айтматовдун өмүрү, чыгармачылыгына байланыштуу сүрөттөр илинет. Ватман, ар түрдүү маркерлер, скочт, кайчы ж.б.

**Сабактын жүрүшү:** Уюштуруу

Өткөн теманы кайталоо.

Балдар, биз сабагыбызда активдүүлүк, тартынбастык,эркин пикир алышуу, башкалардын сөзүн бөлбөө, убакытты туура пайдалануу, башкалардын оюн сыйлоо, чыдамкайлык, өз ара түшүнүүчүлүк, чыгармачылык, демократиялуулук сыяктуу алтын эрежелерди сактайлы жана толеранттуулукка жетишели.

Силер жакшы билесиңер, «Ак кеме» повестинде баланын эки жомогу бар. Бири- өзүнүн эч ким билбес жомогу, экинчиси таятасынын айтып берген жомогу. Ал эми биз болсо өзүбүздүн жомогубузду түзүп келүүгө үйгө тапшырма алганбыз. Жазып келдиңерби? (Каалаган окуучуну окутабыз). Ырахмат, жакшы түзүп келипсиңер. Келгиле , азыр бардыгыбыз **бала, бугу эне** жана **ак кеме** деген каалаган сөзгө синквейн түзөбүз .( 5мин.берилет) Синквейн түзүлгөндөн кийин ошол боюнча 3 топко бөлүнүшөт.

Биз жазган синквейнибиз боюнча **Бала, Бугу эне жана Ак кеме** деген 3 топко бөлүнөлү. Эми ушул 3 тема боюнча талкуубузду баштайлы. Эмне себептен мен ушул теманы тандап алдым, топтун атын жактап беребиз.

1-топ: **Бала** 2-топ: **Бугу эне** 3-топ**:** **Ак кеме**

Ар бир бала жазган иши боюнча тобу менен талкуулашып, өз аттарын жактап, доскага түзгөн синквейндерин илишет.

Бала

Кыялкеч жароокер

таарынат сагынат күтөт

Бала дүйнөсү - баео

Наристе

Ак кеме

Таасирдүү максаттуу

Сүзөт кубантат күттүрөт

Ак кеме- менин идеалым

Келечек

Бугу эне

Касиеттүү боорукер

Багат өстүрөт жабырланат

Бугу эне-касиеттүү колдоочу

Умай эне

Бул сабакта балдар түзгөн синквейндер боюнча 3 тема алынып талкуу жүргүзүлөт:

1. **Бала дүйнөсү-баео сезим.**
2. **Бугу эне-касиеттүү умай эне.**
3. **Ак кеме-менин идеалым.**

**1-тема боюнча талкуу:**

1. Баланын китеп кап менен болгон сүйлөшүүсү,анын таза,баео ички дүйнөсү жөнүндө эмне айта аласың?

2. Бала эмне себептен атасын сагынып,бул жерден кеткиси келет жана баланын өзүнүн жомогу кантип пайда болду деп ойлойсуң ?

3. Бала менен Орозкулдун элдешкис көз карашынын себеби эмнеде?

4. Сен Орозкулдун,же Момун чалдын ордунда болсоң баланын өмүрүн сактап калат белең?

5. Бүгүнкү күндөгү Орозкул жана Орозкулчулук?

6. Эгерде Орозкул балалуу болсо өзгөрөт деп ойлойсуңбу?Эмне үчүн?

**2-тема боюнча талкуу:**

1. Бугу эне менен Майрык чаар жезкемпир сага кандай таасир калтырды?

2. Адамдардын жаратылышка кылган мамилесине карата көз карашың?

3. Сен адептик жактан таза,рухий жактан өйдө болуп туруп,каардуу күч алдында алсыз Момун болуп жашай аласыңбы?

4. Эгерде сен өз турмушуңда Орозкул жана Орозкулчулукту кездештирсең ага карата сенин кадамың?

5. Бугу жөнүндөгү тарыхтагы санжыра менен чыгармадагы легенданын байланышы барбы? Жомоктун повесте алган орду?

6. Чыгармадагы адам менен жаратылыштын, чындык менен легенданын карым-катышы эмнеде?

**3-тема боюнча талкуу:**

1. Сенин көз карашың боюнча ак ниеттүүлүк менен кара өзгөйлүктүн күрөшү бүтүшү мүмкүнбү?

2. Орозкулдун адамдык сапатына сенин берген бааң?

3. Момундун жомокко кылган мамилеси,жомоктун балага берген таасири?

4. Повесттеги символдор: китеп кап,дүрбү, жана ак кемеге баланын көз карашы,турмуш тагдырынын алар менен болгон байланышы?

5. Автор чыгарманын аягын эмне себептен баланын өлүмү менен аяктаган?Башкача бүтүрсө болот беле,Сенин көз карашың?

6. Эгерде сен автор болсоң чыгарманын аягын кандай бүтүрөт элең?

7. Сенин идеал туткан «Ак кемең» барбы?

Талкуудан кийин «Ак кемеге» карата концептуалдык карта түздүртүү

Үй бүлө маселеси

Аракечтик Жаратылышты коргоо

Ата салтын урматтоо **АК КЕМЕ** Мансапкорлук

Адам укугу Бала укугу

Коомдогу терс көрүнүштөр

Окуучулардын билимдерин баалоо .

Үйгө тапшырма**: «Ак кеме- менин идеалым**.» Эссе жазуу

Сабактын жетишкен жагы – окуучулардын чыгармачылык изденүүлөрү менен “Ак кеме” повестиндеги каармандарга талдоо жүргүзө алышкандыгы, баланын жомогу сыяктуу өздөрү жомок жазып келип, ошол боюнча топторго бөлүнүп, кайчылаш дискуссия болгондугу, синквейн толтурушкандыгы, эссе

жазууга тапшырма алышкандыгы. Ш.Садыбакасовдун “Ак боз ат” драмасы боюнча сахна-сабакты көрөлү:

Сабактын темасы: Эл тагдырын калчаган адамдар (Жаныбек, Чарын, Эрке-Айым)

1. Сабактын максаты:

Билим берүүчүлүк: а) Жаныбек, Эрке-Айым, Чарындардын образдарын талдоо аркылуу драмадагы элди-жерди чет элдик баскынчылардын коргоо, элдин тагдырынан жеке кызыкчылыктарын жогору койгон адамдарга ишенип тапшырбоо идеяларын окуучуларга жеткирүү. б) Сахна оюнунун бир үзүмүн көрсөтүү менен окуучуларды театр искусствосу жөнүндөгү элементардык билимдерге эгедер кылуу. в) Драмалык жанрдын синтетикалык табиятын окуучуларга байкатуу.

2. Тарбия берүүчүлүк: Окуучуларды өз элин сүйүп, ага чыккынчылык кылбоого үндөө. Адамкерчилик, ар-намысты таза тутууга, мыкаачылыкты жек көрүүгө тарбиялоо.
3. Өркүндөтүүчүлүк жагы: а) Окуучунун чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүү. б) Көркөм окууга көнүктүрүү. в) Драманын режиссуралык-сахналык жагын талдоого үйрөтүү.

Сабактын жабдылышы: 1. Мектеп сахнасы. 2. Костюмдар. 3. Курал-жарактар.

Сабактын тиби: Көркөм чыгарманы үйрөнүү сабагы.

Сабактын түрү: Чыгарманы жалпылап үйрөнүү сабагы.

Сабактын формасы: Сахна-сабак.

Сабактын методдору: Чыгармачылык окуу жана жарым-жартылай изденүү (эвристикалык) метод.

Сабактын жүрүшү:

1. Сахна оюнун көрүү (10-15 мүнөт).
2. Драманын 2-көшөгөсүнүн 7-көрүнүшүнө адабий-сценалык талдоо (15-20 мүнөт)

а) Каармандардын аракеттерин комментарийлөө.

б) Каармандарга мүнөздөмө берүү.

в) Оюнду спектакль катары баалоо.

Катышуучу каармандар:

1. Жаныбек хан – 1-окуучу
2. Эрке-Айым (Жаныбектин аялы) – 2- окуучу
3. Чарын (жунгар ханы) – 3 – окуучу
4. Лайлум (Чарындын кызы) – 4- окуучу
5. Мансур (Чарындын кол башчысы) – 5 – окуучу
6. Думана (Эрке-Айымдын атасы) – 6 – окуучу
7. Желдет – 7 – окуучу

3-эпизод

Эрке-Айым, Жаныбек экөө тиктеше калат.

Жаныбек: (Эрке-Айымга) Жолуң болгур...

Эрке-Айым: Уй сааганды үйрөндүм, ханым.

Жаныбек: (Эрке-Айымга) Канат, куйругуң соо, башың ийиниңде кантип келдиң?

Эрке-Айым: Хандын башы тоголонгондо, ханышанын башы безилдебейби?!

Чарын: (Жаныбекке) Айымды көрдүңбү, сүйлоштүңбү? Бирөөгө берчү катын эмес экен бул дүйнөдө. Тигил дүйнөдөн да мындай катын таппайсың.

Жаныбек: Катынга өнөрүңдү көрсөтүпсүң.

Чарын: Сага да сактап жүргөн өнөр бар.

(Желдетке) Бир кулагын чунайт!

Желдет Жаныбектин бир кулагын кесет. Эрке-Айым чыңырат.

Жаныбек: (Чарынга) Желдетиң таза кести,

Кийимиңди булгабай таза же, ит!

Чарын: Итке ыргыт кулагын,

Менин иттерим кулак жейт!

Чебиңдин сыры ушул беле?

Ханыңдын куну ушул беле?

Жаныбек: Айымдын көркүн бузуп,

Адамдын кулагын кесип,

Сенин хандыгың ушубу?

Чарын: Бир топ нойондорумду кепшеген экенсиң.

Жаныбек: Кепшегендей уй эмесмин! Эрөөлдөштүм.

Чарын: Түзүк. Ошол эрдигиң үчүн эрмектейм. Сен түндүгүндү карап жүр. Айым биздин киши. Буга камчы көтөрбөйсүң, кылапат айтпайсың. Бул уй сааса, сен музоо кайтарасың. Бул аяк жууса, сен казан көөлөйсүң.

(Жаныбекти алып чыгышат.)

6-эпизод.

Мансур чуркап кирет.

Мансур: Ат... Ак боз ат качты!

Чарын: Таш оозуңа!

Тоскула боз жоргону.. Кармагыла!

Кайра колума тийгизбесеңр... (Мансурга)

Мууздайм сени!

(Мансур кетет)

Желдет Эрке-Айымды сүйрөп кирет.

Желдет: Агыткан ушул.

Чарын: Ушу... Ушубу ?!

Эрке-Айым: Ордонун кызыл алтын, ак күмүшүн тепсеген мен. Бирөөлөрдүн күнөөсүн, бирөөлөрдүн мүдөөсүн тепсеген мен. Мамыдагы атты агытканга жарабайт бекем?

Ийе, Чарын?!

Ийиктей башы бар, илээшкен чачы бар дедиң го...

Ата! Алда арбагыңдан айланайын ай...

Ак бозуң элине кетти. Жерине!..

Чарын: Шерменде?!

Эрке-Айым: Анымды өзүм да билем!

Чарын: (желдетке) Катындын эки бутун эки азоого байлап кыйнагыла! Өлтүргүлө...

Эрке-айым: Менин өлгөнүм качан? Кыйналганым качан? Сенин өлүмүңө жүргөм, ийе коңтаажы?! А сөөгүңө ит сийгир!

Чарын: Ордодогу катындардын башы сайга томолонсун. Бирөө калбасын! (жалгыз) 7-эпизод.

Капырай, калтаарыйм да бул кандай,

Ажал алка жакадан алгандай,

Жо-жок,

Билегимдин күчү тосула элек,

Кылычымдын мизи кетиле элек.

(Мансур бет маңдайынан кыйкырып жаа тартып жиберет).

Сасыган курт! Жедиң.... ушу сенден...

Мансур: Сен жемексиң! Баарыбызды...

(Чарын жыгылат).

Кулады. Кулаттым! Өлдү. Өлтүрдүм.

Ошентип сахна оюну бүткөн соң, мугалим адабияттык талдоого өтөт. Бул процесс эвристикалык аңгеменин негизинде суроолордун системасы аркылуу ишке ашат. Мындай суроолорду оюндун астынан класстагы окуучуларды эки топко бөлүп, биринчи топко каармандардын аракеттерин, кебете-кешпирин, кандай адам экендигин талдап олтурууну, экинчи топто ким өз ролун кандай аткарды ошого көз салууну тапшырма берип коюу ишти конкреттештирет.

Биринчи  топко берилүүчү суроолор:

1. Негизги каармандар кимдер жана драмадагы конфликт кимдердин ортосунда болот?
2. Ушул драмадагы башкы каармандардын бири Эрке-Айым жөнүндө силер кандай пикирде калдыңар?

   Экинчи топко берилүүчү суроолор:

   1. Эмне үчүн сабактын темасы “Эл тагдырын калчаган адамдар” деп аталган? “Драма-сахнасыз жансыз дене” деп бекеринен айтылбагандай, үзүндүнү сахналаштырып, андан кийин талкуулап, бышыктоо да максаттуу сабак болоруна өбөлгө түзөт.

Сабактар ар түрдүү мугалимдер тарабынан өтүлгөнү менен алардын жалпылыгы – жаңычылдыгы, окуучулардын чыгармачылыгын өстүрүүгө аракет кылгандыгы.

**Педагогикалык эксперимент методу.** Легендалык чыгармаларды окутуу боюнча  педагогикалык экспериментти уюштуруу жана жүргүзүү.

Эксперименттик сыноолор оозеки жана жазуу жүзүндө жүргүзүлдү. Педагогикалык эксперимент методу негизинен республиканын 5 мектебинде жүргүзүлдү. Бишкек шаарындагы Профессор А.Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи, Токтогул районунун Кара-Жыгач айылындагы Т.Жүндүбаев орто мектеби, Чүй областынын Москва районундагы К.Сыйданов атындагы жалпы билим берүү мектеби, Ош шаарындагы №52 “Кыргыз-Түрк достугу” жана “Жетиген” мектеп-лицейлеринин окуучулары тандалып алынды (таблица 2.1, 2.2.сүрөт 2,3).

Уламыштын негизинде жазылган чыгармаларды окутуунун негизинде окуучулардын таанып билүүсүн, ой жүгүртүүсүн, көз карашын өнүктүрүүдө **Блумдун таксономиясы** методикалык жактан өтө маанилүү, 1956-жылы иштелип чыккан ал таксономия эл аралык кеңири таанылууга ээ болгон. Окутуп-үйрөтүүнү пландоодо жана анын натыйжаларын баалоодо кеңири колдонулат. Ал таанып-билүүдөгү алты деңгээлди белгилеп көрсөткөн:

1. Билим
2. Түшүнүү
3. Колдонуу
4. Анализ (талдоо)
5. Синтез (топтоштуруу)
6. Баалоо

Бул түшүнүк конкреттүү максатта тигил же бул материалдын (ырастоонун, көркөм чыгарманын, изилдөөнүн маалыматтарынын) маанисин баалай билүү жөндөмүн билдирет. Аларды иликтеп, ой жүгүртүп, таанып-билүү ишмердиги артат жана чыгармачылык жөндөмдүүлүгү калыптанып, билимин өркүндөтүп, турмушта пайдалана билүү ыгына ээ болот жана баа берүү жөндөмдүүлүгүнө ээ боло алат.

Коом алмашып, ааламдашуу процесси жүрүп жаткан мезгилде жаш муундарды тарбиялоодо, учурдагы илимий педагогиканын жетишкендиктерин эсепке алуу менен легендалык чыгармаларга мурдагыдан

да көбүрөөк таянуу жана андагы жалпы адамзаттык баалуулуктарды изилдөө зарылдыгын көрсөттү. Тактап айтканда, акыркы учурда жүрүп жаткан дүйнөлүк коопсуздук, улуттар аралык тирешүүлөр, диний агымдар, экологиялык, экономикалык көйгөйлөр, бүгүнкү күндөгү келечек ээлериндеги руханий баалуулуктардын бөксөрүшүнө алып келүүдө.

Ал эми педагогикалык-дидактикалык методологиялык негиздер легендалык чыгармаларды үйрөнүү процессинде төмөнкүдөй жалпы **дидактикалык принциптерди** жетекчиликке алуунун зарылдыгын көрсөтөт:

- илимийлүүлүк;
- аң-сезимдүүлүк;
- жеткиликтүүлүк;
- көрсөтмөлүүлүк;
- табийгыйлык;
- теория менен практиканын байланышы;
- ырааттуулук, улануучулук;
- билимдин чыңдыгы, бышыктыгы;
- топтук жана жекелик мамиле;
- тарыхыйлык;
- гумандуулук.
- «Окуу процесси билим берүүнүн максаты менен шартталып, өзүнүн төмөнкү компоненттеринин бири-бирине жасоочу таасирлери аркылуу мүнөздөлөт: окутуунун, б.а. окуу предметинин мазмуну (мында ар бир класстын окуучулары үчүн), илимдердин негиздери (билимдер системалаштырылып берилет); окутуу (сабак берүү), б.а. мугалимдин ишмердиги (окуучуларды окууга кызыктыруу, окуу предметинин мазмунун баяндоо, окуучулардын ишмердигин уюштуруу, алардын өз алдынча эмгектенүүлөрүнө жетекчилик кылуу, билимдерин жана билгичтиктерин текшерүү); окуп үйрөнүү, б.а. окуучулардын акыл жана

күч аракеттерин өз ичине камтыган алардын ар кандай ишмердиктери; окутуунун материалдык каражаттары (окуу китептери, окуу куралдары, техникалык каражаттар, куралдар ж.б.).

• Окуучулардын билимдерди өздөштүрүүсүнүн жана акыл жагынан өнүгүүсүнүн эффектин максималдуу жогорулатуу үчүн окуу процессинин негизги ушул компоненттеринин бири-бирине туура байланышын таап аныктоо дидактиканын эң негизги проблемасы болуп эсептелет» [71.-80-81-б.].

Ошентип, легендалык чыгармаларды окутууда педагогикалык шарттарды жана дидактикалык принциптерди эске алуу – проблеманы туура түшүнүүгө жана чечүүгө негиз болот. Андыктан легендалык чыгармаларды окутуу аркылуу, анын ичинде залкар жазуучу Ч. Айтматовдун уламыштын негизинде жазылган чыгармалары аркылуу берген таалим-тарбия жана андагы жалпы адамзаттык баалуулуктардын чагылдырылышы жаш муундарды калыптандырууда, аларга бекем таасир бере ала турган, алардын жан дүйнөсүн адамгерчиликке, гумандуулукка, жакшылыкка, боорукердикке, сабырдуулукка, арууулукка, үндөй алат десек жаңылышпайбыз.

Ушул өңүттөн алып караганда, өсүп келе жаткан жаш муундарды маалыматтык коомдо татыктуу тарбиялоодо келечек муундарыбыздын инсан катары өнүгүүсү туура багытта жүрөт.

Учурда Кыргызстандын орто мектептериндин 5-9-класстарга легендалык чыгармаларды окуп үйрөнүүгө мектеп программасында жалпы 17 саат берилген.

Легендалык чыгармалардагы чагылдырылган ар бир баалуулук, чыгарманы окуп, талдоо жүргүзгөн ар бир мугалим, жаш муундар, жалпы эле адамдар үчүн өзүнүн милдетин аткарбай койбойт. Жалпы адамзаттык баалуулуктарды: улуттук рухий байлыгыбызды, эл-жерибиздин тарыхын

билүү, гумандуулук, мээнеткечтик, Ата Журтту сүйүү, ыймандуулук, акыйкаттык, абийир тазалыгын калыптандырууга өбөлгө түзүлөт.


Элдик оозеки чыгармалар – элдин кылымдардан бери жыйнап, чогултуп, муундардан муундарга өткөрүп келе жаткан баалуу мурасы. Ал чыгармалар менен элдин жамандык-жакшылык, сулуулук-куниктик сыяктуу эстетикалык түшүнүктөрү калыптанып келген, демек калктын кылымдар бою келе жаткан ошол табитине аяр мамиле жасоо бүгүнкү адабият мугалиминин башкы милдети.

Кандай гана керемет шык болбосун, ал өзүнөн өзү, окуп-үйрөнүүсүз, иш-аракетсиз өнүгө албастыгын көптөгөн изилдөөлөр ырастайт.

Баланын катылып жаткан жөндөмдүүлүктөрүнүн ачылышына, ар тараптуу окутуп-өстүрүүгө, балдардын көп кырдуу жөндөмдүүлүктөрүн максаттуу, массалуу түрдө өнүктүрүүгө мектеп чоң мүмкүндүк берет. Жаш муундар ар бир сабакта жаңы, кызык нерселерди билгиси келет. Кызыктуу да, натыйжалуу да билим бериш үчүн мугалимден чоң жоопкерчилик талап кылынат. Бирок жөндөмдүүлүктү өркүндөтүүгө, же жарым-жартылай өркүндөтүүгө, же таптакыр жок кылууга болот. чыгармачыл мугалим гана өз окуучусуна таасир калтыра алат. Өзүнүн адабият мугалими Войзеховичти улуу окумуштуу Н.М.Пирогов, белгилүү педагог Водовозов, методист, академик М.А.Рыбникованы, кыргыз Эл мугалимдери Б.Батыркуловду, М.Байымбетовду да окуучуларынын эскерүүлөрүндө аларды өмүр бою эстеп калганын айтышат. Маалыматтын иргөөдөн өтүшү биз колдонгон окутуу усулдарына да байланыштуу болорун эске алсак, эң жакшы метод кырдаалга шайкеш келген метод экендигин унутпашыбыз керек. Интерактивдүүлүк азыркы кыргыз адабиятын окутуу практикасына эмне зарылдыктан келип кирди? Ал азыркы учурда адабиятты окутуунун, деги эле мектепте окутуунун жадатма жолдорунун басымдуулук кылып, алардын балдарды кызыктырбай жатышы менен байланышат.


«Педагогиканын тарыхында окутуудагы методдорду классификациялоо тууралуу эмгектер өтө көп, ошолордун бири азыркы дидактикада алардын сабакта колдонулушун жалпылап, үч топко – пассивдүү, активдүү, интерактивдүү топторго бөлүштүрүп карайт, – деп жазып А.Муратов [114, 82] андан ары алар тууралуу мындай белгилейт.

**Пассивдүү методдо** мугалим сабак процессинин негизги башкаруучусу, башкы кыймылдаткыч күчү катары көрүнөт да, окуучулар анын иш-аракетин байкоочу, сөзүн тыңдоочу катары гана отурат. Мында көбүнчө лекция, суроо-жооп, текшерүү иштерин жазуу, тесттин суроолоруна жооп берүү, мугалимдин айтканын кайталоо сыяктуу ыкмалар колдонулат. Бул жол менен деле тажрыйбалуу мугалимдер көздөгөн максатына жетет.





**2-сүрөт. Пассивдүү метод**

Активдүү методдо мугалим менен окуучунун сабак процессиндеги алака-катышында окуучулар жандана баштайт, алар тыңдоочу, байкоочу позициядан таасир этүүчү, аракеттенүүчү абалга өтөт. Эгерде пассивдүү методдо мугалим башкы орунда болуп, сабактын жетектөөчү киши катары көрүнсө, активдүү методдо мугалим менен окуучу бирдей аракет кылып, тең салмактуулукта турушат. Окуучулар пассивдүү байкоочудан сабакка активдүү аралашуучуга айланат.



**3-сүрөт. Активдүү метод**

**Интерактивдүү метод** болсо активдүү методдун дагы өркүндөгөн формасы. Бул өзү «биргелешип аракет кылуу» дегенди түшүндүрөт, б.а., мугалим менен окуучу бири-бири менен биригип, бирдей аракет кылып, максатка жетүү жолун издешет. Бул деген мугалим менен окуучунун биримдигин гана түшүндүрбөйт, мында окуучулар да бири-бири менен чыгармачылык тыгыз байланышта аракеттенишет. Мында мугалим пассивдүү байкоочунун ролун гана аткарып калбайт, ал ар бир кыймыл-аракетте сабактын багытын нукка салып, интерактивдүү көнүгүүлөрдү жана тапшырмаларды берип, сабакты пландаштырып, айрым учурда күтүлбөгөн экспромт менен классты жаңы кырдаалга алып келет. Мында бүтүндөй класс жандуу аракетте, кыймылда, чыгармачылык изденүүдө болот.




**4-сүрөт. Интерактивдүү метод**

Интерактивдүү окутуу тууралуу Кыргызстанда алгачкы адабияттар 2000-жылдардан баштап чыга баштады жана аны, негизинен, эл аралык уюмдар («Сорос-Кыргызстан», «ПИКС», «АКСЕЛЬС», «ЮСАИД» ж. б.) менен иштеген окумуштуулар, тренингдер, мугалимдер практикага киргизди [81, 8-9].

Ал эми кыргыз адабиятын окутуудагы интерактивдүүлүктүн зарылдыгы, технологиялары С.Байгазиевдин макаласында [20] жана методикалык колдонмосунда [21] биринчи чыйыр катары алгачкы жолдор салынды. Кыргыз адабияты предметинин мазмунунун тереңдетилиши, окутуунун жана уюштуруунун инновациялык формаларынын, ошондой эле билим берүү процессинде көргөзмө каражаттардын, компьютердин эффективдүү

колдонулушу, проблемалык окутуунун ишке ашырылышы окуучулардын терең билим алуусуна мүмкүнчүлүк түзүп, таанып билүү ишмердүүлүгүнүн жана чыгармачылык жөндөмүнүн өсүшүнө шарт болот. Окуучулардын бул сапаттарын калыптандыруу, ар бир мугалимдин чыгармачылык ишмердүүлүгүн натыйжасында гана чечилет.

Ушунда жогорудагы интерактивдүү делген ыкма-каражаттардын, методдордун кайсылары кыргыз адабияты сабагында колдонууга көбүрөөк ылайыктуу экенин аныктап алуу зарыл. Себеби бул ыкма-каражаттардын айрымдары окуучуну кошумча түйшүккө кабылтып, анын алган билиминин артылышына, бекемделишине жарытып көмөкчү боло ала тургандай эмес, тескерисинче программалык материалды тереңдетип өздөштүрүүдөн алаксытып, сөздүн маанисинде залакасы тийчүдөй. Ошондо мектептеги адабият сабагын өтүү үчүн пайдалуу интерактивдүү метод-ыкмалардын эсебине сөзсүз Блумдун ромашка гүлү, акыл-эс чабуулу, сынчыл ойлом, түгөйлөшкөн акыл-эс чабуулу, тайпалык акыл-эс чабуулу, чаташкан логикалык чынжырлар, эркин жазуу, ролдук оюн жана имитация, ийрек (зигзаг), дискуссия; өтүлгөн темаларды кайталоонун ыкмаларынан:карусель, Троян аты, рангалоо (ранжировка), Венндин диаграммасы, кластер түзүү, эки бөлүктүү күндөлүк, башкарып окутуу, биргелешип издөө, суроолор дарагы, концептуалдык карта, кубиктер текстин түзүү, аналитикалык жалпылоо кирет. Буларды мугалим зарылдыгына карай иргеп алып, өтүлчү адабият сабагына ылайыктап колдонот. Жаңы материалды өздөштүрүү сабактарында бул ык-амалдардын айрым фрагменттери гана колдонууга алынышы ыктымал, мында көбүнчөсү салттуу методдорго артыкчылык берилет. Өтүлгөндү бышыктоо, бекемдөө, тереңдетип өздөштүрүү, кайталоо жана жыйынтыктоо сабактарында интерактивдүү ык-амалдар, методдор, интерактивдүү дидактикалык оюндар, сабактын салттуу эмес формалары улам көбүрөөк пайдаланылып баштайт.

Арийне, өтүлчү сабактын өтүлүш усулун, ыкма-каражаттарын туура тандоо ийгиликке жетишүүнүн башкы өбөлгөлөрүнүн бири экендигин мугалим дайым көңүлүнө түйө жүрүшү зарыл. Инновациялык иштердин көп түрдүүлүгү, алардын бири экинчисин толуктоосу жана алардын мезгилдүү түрдө кайталануусу жакшы натыйжа берет.

## 2.2. Педагогикалык эксперименттик иштердин жүрүшү

Легендалык чыгармаларды мектепте окутулушу мектепте кандай жүрүп жаткандыгын атайын изилдөө үчүн педагогикалык тажрыйбаны жүргүздүк. Тажрыйбалык база катары Бишкек шаарындагы Профессор А.Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи, Жалал-Абад областына караштуу Токтогул районунун Кара-Жыгач айылындагы Т.Жүндүбаев орто мектеби, Чүй областынын Москва районундагы К.Сыйданов атындагы жалпы билим берүү мектеби, Ош шаарындагы №52 “Кыргыз-Түрк достугу” жана “Жетиген” мектеп-лицейлери тандалып алынды. Экспериментибиз төмөндөгүдөй критерйилердин негизинде жүргүзүлдү. 1. Окуучулардын легенда жана уламыш деген терминдердин маанисин туура түшүнүшү 2. Легендалык жана уламыштын негизинде жазылган чыгармалар деген түшүнүктү туура талдай билиши, бир түшүнүк катары кабыл алышы 3. Легендалык жана уламыштык чыгармалар менен реалдуу темада жазылган чыгармаларды айырмалап жана жалпылаштырып түшүнө алышы, 4. Легендалык жана уламыштын негизинде жазылган чыгармалардын маани-маңызын, ролун изилдеп, талдап түшүнүшү 5. Уламыштык жана легендалык чыгармалардын сюжеттери менен мазмунун жашап жаткан мезгили менен байланыштыра түшүнүп, алардын тарбиялык маанисин түшүнө билүүсү.

**Биринчи этап** теориялык изилдөө этабы, изилдөөгө зарыл болгон маселенин абалын үйрөнүү болуп, эки багытта жүрдү биринчиден, терминдердин айырмачылыктарын, окшоштуктарын тактоо, бирдиктүү пикирге келүү, экинчи багыты окутуу практикасында уламыштын негизинде

жазылган чыгармаларды кантип окутуу керектиги, методдору, формалары иликтенди жана аныкталды. Легендалык чыгармаларды кыргыз орто мектептеринде окутуунун методологиялык негиздери изилденди: эстетика, тарых, адабият таануу, педагогика, психология, адабиятты окутуу методикасы боюнча эмгектер үйрөнүлдү жана легендалык чыгармаларды салттуу эмес жана интерактивдүү окутуунун теориядагы жана практикадагы абалы талданды.

**Экинчи этап** (2011-2012-ж.) *изденүүчү этап да 2 багытта жүрдү* биринчи багыты терминдердин айырмачылыктарын, окшоштуктарын тактоо, бирдейликке келүү, бир терминди сунуш кылуу, экинчи багыты окутуу практикасында уламыштын негизинде жазылган чыгармаларды кантип окутуу керектиги, методдору, формалары иликтенди жана аныкталды. Изилдөө, проблемалык, аңгемелешүү методдору, сабак-сахна, сабак-диспут, сабак-викторина, сабак-конференция сыяктуу сабактын формалары, интерактивдүү усулдар *легендалык чыгармаларды окутуудагы* салттуу эмес жана интерактивдүү окутууга коюлган жалпы талаптар аныкталып, окуу материалдары үйрөнүлдү, биз сунуш кылган методика менен үйрөнүүнүн натыйжалуулугу практикада текшерилди. Кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуу боюнча жүргүзүлгөн эксперименттин натыйжалары алынып, алар илимий-педагогикалык жактан талданды, изилдөөлөрдөн корутундулар чыгарылып, илимий-методикалык сунуштар иштелип чыкты.

**Үчүнчү этап** (2012-2019-ж.) тажрыйбанын жыйынтыктары ар түрдүү багытта талдоого алынды, материалдар салыштырылды, анализ жана синтез процесси менен теориялык ой корутундуларыбызды илимий-тажрыйбалык түрдө кайрадан бир жолу текшерүүдөн өткөрүү менен жалпы жыйынтыктарды коштук. Педагогикалык тажрыйбанын жүрүшүн анын натыйжаларын таблицалар аркылуу көрүүгө болот. Педагогикалык эксперимент Бишкек шаарындагы Профессор А.Молдокулов атындагы

Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи, Жалал-Абад областына караштуу Токтогул районунун Кара-Жыгач айылындагы Т.Жүндүбаев орто мектеби, Чүй областынын Москва районундагы К.Сыйданов атындагы жалпы билим берүү мектеби, Ош шаарындагы №52 “Кыргыз-Түрк достугу” жана “Жетиген” мектеп-лицейлеринин мугалимдери: Абдрахманова Чынара, Серкебаева Элзана, Жоробекова Калбү, Бекмурза кызы Айчүрөк, Мырзабекова Элиза, Аметжанова Наргиза,Кожоева Сырга,Эркинбаева Урмат, Номанова Жазгүл, Дадаева Айнаш, Абдивасиева Замира,Шамырзаев Илгизбек менен биргеликте өткөрүлдү.

Легендалык чыгармалар тууралуу окуучулардын билим деңгээлин текшерүү максатында сурамжылап анкета таратканыбызда, окуучулардын жообун үч түргө: толук жооп бергендер, жарым-жартылай жооп бергендер, жооп бербегендер деп бөлдүк. Буга Бишкек шаарындагы Профессор А.Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи, Токтогул районунун Кара-Жыгач айылындагы Т.Жүндүбаев орто мектеби, Чүй областынын Москва районундагы К.Сыйданов атындагы жалпы билим берүү мектеби, Ош шаарындагы №52 “Кыргыз-Түрк достугу” жана “Жетиген” мектеп-лицейлеринин 1020 (тажрыйба класстары – 510, текшерүү класстары – 510) (5,6,9-класстар) окуучусу катышты. Алгач оозеки анкеталык суроо-жооптор өткөрүлүп, жалпы эле легендалык чыгармаларды билүү, түшүнүү. 2. Легендалык чыгарманы айтып берүү 3. Чыгармага карата суроо түзө билүү тапшырмалар көндүмдөрү каралды.



**2-Сүрөт – Легендалык чыгармалар боюнча оозеки иштеринин жыйынтыктары.** Ушул эле суроо-тапшырмалар менен дагы бир жолу окуучуларга анкета таркатылды. Тажрыйбанын 2-этабында да окуучулардын саны 1-этапта катышкандай 510 баланы түзүп, тажрыйба жана текшерүү класстарына 510 окуучудан бөлүндү. Биздин окутуу системабыз кабыл алынган соң дагы бир жолу кайрылып көргөндө, анда башкача жыйынтыкка күбө болдук. 3-сүрөт




**3-сүрөт – Легендалык чыгармалар боюнча оозеки иштеринин жыйынтыктары.**

Мында сапаттык өсүш 15-20 % га жогорулагандыгы байкалды.

Дагы бир тажрыйбабыз легендалык чыгармаларды окуучулардын кандай деңгээлде талдай ала тургандыгын көрсөтүүгө арналды. Төмөндөгүдөй суроолорду берүү менен окуучулардын легендалык чыгармаларды өздөштүрүү деңгээлдерин аныктай алдык:

1. Легендалык чыгармалар дегенди кандай түшүнөсүң?
2. Легендалык чыгарма менен адабий жомоктун айырмасы эмнеде деп ойлойсун?
3. «Бугу Эне» менен “Эненин жүрөгү”, “Карагул ботом” легендалык чыгармаларынын окшоштук жактары барбы?
4. Легендалык чыгармалардагы көйгөйлөр азыркы учурда кездешеби?

   Бул тапшырмаларга төмөнкүдөй баалоо критерийлери коюлду:

1-суроо-тапшырма боюнча: окуучунун адабий өзгөчөлүгүн өздөштүрүүсү, андагы окуяларга карата ажыратып-тааный билүүсү жана өз оюн так, ырааттуу жеткире алуусу эске алынды.

2-суроо-тапшырма боюнча: легендалык чыгармаларды талдоодо аргументтүү далилдерди келтирүү менен өз оюн ынанымдуу жеткире алуусу бааланды.

3-суроо-тапшырма боюнча: «Бугу Эне» менен “Эненин жүрөгү”, “Карагул ботом” чыгармаларынын окшоштук жактарын баяндалган окуяларга карап таба билүүсү жана өз оюн далилдер менен бекемдеп берүүсү аркылуу айкындалды.

4-суроо-тапшырма боюнча: Легендалык чыгармалардагы көйгөйлөр азыркы учурда кездеше тургандыгын мүнөздөп, мисалдар менен далилдеп беришине жараша бааланды.

Натыйжада көрсөткүчтөр төмөнкүдөй болду.

**2.2.3-таблица – Легендалык чыгармаларды өздөштүрүү боюнча окуучулардын өздөштүрүү деңгээлин аныктоо**

| **Чыгармалар** | **«Бугу Эне»** | | **«Карагул ботом»** | | **«Эненин жүрөгү»** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Классы** | **саны** | **%** | **Саны** | **%** | **саны** | **%** |
| «А» тажрыйбалык топ | 170 | 123 (58,5%) | 186 | 105 (56,5%) | 173 | 103 (59,5%) |
| «Б» текшерүү тобу | 170 | 87 (41,5%) | 186 | 81(43,5%) | 173 | 70 (40,5%) |
| **Айырмасы:** | | 17 % | | 13 % | | 19 % |

Мында тажрыйбанын 3-этабында «А» тобундагылар «Бугу Эне» легендасын 17 %, «Карагул ботом» чыгармасын 13 %, «Эненин жүрөгү» легендалык чыгармасын 19% жакшы өздөштүргөнү байкалды.

Тажрыйба өткөрүлгөн класстардын окуучуларынын чыгарманы өздөштүрүүсү, образдарды талдоодо эркин ой жүгүртө алгандыгы көрүнүп турат. Салыштырсак, тажрыйба класстарында окуучулардын чыгарманы

өздөштүрүү деңгээли жогору. Бул биздин илимий божомолубуздун тууралыгын аныктайт.

Мониторинг боюнча окуучулар «Ененин жүрөгү» легендалык чыгармасын башка чыгармаларга караганда дурусураак өздөштүрүшкөн, эне темасы, энелердин эрдиги, эненин боорукердиги, эне темасы ар дайым актуалдуу экендигине да байланыштуу болду.

Бишкек шаарындагы Профессор А.Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи, Токтогул районунун Кара-Жыгач айылындагы Т.Жүндүбаев орто мектеби, Чүй областынын Москва районундагы К.Сыйданов атындагы жалпы билим берүү мектеби, Ош шаарындагы №52 "Кыргыз-Түрк достугу" жана "Жетиген" мектеп-лицейлеринин V класс 170 окуучусунан алынды.

- «Карагул ботом» элдик чыгармасын окуу менен биринчи кезекте эмнеге үйрөндүң? – деген суроого окуучулар төмөнкүлөрдү белгилешти:

**2.2.4.-таблица– «Эненин жүрөгү» уламышын кабыл алуу деңгээли**

| **Окуучулардын жооптору** | **Пайыздык көрсөткүч** |
|---|---|
| Ата-энени сыйлоону, сөзүн угууну | 68 (39,3 %) |
| Шок, сук болбоону | 39 (22,5 %) |
| Акылдуу болууну | 21 (12,3%) |
| Энелер балдары үчүн баарына даяр экендиги | 14 (8 %) |

Мындан көрүнүп тургандай элдик чыгарманы окуу аркылуу окуучулар туура тарбия алып жаткандыктарын тастыкташты.

**2.2.4. -Таблица– Легендалык чыгармаларды өздөштүрүү боюнча окуучулардын билиминин сапаты (тажрыйбага чейинки этап)**

**2015-2019-жылдар**

**5-класс**

Мындан көрүнүп турган нерсе текшерүү жүргүзүлүүгө тандалган топ (840 окуучу) менен байкоо жүргүзүлүүчү топтун (840 окуучу) ортосундагы

айырма дээрлик жок. Биз тажрыйба жана байкоо жүргүзүү үчүн өздөштүрүүсү бирдей эле класстарды тандап алдык.

Андан кийин тажрыйба жүргүзүүчү 36 мугалимди тандадык (алар үчүн күчтүү мугалимдерди ылгап алган жокпуз); окуучулар үчүн окуу программасын, окуу китептерин карап, айрым өзгөртүүлөрдү киргиздик; кошумча материалдарды белгиледик; өзүбүздүн жеке методикалык сунуштарды бердик; айрым учурда зарылдыгы болгон кезде өзүбүз да сабак өттүк. Азыркы окуучуну өзүнө тарта турган слайд, анимация, мультимедия, ролигдер, интерактивдүү оюндар мугалимдер тарабынан билгичтик жана чыгармачылык менен колдонулганда гана өз максатына жетет деп эсептеп, ошолорду колдондук. Ал эми анын башкы максаты – окуучуну адабий көркөм сөз менен тарбиялоого салым кошуу. Мисалы, мындай бир сабактарды жүргүздүк.

Легендалык чыгармаларды окутууда легендалардын жанрдык өзгөчөлүгүнө көңүл бурулушу маанилүү, анткени легендадагы же уламыштагы уламыштык негизди түшүнбөсө окуучу ал чыгармадагы идеялык-тематикалык байлыкты өздөштүрө албайт, образдардан өзүнө жакын идеал таба албайт. Демек, уламыш дал ошол уламыштык мааниманызы менен адабият сабагына аралашууга тийиш.

## 2.3. Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары

Легендалык чыгармаларды окутууда акын-жазуучулар иштеп чыккан варианты менен элдик оозеки формадагы вариантын салыштырып көрүү; алардын жакындыгын жана алыстыгын белгилөө; фольклордук традицияларды өздөштүрүүнүн, интерпретациялоонун деңгээлин эске алуу; элдик чыгармадан соң аны иштеп чыгууда акын-жазуучунун индивидуалдуу изи, чыгармачылык фантазиясы жана кошумчалары кандай болгондугу; фольклордук сюжеттин жана композициянын, поэтиканын сакталышы ж.б. маселелерди окуучулар менен бирдикте талдоонун зарылдыгы байкалды.


Адатта элдик уламыштардын негизинде жазылган чыгармаларда сюжеттик сызык түз жүрүп, окуя ылдам өнүгөт, каармандардын жүрүш-турушу, кыймыл-аракети ачык көрүнөт. Бул чыгармаларды өздөштүрүүдө окуучуларга бир топ жеңилдик жаратса, ошол эле кезде андай чыгармалардагы элдик идеяларды, элдик идеалды таап чыгуу бир топ татаал чыгармачылык процесс болуп эсептелет. О.э мындай чыгармаларды мектептик талдоонун эң башкы багыты – алардын тил байлыктарын өздөштүрүү менен байланышат, буларда элдик тилдин куту сиңдирилген, демек адабият сабактарында ошол тил байлыгын алып чыгуу зарыл деп эсептейбиз.

**2.2.5.- таблица. Легендалык чыгармаларды өздөштүрүү боюнча окуучулардын билиминин сапаты (тажрыйбага чейинки этап)**

**5-класс 2016-жыл**

| **Мектеп** | **Класс/түрү** | **Окуучу саны** | **Баалар** | | | | **Көрсөткүч** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **“5»** | **«4»** | **«3»** | **«2»** | **% билим сапаты** |
| №5 Профессор А.Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи | т. | 60(2кл) | 10 | 16 | 28 | 6 | 57% |
| | б. | 60(2кл) | 12 | 14 | 29 | 5 | 43% |
| Токтогул районундагы Кара-Жыгач айылындагы Жүндүбаев атындагы орто мектеби | т. | 25(1кл) | 5 | 8 | 9 | 3 | 52% |
| | б. | 25(1кл) | 4 | 7 | 10 | 4 | 48% |
| Москва районунун Курманбек Сыйданов орто мектеби | т. | **25 (1кл)** | 6 | 6 | 10 | 3 | 48% |
| | б. | **25 (1кл)** | 5 | 6 | 11 | 4 | 44% |
| Ош шаарындагы №52 “Кыргыз-Түрк достугу” мектеп-лицейи | т | **30 (1кл)** | 6 | 10 | 11 | 3 | 53% |
| | б | **30(1к)** | 7 | 8 | 10 | 5 | 50% |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ош шаарындагы “Жетиген” мектеп-лицейи | т. | **3(1кл)** | 6 | 8 | 12 | 4 | 47% |
| | б. | **3(1кл)** | 4 | 11 | 12 | 3 | 50% |
| **Жыйынтыгы:** | **т.** | **170** | **33** | **48** | **70** | **19** | **51,4%** |
| | **б.** | **170** | **32** | **46** | **71** | **21** | **47%** |





**2.2.5. –таблица – Легендалык чыгармаларды өздөштүрүү боюнча окуучулардын билиминин сапаты (тажрыйбага чейинки этап)**

**6-класс 2016-жыл**

| **Мектеп** | **Класс Түрү** | **Окуучу саны** | **Баалар** | | | | **Көрсөткүч** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **5»** | **4»** | **3»** | **2»** | **% билим сапаты** |
| №5 Профессор А.Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи | т. | **60 (2кл)** | 10 | 16 | 29 | 5 | 43% |
| | б. | **60 (2кл)** | 12 | 16 | 26 | 6 | 46% |
| Токтогул районундагы Кара-Жыгач айылындагы Жүндүбаев атындагы орто мектеби | т. | **25**(1кл) | 5 | 6 | 11 | 4 | 44% |
| | б. | **25**(1кл) | 5 | 7 | 10 | 3 | 48% |


| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Москва районунун Курманбек Сыйданов орто мектеби | т. | 25(1кл) | 4 | 7 | 8 | 4 | 48% |
| | б. | 25(1кл) | 3 | 8 | 10 | 4 | 48% |
| Ош шаарындагы №52 “Кыргыз-Түрк достугу” мектеп-лицейи | т. | **30 (1кл)** | 6 | 8 | 12 | 4 | 47% |
| | б. | **30 (1кл)** | 4 | 11 | 12 | 3 | 50% |
| Ош шаарындагы “Жетиген” мектеп-лицейи | т. | **30 (1кл)** | 6 | 10 | 11 | 3 | 53% |
| | б. | **30 (1кл)** | 4 | 10 | 11 | 5 | 47% |
| **Жыйынтыгы:** | **т.** | **170** | **31** | **49** | **72** | **18** | **47%** |
| | **б.** | **170** | **30** | **50** | **71** | **19** | **48%** |




**2.2.6-таблица– Легендалык чыгармаларды өздөштүрүү боюнча окуучулардын билиминин сапаты (тажрыйбага чейинки этап) 9-класс**

| **Мектеп** | **Класс /түрү** | **Окуучу саны** | **Баалар** | | | | **Көрсөткүч** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **5»** | **4»** | **3»** | **2»** | **% билим сапаты** |
| №5 Профессор А.Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи | т. | **60 (2кл)** | 12 | 16 | 27 | 5 | 47% |
| | б. | **60 (2кл)** | 10 | 20 | 24 | 6 | 50% |
| Токтогул | т. | **25** | 4 | 9 | 9 | 3 | 52% |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| районундагы Кара-Жыгач айылындагы Жүндүбаев атындагы орто мектеби | | **(1кл)** | | | | | |
| | б. | **25**(1кл) | 3 | 8 | 10 | 4 | 48% |
| Москва районунун Курманбек Сыйданов орто мектеби | т. | **25 (1кл)** | 5 | 6 | 11 | 4 | 44% |
| | б. | **25**(1кл) | 5 | 7 | 10 | 3 | 48% |
| Ош шаарындагы №52 “Кыргыз-Түрк достугу” мектеп-лицейи | т. | **30 (1кл)** | 5 | 11 | 11 | 3 | 53% |
| | б. | **30 (1кл)** | 6 | 9 | 10 | 5 | 50% |
| Ош шаарындагы “Жетиген” мектеп-лицейи | т. | **30 (1кл)** | 6 | 8 | 12 | 4 | 47% |
| | б. | **30(1кл)** | 4 | 11 | 12 | 3 | 50% |
| **Жыйынтыгы:** | **т.** | **170** | **32** | **50** | **70** | **18** | **48** |
| | **б.** | **170** | **28** | **55** | **66** | **21** | **49,2** |





Мындан көрүнүп турган нерсе текшерүү жүргүзүлүүгө тандалган топ (510 окуучу) менен байкоо жүргүзүлүүчү топтун (510 окуучу) ортосундагы айырма дээрлик жок. Биз тажрыйба жана байкоо жүргүзүү үчүн өздөштүрүүсү бирдей эле класстарды тандап алдык.

Андан кийин тажрыйба жүргүзүүчү мугалимдерди тандадык (алар үчүн күчтүү мугалимдерди ылгап алган жокпуз); окуучулар үчүн окуу программасын, окуу китептерин карап, айрым өзгөртүүлөрдү киргиздик; кошумча материалдарды белгиледик; өзүбүздүн жеке методикалык сунуштарды бердик; айрым учурда зарылдыгы болгон кезде өзүбүз да сабак өттүк. Азыркы окуучуну өзүнө тарта турган слайд, анимация, мультимедиа,

интерактивдүү оюндар мугалимдер тарабынан билгичтик жана чыгармачылык менен колдонулганда гана өз максатына жетет деп эсептеп, ошолорду колдондук. Ал эми анын башкы максаты – окуучуну адабий көркөм сөз менен тарбиялоого салым кошуу. **2.2.7. -таблица– Легендалык чыгармаларды өздөштүрүү боюнча окуучулардын билиминин сапаты (тажрыйбанын соңку этабы)**


**5-класс**

| **Мектеп** | **Класс** | **Окуучу саны** | **Баалар** | | | | **Көрсөткүч** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **«5»** | **«4»** | **«3»** | **«2»** | **% билим сапаты** |
| №5 Профессор А.Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи | т | 60(2кл) | 10 | 16 | 28 | 6 | 62% |
| | б | 60 (2кл) | 12 | 14 | 29 | 5 | 44% |
| Токтогул районундагы Кара-Жыгач айылындагы Жүндүбаев атындагы орто мектеби | т | 25 (1кл) | 5 | 8 | 9 | 3 | 60% |
| | б | 25(1кл) | 4 | 7 | 10 | 4 | 47% |
| Москва районунун Курманбек Сыйданов орто мектеби | т | 25 (1кл) | 6 | 6 | 10 | 3 | 58% |
| | б | 25(1кл) | 5 | 6 | 11 | 4 | 44% |
| Ош шаарындагы №52 “Кыргыз-Түрк достугу” мектеп-лицейи | т | 30 (1кл) | 6 | 10 | 11 | 3 | 64% |
| | б | 30(1кл) | 7 | 8 | 10 | 5 | 50% |
| Ош шаарындагы “Жетиген” мектеп-лицейи | т | 30(1кл) | 6 | 8 | 12 | 4 | 60% |
| | б | 30(1кл) | 4 | 11 | 12 | 3 | 50% |
| Жыйынтыгы: | т. | 170 | 33 | 48 | 70 | 19 | 60,8% |
| | б. | 170 | 32 | 46 | 71 | 21 | 47% |





**2.2.8.-таблица– Легендалык чыгармаларды өздөштүрүү боюнча окуучулардын билиминин сапаты (тажрыйбанын соңку этабы) 6-класс**

| Мектеп | Класс т | Окуучу саны | Баалар | | | | Көрсөткүч |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | «5» | «4» | «3» | «2» | % билим сапаты |
| №5 Профессор А.Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи | т. | 60(2кл) | 10 | 16 | 29 | 5 | 60 |
| | б. | 60(2кл) | 12 | 16 | 26 | 6 | 46% |
| Токтогул районундагы Кара-Жыгач айылындагы Жүндүбаев атындагы орто мектеби | т. | 25(1кл) | 5 | 6 | 11 | 4 | 64% |
| | б. | 25 (1кл) | 5 | 7 | 10 | 3 | 48% |
| Москва районунун Курманбек Сыйданов орто мектеби | т. | 25 (1кл) | 4 | 7 | 8 | 4 | 56% |
| | б. | 25 (1кл) | 3 | 8 | 10 | 4 | 48% |
| Ош шаарындагы №52 “Кыргыз-Түрк достугу” мектеп-лицейи | т. | 30 (1кл) | 6 | 8 | 12 | 4 | 60% |
| | б. | 30(1кл) | 4 | 11 | 12 | 3 | 50% |
| Ош шаарындагы “Жетиген” мектеп-лицейи | т. | 30 (1кл) | 6 | 10 | 11 | 3 | 68% |
| | б. | 30(1кл) | 4 | 10 | 11 | 5 | 47% |
| **Жыйынтыгы:** | т. | 170 | **31** | **49** | **72** | **18** | **61,6%** |
| | б. | 170 | **30** | **50** | **71** | **19** | **48%** |




**2.2.9.- Таблица– Легендалык чыгармаларды өздөштүрүү боюнча окуучулардын билиминин сапаты (тажрыйбанын соңку этабы) 9-класс**

| Мектеп | Класс Тобу | Окуучулардын саны | Баалар | | | | Көрсөткүч |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 5» | 4» | 3» | 2» | % билим сапаты |
| №5 Профессор А.Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи | т. | **60 (2кл)** | 13 | 19 | 26 | 2 | 53,3 |
| | б. | **60 (2кл)** | 10 | 11 | 32 | 6 | 35,5 |
| Токтогул районундагы Кара-Жыгач айылындагы Жүндүбаев атындагы орто мектеби | т. | **25 (1кл)** | 13 | 19 | 10 | 2 | 72,7 |
| | б. | **25(1кл)** | 10 | 17 | 14 | 4 | 60,0 |
| Москва районунун Курманбек Сыйданов орто мектеби | т. | **25 (1кл)** | 13 | 20 | 23 | 4 | 55,0 |
| | б. | **25(1кл)** | 11 | 19 | 22 | 8 | 50,0 |
| Ош шаарындагы №52 “Кыргыз-Түрк достугу” мектеп-лицейи | т. | **30 (1кл)** | 10 | 22 | 20 | 2 | 59,2 |
| | б. | **30(1кл)** | 9 | 20 | 23 | 9 | 47,5 |
| Ош шаарындагы “Жетиген” мектеп-лицейи | т. | **30(1кл)** | 8 | 9 | 4 | 2 | 73,9 |
| | б. | **30(1кл)** | 5 | 8 | 7 | 5 | 52,0 |
| **Жыйынтыгы:** | **т.** | **170** | 11 | 15 | 10 | 4 | 65,0 |
| | **б.** | **170** | 11 | 10 | 15 | 6 | 52,3 |




Таблицадан көрүнүп тургандай текшерүү тобу (510 окуучу) менен байкоо тобунун (510 окуучу) ортосундагы айырма чыкты. Ал текшерүү тобундагы окуучулардын сапаттык деңгээлинин («4» жана «5» деген баалардын) көбөйгөндүгү, «2» алгандардын дээрлик азайгандыгы менен түшүндүрүлөт. Эгерде тажрыйбага чейин тажрыйба тобунда сапаттык өздөштүрүү 47,7% болсо, тажрыйбадан кийин бул көрсөткүч 61,2% болуп, 13%да өсүш берди. Ал эми байкоо тобунун сапаттык көрсөткүчү тажрыйбага чейин 48,5% болсо, тажрыйбадан кийин 48,2% болуп дээрлик өзгөрүү байкалбады. Таблицада ар бир мектеп боюнча конкреттүү көрсөтүлдү.

Легендалык чыгармаларды кыргыз орто мектептеринде интерактивдүү окутуунун компоненттери

| | |
|---|---|
| Максаты | Кыргыз орто мектептеринин V-VI, IX класстарында үйрөнүлүүчү легендалык чыгармалардын мазмунун, максатын аныктоо, аларды интерактивдүү окутуунун жолдорун илимий-теориялык негизде иштеп чыгуу жана аны эксперимент жолу менен текшерүү |
| Милдеттери | - V-IX класстарда легендалык чыгармаларды окутуп-үйрөтүүнүн учурдагы абалын, окуу программаларындагы, окуу китептериндеги орун алышын жана илимий-методикалык эмгектердеги изилденишинин деңгээлин аныктоо, аларды илимий-методикалык жактан жалпылоо;<br>- легендалык чыгармаларды окутууда салттуу жана интерактивдүү методдорду айкалыштыруу аркылуу |

| | |
|---|---|
| | окуучулардын көркөм-эстетикалык, адеп-ахлактык, инсандык баалуулуктарын калыптандыруунун мүмкүндүктөрүн табуу;<br>- легендалык чыгармаларды окутууда инновациялык технологияларды пайдалануунун артыкчылыктарын көрсөтүү аркылуу окутуунун натыйжалуу методдорун иштеп чыгуу;<br>- иштелип чыккан теориялык жана практикалык ой-корутундуларды педагогикалык тажрыйбадан өткөрүү, сунушталган методиканын майнаптуулугун практикада текшерүү. |
| Каражаттары | Тарыхый булактар, адабий сын жана адабият таануу китептери ж.б. |
| Формасы | Интерактивдүү окутулган кыргыз адабияты сабактары |
| Методдору | Көркөм окуу, башкарып окутуу, талаш-тартыш, оюн технологиялар, ролдоштуруу, синкейн, эки бөлүктүү күндөлүк, “ой калчоо” |
| Натыйжалар | Легендалык чыгармалар менен адабий жомоктордун айырмачылыгын, легенда менен уламыш түшүнүктөрүнүн синоним экендигин билишти;<br>Легендалык чыгармалардын мазмунун тереңирээк талдоого жетишти;<br>Күнүмдүк оозеки жана жазуу кебинде легендалык чыгармаларды көбүрөөк аралаштыра баштады;<br>Окуучулардын эстетикалык табити, эмоционалдык кабылдоолору бир топ жогорулады. |
| Жыйынтыгын текшерүүнүн чен-өлчөмдөрү | 1) окуучулардын оозеки кебин талдоо;<br>2) окуучулардын иштерин анализдөө;<br>3) чыгармаларды талдай билүүсүн байкоо;<br>4) тест тапшырмаларынын жыйынтыгы ж.б. |

2015-2019-жылдары жүргүзүлгөн эксперименттин жүрүшүндө жана жыйынтыктарында изилдөөнүн натыйжалары апробацияланды, тыянактарынын тууралыгы тастыкталды.

**II глава боюнча корутунду**

**«Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуп-үйрөтүүнүн методологиясы жана методдору»** деген аталышта берилип, методология, методдор жөнүндө маалымат берилилегендалык чыгармалардын өзгөчөлүктөрү талдоого алынып, аларды окутууда салттуу жана интерактивдүү методдорду оптималдуу пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрү аныкталды.

Легендалык чыгармаларды окутууда мугалимдин алардын жанрдык табиятына, өзгөчөлүгүнө өзгөчө көңүл буруу зарылдыгына токтолдук, анткени мындай чыгармалардын жанрдык табиятын окуучу терең түшүнбөсө, ал чыгармада чөгүп жаткан идеялык-тематикалык байлыкты өздөштүрө албайт, образдарынан өзүнө жакын идеал таба албайт. Демек, окутулуп жаткан чыгарманын дал ошол маани-маңызы адабият сабагынан орун алууга тийиш. Биз жогорудагы бөлүмдө дал ошол бөтөнчөлүктөрдү ачып көрүү аракетин көрдүк.

Жыйынтыктап айтканда, легендалык чыгармаларды мектепте окутуу менен алардын адептик тарбия алышына, эстетикалык табитинин жогорулашына өбөлгө түзөбүз десек жаңылышпайбыз. Бул аракетти ишке ашырууда төмөнкүлөргө токтолууну эп көрдүк:

1. Легендалык чыгармаларды үйрөтүүдө мугалимде жетиштүү деңгээлде ал тууралуу теориялык билимдин болушу шарт;
2. Аталган жанрды окутууда мугалим бул чыгармалардын тереңинде сүңгүп жаткан элдин тарбиялык улуу ойлорун окуучуга жаш өзгөчөлүгүн, кабыл алуусун, жөндөмүн эске алуу менен анын жан дүйнөсүнө сиңирүүгө жетишиши керек;
3. Окуучу мындай чыгармалардын маани-маңызын жетик аңдап түшүнүүсүнө жетишүү үчүн окутууда мугалимден жаңы, интерактивдүү ыкмаларды билүүнү талап кылат; Жогоруда биз токтолгон жагдайлар эске алынганда гана легендалык чыгармаларды окуучуга жеткирүү мүмкүнчүлүгү ишке ашат.

# III ГЛАВА
# ОРТО МЕКТЕПТИН КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ КУРСУНДА ЛЕГЕНДАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫ ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯСЫ

## 3.1. **Легендалык чыгармаларды окутуу аркылуу** окуучулардын адабий-эстетикалык билимин өркүндөтүүнүн технологиясы

Өлкөбүздү ар тараптуу өнүктүрүү багытында көптөгөн программалар иштелип чыкты. Алсак, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында 2020-жылга чейинки Билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы, КРнын Билим берүүнү өнүктүрүү жана "Санариптик Кыргызстан 2019-2023-жылдар" Концепцияларынын негизинде билим берүүдө өзгөрүүлөр, жаңылануулар болуп жатат. Албетте, кыргыз адабиятын окутуу тармагы да аталган стратегия жана концепцияларга негизделип, окутуудагы натыйжалуулукту ашыруу милдеттерин алат.

Билим берүүдөгү компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу максатында инсанга багыттап окутуудагы негизги жана предметтик компетенттүүлүктөргө *ээ болгон* окуучуларды тарбиялоо учурдун талабы. Предметтик компетенттүүлүк окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн сапаттык деңгээлин аныктоодо өзгөчө мааниге ээ. Мектептерде кыргыз адабиятын окутуудагы предметтик компетенттүүлүк окуу жана практикалык ишмердүүлүк менен дайыма жуурулушуп турганда гана натыйжалуу ишке ашат. Мисалы, о**курмандык компетенттүүлүктө** – адабий чыгармалардын эстетикалык маанисин өздөштүрүү, адабиятты искусствонун бир түрү катары түшүнүктү калыптандыруу, көркөм сөздөрдүн образдуулугу жана алардын көп маанилүүлүгү, көрүү жана угуу көндүмү жардамында сөздөрдү түшүнүү жана аларды жетиштүү деңгээлде өздөштүрүү, бул предмет теориялык –адабий түшүнүктөр тууралуу предмет эмес экендиги, тескерисинче, көркөм чыгарманы түшүнүүгө жардамдашкан каражат экендигин өнүктүрүү.

**Баалуулук-дүйнө таанымдык компетенттүүлүктө** – адабий чыгармаларда чагылдырылган инсандык баалуулуктарды жана дүйнө таанымдарын түшүнүү, адеп-ахлактык баалуулуктарга карата мамилени аныктоо, негиздөө, инсандык позицияларга бек туруу;

**Адабий-чыгармачылык компетенттүүлүк** – түрдүү жанрдагы жана формадагы адабий чыгармачыл жазуу иштерин (дил баяндарды) жүргүзүү жана жазууга жөндөмдүүлүктү калыптандыруу.

Окуучуларга жөнөкөй материалдардын топтомун берүү азыркы мезгилдин мугалимдерин канааттандырбайт. Бүгүнкү күндө билим берүүнүн негизги максаты –инсанды сынчыл ойлоого тарбиялоо, окутуу аркылуу окуучулардын ой жүгүртүүгө, түрдүү кырдаалдарды талдай алууга жана туура баа берүүгө, ар кандай маселелерди кароодо оптималдуу жол таба билүүгө үйрөтүү керектигин мугалим терең билүүсү зарыл.

Учурда окуучу үчүн зарыл болгон билимдерге жана компетенттүүлүктөргө (репродуктивдүү, продуктивдүү жана креативдүү) багытталган тапшырмаларды берүүнүн зарылдыгы жаралып жатат.

Адабият– бала тарбиялоодо инсандык асыл сапаттарга калыптандыруунун эң натыйжалуу каражаты болгондуктан, мугалим окуучулар менен компетенттүү жана коммуникативдик мамиле түзө алуусу, окуу процессинде теориялык түшүнүктөрдү практикада пайдалана алууга жатыктыруу, машыктыруусу зарыл. Аталган багыттагы изилденген психологиялык-педагогикалык эмгектердин арасында адабиятты окутуунун методикасы боюнча легендалык чыгармаларды окутуу да каралган. Легендалык чыгармалар аркылуу балдарды инсан катары туура калыптандырууга, турмуштун ооpremier-кыйыштарын үйрөтүүгө, жакшы менен жаманды ажырата билүүгө тарбиялоонун методикалык ык-жолдору иштелип келет. Учурунда бул маселеге орустун М.А.Рыбникова, В.В.Голубков, С.А.Смирнов, В.А.Никольский, Н.И.Кудряшев, Г.И.Беленький, О.Ю.Богданова ж.б. көптөгөн белгилүү методист-окумуштуулары өз эмгектеринде ар тараптуу, кенен

токтолушкан. Дегеле бул маселе КМШ өлкөлөрүнүн адабиятты окутуу методикасы илиминде кайсы бир деңгээлде калыптанып калганы анык.

Ал эми кыргыз адабиятын окутуу методикасында болсо, бул маселе өткөн кылымдын 50-жылдары каралып, адабият методикасы өзүнчө илим катары калыптанып баштаган 1960-жылдардын орто ченинен тарта улантылган. Улуттук адабият методикасы илиминин башатында белгилүү окумуштуу-методисттер К.Иманалиев менен Б.Алымов турду. Бул эки аалым аз гана жылдын ичинде кыргыз адабиятын окутуу методикасынын теориялык негиздерин иштеп чыгып, өнүктүрүп, жаңы деңгээлге көтөрүштү.

"Технология" деген терминди педагогика илиминде окутуунун каражаттарын, методдорун, ыкмаларын айкалыштырып, максатка жетүүнүн жолу катары түшүнүүгө болот. Технологиялар дайыма бир калыпта турбастан, дидакт окумуштуулардын жана практик педагогдордун изилдөөсүнөн улам жаңыланып, байытылып келет. Сабак технологиясыз өтүлбөйт, сабактын максаты технологиялар менен жүзөгө ашат.

Технология деген эмне? "Окутуунун технологиясы түшүнүгү, - деп жазат Н.Ибраева, XXкылымдын 50-жылдарынын аягында пайда болуп, педагогикалык илимде салыштырмалуу жаңы багыт. Ал эң биринчи америкалык, анан батыш европалык мектептерди реформалаган учурларда пайда болгон. Андыктан терминдин өзү биздин өлкөдө (СССРде) пайдаланылбаган. Ошентсе да Гальпериндин, Н.Ф.Талызинанын, П.М. Эрдниевдин, Беспальконун изилдөөлөрүндө технологиялык багыт орун ээлеп келген. ... Технология термини эки латын сөзүнөн түзүлгөн: "техне"-искусство, чеберчилик, өнөр; "логос"-илим. Эң алгач бул термин өндүрүшкө жаңылыктарды киргизүүнүн жыйынтыгын түшүндүргөн. Акыркы мезгилге чейин интеллектуалдык өндүрүштө, анын ичинде тарбия иштеринде технология түшүнүгү орун ээлеген эмес эле. Мына эми бүгүнкү күнү, Подласый айткандай, педагогикалык теорияда технологиялык мамиле бышып жетилип, анын максаттуулугуна жана рационалдуулугуна баа

берилип эске алына баштады. Кайсы иш-аракетти кылбайлы, ал же технология, же искусство болууга тийиш (В.П. Беспалько). Искусство интуицияга, технология илимге негизденет. Эгерде технология иштелип чыга элек болсо, интуициялары күчтүү, ийкемдүү адамдар жакшы жыйынтыкка жете алышат, б.а. жекече чеберчилик, өнөр алдыга чыгат.” [45 ] Окутуу технологиялары балдардын кызыгууларына карай жаңыланып туруусу зарыл. Алсак, учурдагы маалымат каражаттарынын аң-сезимге күчтүү таасири этип жаткан учурда мугалимдин окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ) аркылуу байланышкан мезгили кыйла натыйжалуу болот.

Легендалык чыгармалардын ар биринин жаралуу жана өсүүсү элдин дүйнөгө болгон көз карашын, географиялык жайгашуусун, жашоо тиричилигин, каада--салтын, маданиятын чагылдырат. Элдик оозеки чыгармалардагы түрдүү образдар, тема, мотив, формалар дагы жогорку деңгээлдеги көркөмдүктө чагылдырылып, жеке жана коллективдүү чыгармачылыктын негизинде татаал диалектикалык биримдигинде жаралышы анык. Балдар адабияты адам, анын жашоосу, табият, коом, эмгек, кулк-мүнөз ж.б. түшүнүктөрүн өстүрүп, тарбиянын жалпы элементтерин үйрөтөт [79, 377-б.].

Кара сөз жана ыр түрүндөгү легендалык чыгармалар негизинен орто мектептин V жана VI класстарында окуп үйрөнүлөт. Тактап айтсак, Ж.Садыковдун «Эненин жүрөгү», Ч.Айтматовдун «Бугу энеси» («Ак кеме» повестинин курамында) V класста, акын А.Осмоновдун «Толубай сынчы» жана Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек» поэмалары VI класста окуп өздөштүрүлөт. Алып карасак, профессор Б.Алымовдун 1981-жылы чыккан «Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы» деген эмгегиндеги материалдар [11., 97-118-б.], 1988–89-окуу жылына карата проф. К.Артыкбаев практик-мугалим Б.Исаков менен биргелешип чыгарган «5-класста «Биздин адабиятты» окутуунун методикалык колдонмосу» китебинде камтылган сунуш-багыттамалар [14.], ошондой эле Т.Молдогазиевдин жогоркуга удаа жарык

көргөн «Элдик оозеки чыгармаларды V–VI класста окутуу» аттуу басылмадагы тийиштүү бөлүмдөр [111. 73], И.Исамидиновдун адабият теориясын окутууга арналган эмгегиндеги «Бугу эне» адабий жомогуна байланыштуу материалдар [61], айрым практик мугалимдердин иш-тажрыйбаларын чагылдырган макалалар [2., 5., 18., 97., 111., 133., 159., 162.] ж.б.

Ар бир адабият мугалими көркөм тексттин ички маңызын ачып, ошол чыгармадагы сүрөттөлгөн кыргыз элинин башынан өткөн турмушун, бүгүнкү күнүн азыркы балдарга жеткирүү менен эртеңки муунду патриот кылып өстүрүүгө милдеттүү. Балдарда жыл сайын патриоттук сезимдер мокоп, Ата Журту үчүн күйүп-жанууга даяр турган муун бара-бара азайып баратканасыйт. Ошондуктан адабият сабагынын мугалимдери адабият сабагы аркылуу Ата Журтту сүйүүчүлөрдү, кыргыз патриотторун көбөйтүүнүн үстүндө иштешибиз керек. Ушул өңүттөн алып караганда, адабият сабагы, анын ичинде легендалык чыгармаларды окутуу- окуучулардын эстетикалык табитин арттырууда, рухий дүйнөсүн байытууда, ыймандуулукка, патриоттуулукка жана эмгекке тарбиялоодо, эне тилине, мекенине, элине болгон сүйүүсүн өнүктүрүүдө өзгөчө маанилүү предмет. Легендалык чыгармаларды азыркы замандын шартына ылайык, баланын сезимине таасир бере турган деңгээлге жеткирип алып чыгуу, баалуулуктарды бала дилине алып баруу, адабияттын рухий таасири менен баланы жаман адаттарга баштоочу жолдордон бошотууда актуалдуу бойдон калууда.

Замандын талабына ылайык азыр мугалимдин чыгармачылык менен эркин сабак өтүүсүнө шарт түзүлдү. Ошондуктан стандарттык эмес сабактар, интерактивдүү усулдар бүгүнкү күнү мектептерде кеңири колдонулууда. Демек, ар бир сабак мезгилдин талабына ылайык жандуу, окуучуга эстетикалык күч берүүчү сабак болушу керек.

Стандарттык эмес сабактарды өтүүдөгү максат окуучулардын активдүүлүгүн арттырууга багытталып, педагогикалык кызматташуу процессин жүргүзүү. Ошондой эле бул сабактарда окутуунун проблемалык,

индуктивдүү, дедуктивдүү методдору колдонулат. Мисалы, драмалык чыгармалар сабак-сахна формасында өтүлсө, окуучулар аны сахнага чыгарып, аткаруучулук жөндөмдүүлүктөрүн көрсөтүп гана тим болушпайт. Тигил же бул суроонун тегерегинде ар бир окуучунун ой жүгүртүүсүн, пикирин угуп, мугалим жалпы жыйынтык чыгарса, же тескерисинче, мугалим проблемалуу суроолорду берип, чечмелөөнү окуучуларга калтырса, алардын ой дүйнөсүнүн өсүшүнө шарт түзөт. Кандай учур болбосун, окуучунун жекече оюн жокко чыгарбай, анын туура, туура эмес экендигин аргументтүү фактылар менен далилдөө, алардын активдүүлүгүн төмөндөтпөйт.

Адабий чыгармаларды  азыркы проблемалар менен жуурулуштуруп чечмелөө окуучулардын көркөм чыгармага болгон кызыгуусун, адабий деңгээлин арттырат.

Окуучулардын адабий билим деңгээлин жогорулатууда, окуу-тарбия процесстерин өркүндөтүүдө элдик оозеки чыгармалардагы асыл нарктардын ролу зор. Элибиздин акылман накыл сөздөрү, учкул- кыялдары байыртадан тартып эле балдарды үй-бүлөдө, өзүн адептүү кармоого, сылык, кичипейил болууга, ата-энеге сый көрсөтүүгө, калп айтпай, туура сүйлөөгө үйрөтүп, тарбиялап келген этнопедагогикалык илим болуп саналат.

Жомок-элдин басып өткөн жолу. Жаңыны түзүү үчүн эскини билүү керек. Жомок, легенда аркылуу элибиздин миң жылдаган тарыхы ачылат. Ошондуктан фольклордогу элдик педагогикалык үлгүлөрдү мектеп тажрыйбасында пайдалануу маанилүү.

Элдик жомокторду, легендалык чыгармаларды окутууда окуучулардын туура түшүнүшү жана өздөштүрүшү үчүн мугалимдин эң жогорку билгичтиги, кыраакылыгы керек.

Мектеп программасы элдик оозеки чыгармалар окулуп бүткөндөн кийин эле жомоктордун, легендалардын сюжетинде жазылган чыгармаларды окутууну сунуш кылат. Бул окуучулардын түшүнүшү үчүн оңой, элдик

жомоктор, легендалар акындын калеминен кандайча жаңы мазмун менен формага ээ болорун окуучулардын тереңирээк түшүнүшүнө шарт түзөт.

Чыгармачылык менен элдик оозеки чыгармаларын пайдаланууну кандай түшүндүрүүгө болот? Залкар жазуучу Ч.Т.Айтматов бул жөнүндө мындай деген: “Көптөгөн жомокторду, элдик легендаларды, мифтерди эң сонун билген адамдар бар, алар окуялардын майда-чүйдөсүнөн бери эскерип айта алышат, бирок жазууга мына ушулар менен чектелүү жетишсиз. Ага учурдун талабына ылайык даярдык – азыркы деңгээлдеги билим жана дүйнөлүк маданияттын бүгүнкү күнкү бүткүл тажрыйбасы зарыл. Бул ага таяныч болот. Ушуга таянбай туруп жазуучу жергиликтүү проблемаларды тиешелүү деңгээлде көтөрүп чыга албайт” [5] . Жазуучунун чыгармаларынан элдик оозеки чыгармачылыкты заманбап окуялар менен жуурулуштурулган, учурдун проблемалары менен дал келтирген эң сонун үлгүлөрүн көрүүгө болот. Ч.Айтматов элдин байыркы тарыхына жана этнографиясына көз чаптырып, мезгилдин талабына ыйлыктап глобалдуу проблемаларды көтөрүп, муундан-муунга өтүп келе жаткан рухий маданиятына таянат. Ал окуяларды тизмегин жөн эле баяндоодон алыс болуп, катышкан каармандын руханий дүйнөсүн терен ачып, кечээки менен бүгүнкү күндү чиелентип, терең байланыштыра алат. Анын чыгармаларында элдик кенч - башкача керемет күч, зор касиет, элдик көтөрүңкү дух, улуттук колорит жатат. Жазуучу өзү да бул жөнүндө фольклорго атайылап кайрылбастыгын, атайын максат менен айкалыштырбастыгын жана ал качан гана чыгарма аны табигый түрдө талап кылып калганда колдонуларын айтып кеткен. Ч.Айтматов өзү айткандай, чыгармалары ички зарылдык болуп калганда гана пайдаланганы анын рухий дүйнөсүнүн кеңдигин айгинелейт.

Жазуучунун “Саманчынын жолу”, “Жамийла”, “Гүлсарат”, “Кылым карытар бир күн”, “Ак кеме”, “Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт” сыяктуу бардык баары өзүнчө дүйнө экенин окурмандар айтып жүрүшөт. Колдонулган легенда-уламыштар залкардын чыгармаларында кайрадан жаңы

гарма болуп жаңыча нукта көркөмдөлүп берилген. Алсак, “Ак кеме” повестиндеги “Бугу - Эне” тууралуу байыркы элдик легенданы чыгарма менен ажырагыс бир бүтүндүккө бириктирип, чыгарманын мазмунуна сыйлыгыштырып жиберген. Эгер биз чыгармадан аталган легенданы алып салсак, сюжеттин композициялык бүтүндүгү жоголуп, көптөгөн проблемалар көтөрүлгөн. Анда экологиялык глобалдуу проблемалар, т.а. табиаттагы жандыктар, айлана-чөйрөнү коргоо, жакшылыкка-жамандык, жаратылыш-энеге адамдар тарабынан зөөкүрлүк кылбоо, адамдардын руханий дүйнөсүнүн эки бөлөк экендиги (кең жана тар), руханий байлыктын жоготпоонун алдын алууу сыяктуу түбөлүктүү маселелер көтөрүлгөн.

Мына ушундай проблемалардын чордонунда **<u>“Бугу эне” жомогу</u>** <u>турат</u> **<u>(5-класс).</u>**

Уламыш боюнча кыргыздардын тукум курут болуп кетеринде бугу эненин балдарды сактап калганы баяндалат. Бирок, учурда бугу эне тукумун Орозкул сыяктуу руханий дүйнөсү жарды кишилер анын этин жеп гана тим болбостон, бугу эне тукумунун мүйүзүн көрүстөнгө белги катары коюп, жаныбарды кордоп жатышат. Мына ушундай кишилер бар экенин чыгармадагы бала сыпаттай алат. Бала өзүнүн баёо сезиминин призмасы аркылуу Орозкулга сыпаттама берет. Чыгармадагы сюжеттик конфликти Момундун Орозкулдан жеңилиши, баланын жаратылышка, адамдарга болгон адилетсиздик менен акырына чейин күрөшүп, аягында шейит кетиши, наристе таза сезимин булганбай таза бойдон жашоосунун токтошу менен аяктады. Бала адамдардагы мыкаачылык, зөөкүрчүлүк аракетин жектеди. Анын таятасы Момундун “жомогу” Балага өзгөчө таасир эткендигинен, бала бүтүндөй жан-дүйнөсү менен тазалыкты, арuулукту сүйчү. Мына ошол арuулук сезимин булгабастык үчүн бул жашоодо байтпады, ал өз өмүрүн кыюуга чейин барды. Бала бул легенданы мурда укпаган болсо, башкалар сыяктуу ал деле Орозкулдай кийинчерек зөөкүр болуп тарбияланышы мүмкүн эле. Чыгармада Бала Орозкулдан жеңилген жок, анын жан дүйнөсү,

аруу бойдон калды. Бала баскан жолу – өтө алыс жол. “Миф жана легендалар бул элдин акыл-эси, жомоктук-фантастикалык формада болсо да, анын философиясы жана тарыхы. Акырында бул элибиздин кийинки муундарга калтырган осуяты... Мени айрыкча таң калтырган нерсе “Бугу – Эне” жөнүндөгү байыркы жомоктор коюлган проблемалардын бүгүнкү күндө да өзүнүн нравалык маанисин жоготпой тургандыгы,”[1] – дейт Ч. Айтматов оозеки чыгармачылыкка берген бир баасында [5]

Мүйүздүү Эненин биздин тоолордогу жөнөкөй реалдуу жаныбар гана эмес экендиги, эзелтен келаткан салттык санжырадагы мурасыбыз, символубуз болуп калышы легенданын таасири экендишгин тануугa болбойт. Легендадан улам бугуга кол көтөрүү энеге кол көтөрүү менен барабардай сезилет. Легендада айтылган окуядагы бугунун тукумун адамдар тарабынан атылышы, мүйүзүн жара чабылышы – бала үчүн кадимкидей трагедия эле. Бала байыркы Мүйүздүү Энеге кол салуу катары сезди. Мына ошол “Бугу Эне” жомогу (“Ак кеме” повестинен үзүндү) 5-класста 3 саат убакыт менен үйрөнүлөт. Бул убакытта элдик легенданын жазуучу тарабынан иштелип чыгышы, сүрөттөө чеберчилиги, легенданын нравалык сабагы адам баласынын жакшылыкты унутуп өзүнө бир кезде өмүр берген Бугу-Энеге чыккынчылык кылышы, ыйман, адеп-ахлак жана экологиялык проблемаларды, бүгүнкү күн үчүн маанисин окуучуларга кызыктуу жана түшүнүктүү кылып жеткирүү керек.

Биринчи саатта доскага чыгарманын автору, аты жазылып, жазуучунун портрети илинип, жаңы тема боюнча тартылган сүрөт, плакаттар коюлат. Окуучулар менен жазуучу жана анын кандай чыгармаларын биле тургандыктары, чыгармалары боюнча кайсы көркөм фильмдерди көргөндүктөрү жөнүндө аңгемелешүү менен сабак башталат. Мугалим тарабынан залкар жазуучубуз Ч.Айтматовдун балалык чагы, чыгармачылык ийгиликтери жөнүндө айтылып легенда, легендалык чыгарма «Бугу эненин»

сюжетине байланышкан тарыхый окуялар жөнүндө маалымат берилет. гү катары мугалим бул чыгарманы 27-28 минутада окуп бүтөт. Жөн гана айтып берүүгө караганда түшүндүрүп көркөм окуу бир кыйла натыйжалуурак. Сөз берметтерин, кээ бир түшүнбөгөн сөздөрдү чечмелеп сөздүк дептерине жазууну сунуш кылат. Бул чыгарманы толук түшүнүшкөндөн кийин, кийинки сабакка сахна сабагы сунуш кылынат. Ролдорго бөлүштүрүп алышат.

**2-сабак**

**Автордун үнү:**

Бул жомок эзелки окуя. Илгери-илгери улуу уруу кыргыз журту Энесай деген өзөндүн боюн жайлап турат. Ал улуу дайра Сибирь деген жерден агат. Энесайдын боюнда ар уруу Эл жашап турат. Бири-бирин чаап алган, жоокерчилик заман. Кыргыздардын айланасында да кас душмандар. Кези келгенде кыргыздар касташкан уруунун үйүн өрттөп, күлүн көккө сапырып, малын айдап кетчү экен.

Кыйын кезең күндөрдүн бир күнүндө чоролор баштарын жерге салып, мөңкүрөп, кара кийген аялдар, кызыл кийген кыздар аза күтүшүп, Эл атасы, журт энеси, сол колдун башчысы Күлчө баатырдын сөөгүн жерег берип жаткан. Ошол күнү кол баштап нечен казатта жүрүп соо калган, нечен айыгышкан чабыштан жеңиш менен чыккан карт баатыр көрөр күнү, ичер суусу түгөнүп, каза табат. Ошентип отуруп, баатыр жигиттин чымындай жаны көккө учуп кетеринде, энедей жакын өзөн менен, атадай улук мекен алсын деп, баатырдын ырдаган ырын акыркы жолу эсине салышат. (Жалпы аза күткөн эл хор менен аткарышат)

Энесай, сендей жаркын өзөн барбы,
Энесай, сендей жаркын Мекен барбы?
Энесай, сендей жаркын азап барбы,
Энесай, сендей жаркын азат барбы?
Энесай, сендей жаркын өзөн болбос,

Энесай, сендей жаркын Мекен болбос!

Энесай, сендей жаркын азап болбос,

Энесай, сендей жаркын азат болбос! [ 16.78 ]

Мына ушундай аза күткөн күнү салтты бузуп, душмандар капысынан кол салышты. Жарак алып каршы туруугa, атка минип айкырып чыгууга эч ким үлгүрбөдү. Өмгөктөгөн карыдан эмчектеги балага чейин найзанын учуна, жаанын жебесине кетти. Ошондо таң эртеси менен токойго ойноп кетишкен бир кыз, бир бала гана аман калган экен. Кыргын бүткөн соң келишсе, ата-энеден дайын жок, ага-эжеден кабар жок. Эки чыккан эки бала, тээ токойдон ары чаң уюлгутуп, мал айдап кеттип аткан жоо артын чуркашты. Кеч кирди. Эртесинде алар душман сайран куруп отурган жеринен чыгышат. (Сахнага кыз менен бала келет. Алдынан эки желдет тосуп чыгат.)

**1-желдет:** Кимдин баласысыңар ?

**2-желдет:** Кайдан келатасыңар?

**Кыз:** Курсагыбыз ачты.

**Бала:** Нан бергилечи.

**1-желдет:** Э-ей, булар кыргыз экен го, кыргыздан али да тукум калган экен го.

**2-желдет:** Кайдан жүрүп, аман калдыңар ыя, экөөңдү азыр жайлай салалыбы же найзага бирден сайып алып, ханга тартуу кылып алып барасыңбы? (Нарыта хан үргүлүп отурат жанында айбалтаган эки сакчы). (Душмандар «кыргыздан тукум калыптыр» деп чурулдашат. Кыз менен баланы ханга алып келишет)

**Хан:** Менин тынчымды эмнеге алып жатасыңар?!

**1-желдет:** Ханым кыргыздан тукум калыптыр.

**Хан:** Буларды көрбөй көзүңөр кашайып калдыбы? Же ушул чычкандай болгон экөөңө баарыңардын алыңар жетпей калдыбы, ыя?!

Эй, Майрык-Чаар жез кемпир (келет). Бул экөөнү тайга токойуна алып баргын да, Кыргыз аттунун атын чыкпас, үнүн угулгус кылгын. Башка кыргыз деген сөздү кулак укпасын, жер бетинен орун жок кыргыз аттууга! Бар, буйрукту аткар! (Майрык-Чаар жез кемпир эки баланы жетелеп жөнөйт)

**Хан:** Эй, берендерим, кана жапырт тургула өз жерибизге кетели, кырк күн, кырк күн той кылып, бир кумардан чыгалы. Майрык-Чоор жез кемпир эки бала жетелеп алып Эне-Сайдвн жээгине келип токтоду.

**Жез кемпир:** Кана коштошуп алгыла, балдарым. Кучакташкан боюнча кеткиле, мени жаман көрбөгүлө. Бешенеңерге жазганы ушул экен.…

(Ушинтип сөзүн айтып, оозун жыйып алгыча, жон жактан үн чыгат)

**Бугу эне:** Шашпагын, акылдуу эне, күнөөсү жок балдарды жайлаба.

(Жез кемпир кылчайып караса, Бугу эне турат. Эки көзү балбылдайт.)

**Жез кемпир:** Сен ким болосуң? Адамча кейпинде сүйлөп кубулган кандай немесиң?

**Бугу эне:** Мен деген Бугу энемин. Эгер мен адамча сүйлөбөсөм кайдан түшүнмөксүң сен, кандай укмаксың мени?

**Жез кемпир:** Каалаганың эмне экен, Бугу эне?

**Бугу эне:** Балдарды аячы, коё бергин, акылдуу эне. Адамдар менин эгиз музоомду өлтүрүштү, эки чүрпөнү мага бергин, чүрпөлөрүмдүн ордуна бала кылып алайын.

**Жез кемпир:** Ушул наристелерди эмизип, багып чоңойтом дейсиңби?

**Бугу эне:** Ооба, ошентейин дейм, акылман чоң эне.

**Жез кемпир:** (күлүп) Сен жакшы ойлондуңбу, Бугу эне? Буларды Адам баласы дейт. Чоңойсо, сенин бугуларыңа ок атып, өлтүрөт, ошону ойлондуңбу?

**Бугу эне:** Ооба, ойлондум. Булар антпейт деп ойлойм.

**Жез кемпир**: Оо, пейили кең Бугу эне! Сен алигече Адам баласынын кандайлыгын билбейт турбайсыңбы? Бул адамдар, кайберен тургай бири-бирин аябаган зат.

**Бугу эне:** Жок, мен буларга ишенем, алар антишпейт, акылман эне, сен бул эки наристени  мага бер. Мен аларды көз көргүс алыс жакка алып кетейин. Бул эки жетимге эне болоюн. Желиним сүткө толуп, ооруп турат.

**Жез кемпир**: Кантейин, болуптур. Сурап калдың, бирок тез кет бул жерден, дегинкиси өзүңдөн көр, Бугу эне.

**Бугу эне:** Балдарым, мына  эми мен силердин энеңермин. Мен силерди ак кардуу, аскалуу Ала-Тоосу бар, көз жашындай мөлтүр Ысык-Көлү бар жерге алып барам. ! [132.50 ]

(Кетишет. Бугу эненин сөзүнө балдар сүйүнүп, чуркап алышат.)

**Автор:** Ошентип, касиеттүү Бугу эне эки баланы сурап алып, кыргыз тукум курут болуп кетерде, экөө элдин атын өчүрбөй кайра тукум уласын деп узак-узак жол басып, Ысыккөлгө жеткириптир. Арадан далай жылдар өтөт. Кыз менен баладан тукум уланып, эл болот. Акыры алар энеси Бугу энени унутуп, анын тукумуна кол сала башташат. Ошондо Бугу эне Майрык-Чаар жез кемпирдин айткан сөзүнүн чындыгына көзү жетип, адамдарга наразы болуп, Ысык-Көлдү таштап, башка жакка ооп кетиптир. Бугу эне кетеринде көзүнүн жашын төгүп, арамдыктан коргоп, адалдыкты зарлап, ыйлап кеткен *дешет (музыка).*

Мугалим  инцентировкага камтылбай калган айрым эпизоддор, каармандар жөнүндө кошумча түшүнүк берет да, андан ары окуучулардын чыгармачыл талаш-тартыш жүргүзүүлөрүнө багыт берет.

***3-сабак***

«Бугу Эне» жомогуна  арналган диспут-сабактагы викторинанын суроолору.

1. Энесайды мүнөздөгөн белгилерди тапкыла.
2. Ошол кездеги кыргыздар, алардын турмушу жөнүндө эмнени билдиңер?
3. Чыгармада жазуучу Бала менен кызды «эки көздүн эки чечекейиндей», «наристе», «периште», «абийири таза, дили ак,

арамдыкты биле элек, арам ойго кире элек» деген сөздөр менен мүнөздөшүнүн себеби эмнеде?

4. «Жылдыздар адам болсо көккө батмак эмес, балыктар адам болсо суугa батмак эмес» деген саптарды түшүндүргүлө.

5. Жез кемпир Бугу-Энеге балдарды бербегенде эмне болушу мүмкүн эле деп ойлойсуңар.

6. Жезкемпирдин балдар чоңойгондо бугуларга ок атышы жөнүндө айтканы божомолдоо беле же келечекте болорун билген деп ойлойсуңарбы?

7. Бугу-Эненин тукумун жок кылып, чыккынчылык кылгандар адамдар же кудай тарабынан жаза алыштыбы?

8. Жомокту сахнадан көрүү аркылуу кандай жыйынтыкка келдиң?

Окуучулардын аткаруучулук жөндөмдүүлүктөрүн көрүп, жөн гана окуганга караганда сахнада алып чыгуу кандай таасирлерди калтырды?

9. «Бугу-Эне» легендасынын бүгүнкү күн үчүн кандай мааниси бар?

10. Негизги көтөргөн проблемасы эмне?

11. Бугу-Эне жомогундагы трагедиянын болушунун сеебин издегиле.

12. Легенда деген эмне экен?

13. Легенданын жомоктон айырмасы кандай экен?

Балдарга мындай проблемалык суроолорду берүү менен ортодо талаш-тартыш, талкуу жаралып, диспут-мүнөттөрүн өткөрүү сабакты кызыктуу өтүүгө түрткү болот. Жомокто көтөрүлгөн экологиялык проблемалар түбөлүктүү. Акырына чыгууга мүмкүн эмес. Адабият мына ошону чечүүгө кызмат кылат. Адабий билимдин натыйжасы билинбеген, көрүнбөгөн нерсе. Балдар чоңоюп, турмуштук тажрыйбасы өсүп, аларда адабий түшүнүк кеңейген сайын «Бугу-Эненин» мазмунунун тереңдигин түшүнө башташат.

Мына ошентип, V класста аталган легенда боюнча окуучулардын адабий билими жогорулатууда, аларга адеп-ахлахтык тарбия берүүдө сабактын жаңыча формаларын натыйжалуу өтүү көп пайда берет. Айрыкча, биз сунуш кылгандай сахна-сабагы менен диспут-сабагын бирин-бири толуктаган түрдө уюштурууда биз күткөн натыйжаны берери бышык. Анын үстүнө легенданын мазмуну өзү эле окуучуларга сахна-сабагын да, диспут-сабагын да уюштурууну талап кылып тургандай. Буга андагы элестүүлүк, образдуулук, балдарга түшүнүктүүлүгү, талаш-тартыштын аңгемелешүү менен чечиле турган проблемалуу жагдайлары күбө. Эзелтен тарыхка кабары дайын, башка элдерге салыштырганда кыргыз эли бөтөнчө фольклорго бай. Биринен байыркы мифтердин, уламыштардын, жомоктордун ажайып дүйнөсү, укмуштуу жактары кезиксе, экинчисинен реалдуу турмуш чындыгы, түркүн окуялар, көрүнүштөр кезигет. Ар бир улут тарыхын, жашоо шарттарын, көз караштарын, кайгы-муң жана кубанычтарын фольклордук чыгармаларында чагылдырат эмеспи. Элдик фольклор дайыма элдин калыптануусуна, тарыхына ар тараптуу маалыматтарды камсыздоосу илимде далай белгиленген. Орус элинин улуу жазуучусу А.М.Горькийдин: “Элдик оозеки адабиятты билбей туруп, ошол элдин тарыхын билүү кыйын”, “Ар кандай жомокто чындыктын элементи болот” деген таамай ойлорун белгилөөгө болот.

## 3.2. Легендалык чыгармаларды үйрөтүүнүн методдору жана формалары

Кайсы гана элдин оозеки чыгармачылыгындагы үлгүлөргө кайрылбайлы, анда кылымдардан урпактарга улам өтүп жаңырып келген уламыштарды жолуктурбай коё албайбыз. Уламыштар фольклордогу өзгөчө жанрлардан. Анткени уламыштар, маданий баалуулуктардын өткөндөн учурга жетишин жана муундар ортосундагы байланышты камсыз кылган, адамзат курган маданий түзүлүштүн түшүнүктүү болушуна өз салымын кошкон адабий чыгармалардын бири болуп саналат.

Уламыштардын ар бири элдердин соцалдык чөйрөсүнө, жашоо шартына, улуттук колоритине ылайыктуу келет. Айрым бир уламыштар өзүнүн көлөмү жагынан алып караганда кичинекей болгонуна карабастан, чексиз мазмунду камтыйт. Андагы мазмун түбөлүктүү темасы менен адамды таң калтырат. Уламыштар аркылуу акылмандыкка, мекенчилдикке, баатырлыкка, эр жүрөктүүлүккө, эмгекчилдикке тарбиялоого болот. Элдик оозеки чыгармалардын мындай түрү кыргыз элинин философиясынын азыгындай сезилет. Элдик оозеки жанрдын анчалык терең изилденбеген жана маанилик, илимий белгилери боюнча жакындыктары, окшоштуктары бар башка жанрлар менен алмаштырган же байланыштырган түрү катары уламыштарды белгилөөгө болот. Анткени түрдүү көркөмдүктө кездешкен бул жанрларда иликтөөгө алына турган көйгөйлөр жана зарыл тактоолорду талап кылуучу күмөндүү ойлор көп экендиги байкалат. “Уккан уламыш дейт, көргөндөн айт”, же болбосо, “Узун-узун жол келет, уламадан кеп келет” деген сыяктуу эле бир караганда уламыштар башка жанрлар сыяктуу эле жаралуу тарыхы кылымдаган узак мөөнөттү камтуу менен улам өзгөрүп же толукталып, фольклордун башка жанрларына да өтүп кеткендей туюлат. Кайсы гана жанрды албайлы, улуу эпос, жомок, санжыра, макал-лакаптарда уламыштын элементи менен башталып, улам өрчүп отуруп санжыра же

лакап, эпостун айрым окуялары жана каармандары сыяктуу каражат же бөлүмү кызматын аткарып, ошол жанр же чыгарма үчүн өзгөчө чоң роль ойнойт.

Уламыштар дээрлик фольклордук чыгармаларда, чоң чыгармалардын ичинде да кеңири колдонулуп, акын-жазуучулар талантына, жөндөмүнө жараша жаңы вариантка өткөрүшү уламыштарга жаңы боёк, түс берип жаткандыгын кабарлайт. Анын бир мисалы катары, 5-класста 2 саат менен окутулуучу Жалил Садыковдун “Энелердин жүрөгү” поэмасы .

Жалил Садыков – элдик традицияларды өз чыгармачылыгында бекем сактаган акын, драматург. Анын чыгармачылыгында фольклордук сюжеттер, фольклордук образдар, фольклордук сүрөттөөлөр менен бирдикте түздөн-түз элдик оозеки чыгармаларды негиз кылып алган поэмалары, ырлары, драмалары (“Айкөл Манас”, “Манастын уулу Семетей”, “Сейтек”) кыргыз адабиятынын улуттук маданиятындагы орчундуу чыгармалардын катарынан орун алды. Анын чыгармаларын окутуу аркылуу мугалим окуучунун рухий дүйнөсүнө кылымдардан калыптанган ата-баба салттарын, жамандык-жакшылык, адамгерчилик, баатырдык, эрдик тууралуу түшүнүктөрүн сиңдирет.

Азыркы учурда илим менен техниканын жана искусствонун дүркүрөп өсүшү мектептерде окутулуп жаткан программалык материалдардан алда канча озуп кетип жатат. Айрыкча адабият сабагында өтүлө турган материалдар адабият мугалимдеринен жогорку интеллектуалдуулукту, уюштуруучулук жөндөмдү жана окуучулар алдындагы жоопкерчиликти талап кылат. Ушундан улам мугалим төмөнкүлөрдү эске алышы зарыл:

1. Методикалык каражаттарды кеңири пайдалануу менен проблемалык жана дифференциялык методдорду, көрсөтмөлүүлүктү, техникалык каражаттарды кеңири колдонуу.
2. Сабакты илимий негизде өтүү

3. Өтүлүп жаткан бардык материалдарды учурдагы жетишкендиктер менен байланыштыруу

4. Окуучулардын ой жүгүртүүсүн активдештирүү жана жекече чыгармачылыгын, өз алдынча изденүүсүн өстүрүү

Программага сунуш кылынган чыгармалар жана адабий жомоктор, уламыштын негизинде жазылган чыгармалар адамдардын турмуштук тажрыйбаларынын натыйжасы, үмүт-тилеги, патриоттук сезими, душманга каршы бара алуу жана жеңе билүү тажрыйбасы, тил байлыгы жана сөздүн курчтугу менен тааныштырат. Балдардын китепке болгон кызыгуусун көндүмү артат.

Ошондуктан К. Д. Ушинский «… анын эң биринчи максаты: окуучунун акыл жөндөмүн, анын байкагычтыгын, эсте калуусун, элестөөсүн, фантазиясын жана акыл-эсин өстүрүү болуп саналат,»- деп баса белгилеп кеткен.

Программа сунуш кылган адабий жомокторду үйрөнүүдө эң биринчи окуучунун көңүлүн темага буруу керек, текстти туура түшүнүп, туура кабыл алууга даярдаган мугалимдин кириш сөзү сөзсүз болушу керек.

Жаңы теманы тааныштырууга даярдоонун өткөөл эки жолу бар:

1. Окуучулардын турмуштук тажрыйбаларына, алардын эсинде калган билимине таянуу менен жаңы теманы өтүү

2. Мурдагы сабакта өздөштүрүлгөн чыгармадан жаңы материалды окууга өтүү

**5-класста Жалил Садыковдун «Энелердин жүрөгү» поэмасын** өтүүдө эң алгач автор жөнүндө мугалимдин кириш сөзү болуш керек. Анда: Автордун кыскача өмүрүнөн сөз кылуу

- Белгилүү драматург экенин баса белгилөө
- Белгилүү чебер акын, балдар үчүн жазган чыгармаларын атоо керек

- Эпостук чыгармаларды кыскача пьесага айландырганын баса белгилөө;
- Уламышты да поэмага айландырууга болот деп темага багыт алуу керек.

Жаңы теманы өтүүдө окуучулардын мурунку билимине таянуу керек.

Ал үчүн:

*Мугалим*: Кана балдар, кандай адабий жомокторду, уламыштарды, уламыштын негизинде жазылган чыгармаларды билесиңер?

*Окуучулар*: А. Токомбаевдин «Жетим менен сыйкырчы», Т. Үмөталиевдин «Күч бирдикте» ж.б аташат.

*Мугалим*: Жөө жомоктордон адабий жомоктордун айырмасы эмнеде?

*Окуучулар*: Адабий жомоктор элдик жомоктордун мазмунунун негизинде жазылат да, жазуучулар же акындар өз талантынын деңгээлине жараша мазмундуулугун, жеткиликтүүлүгүн арттырышат. Атап айтсак, Аалы Токомбаев «Жетим менен сыйкырчы», Темиркул Үмөталиев «Күч бирдикте» башкача айтканда, адабий жомоктордун автору болот.

*Мугалим*: Демек, адабий жомоктор деп эмнени айтат экенбиз?

*Окуучулар*: Элдик жомоктордун негизинде жазылган, атайын автор тарабынан иштелип чыккан жомокторду айтабыз,- деп окуучулардын түшүнүктөрүн системалаштырып алган соң, уламыштын негизинде жазылган эки сюжеттен турган «Энелердин жүрөгү» аттуу чакан чыгарманы түшүндүрүүгө өтүү керек. Жалпы эле уламыш деген эмне, жомоктон айырмачылыгы боюнча мугалим кыскача баяндама жасап, эне жөнүндөгү окуучулардын оюн угуп, анан чыгарманын мазмунун көркөм окуу менен түшүндүрөт.

Мектептерде адабиятты окутууда чыгарманы окуп-үйрөнүүнүн **эки формасы колдонулуп жүрөт. Алар –** үн чыгарбай ичтен окуу жана көркөм окуу. Адегенде чыгарманы мугалим үн кубултуп, көркөм окуп берет. Айрым окуучулар чыгармадагы сүрөттөлгөн окуяны, андагы шартты, эл турмушу

жөнүндө толук маалыматка ээ болушпагандыктан, чыгарманын идеялык мазмунун туура жана толук түшүнбөй калышат.

Ушул сыяктуу мүчүлүштүктү кетирбөө үчүн же окуучуларга жеткиликтүү болсун үчүн мугалим көркөм окуу менен бирдикте комментарийлеп окутууну бирге алып баруусу зарыл. Бул текстти өздөштүрүүнүн эң ийкемдүү, түшүнүктүү, таасирдүү жана активдүү методу.

5-6-класстарда өтүлө турган элдик жомоктордо да, адабий жомоктордо да, уламыштын негизинде жазылган чыгармаларда да зомбулукка, эзүүгө же басып алуучулукка каршы күрөшкөн эл жана элдик баатырлар, ырайымсыз каардуу душмандар жөнүндө сөз болот. Чыгарманын акырында дайыма акыйкаттык жеңип, бакыт орнойт, кара күчтөр же душмандар жок болот, башкача айтканда, элибиздин басып өткөн тарыхы, ой тилеги, жашоо-турмушу кеңири айтылат. Муну сөзсүз түрдө комментарий берип түшүндүрүү керек.

Көркөм окуу гана чыгарманын бүткүл ажайып касиетин ача алат, окуучулар чыгарманын мазмунун, идеясын терең түшүнө алышат.

«Энелердин жүрөгү» - эки сюжеттен турган чыгарма. Ошол эки сюжет бири-бири менен байланышып, биринен экинчиси келип чыгат.

Биринчи сюжет - эне чымчыктын балдары үчүн жем издегенин , жем алып келсе балапандардын биринин жерге түшүп кеткени, аны жан далбастап издегени, эне чымчыктын балдарын корушу; экинчи сюжет – энелердин өз жарларын, уул-кыздарын жоодон коргошу. Автор биринчи окуяны көрүп туруп экинчи окуяны айтып берет. Демек, окуучуларда мына ушул бири менен бири байланышкан эки окуяны катар алып баруу ык-машыгуулары калыптануу керек. Биринчи сюжеттик бөлүм мугалимдин же окуучунун көркөм окуусунда окуучуларга жетет. Мындан балдар жем издеп энеси алыс учуп кеткенде бир балапан уядан түшүп калгандыгын, ал башкалардан тентек экендигин, ал жерге түшүп калың чөптүн арасында кармалып чыга албай чыйпылдагандыгын, энеси келсе, беш балапандын

бирөөсү жоктугун байкап, эне чымчык оозундагы жемин да таштап ийгендигин байкабай баласына карай атырылып жөнөгөндүгүн айтып беришет да, эне качан болбосун баласы үчүн отко да, чокко да түшөрүн, бала үчүн камкордук көрөрүн туюп сезишет. Чыгарманын ички тереңдигин, эстетикалык, тарбиялык таасирин ачып бериш үчүн түшүнүксүз сөздөр менен иштөө сунуш кылынат. Мугалим тексттин ушул бөлүгүн окуп бергенден кийин түшүнбөгөн сөздөрдү дептерлерге жазуу тапшырмасын берет. Андан мугалимдин коментарийлөөсү менен кеңири түшүнүк ала алышат.

3.2.1.-таблица.

| **Түшүнүүгө кыйын сөздөр** | **Чечмелөө** |
|---|---|
| Темир канат | Канаттуулардын балапандарынын али канатын күүлөй элек, учуга көнүгө элек кези, канаттары учууга эпке келбегендиктен айтылган болуу керек. |
| жемсээк | жем жегенге кызыккан, оңой менен тойбогон, соргок |
| отко түшчү көпөлөкчө айлануу | өзүнүн кара жанын ойлобой боюн таштоо |
| Эне мээри | Эненин мээримдүүлүгү, боорукерлиги |
| уламыш | кандайдыр бир тарыхый негизи бар окуяларды фантастикалуу түрдө берген фольклордук чыгарма. |

Андан кийин мугалим окуучуларга суроолорду берүү менен биринчи бөлүктү талдоого алат:

- Шоктук деген эмне?
- Суктук деген эмне?
- Эмне үчүн беш балапандын баары эмес бирөө гана кулап түштү?
- Баласын таппай калган эне чымчыктын абалы кандай эле?
- Силердин араңарда да тентек, шок окуучулар барбы?
- Шоктугуңардан ата-энеңерди азапка салган учурларыңар болду беле?

Ушул суроолорго жооп алуу менен окуучулардын дилине ыймандуу, мээримдүү болуу тууралуу ойлорду берет.

Бул сюжеттин биринчи бөлүмү негизги сюжетке киришүү катары кабыл алынат да, чыгармадагы негизги идея экинчи бөлүмдө берилет. Ал биринчи бөлүмдөн келип чыгарын эми окуучулар аңдай баштайт. Экинчи бөлүмдүн сюжетин тереңирээк түшүнүүдө “Келгиле окуйбуз” долбоорундагы башкарып окутуу стратегиясы аркылуу окулса, балдардын өз алдынча ой жүгүртүүгө, чыгармага болгон көз карашын айта билүүгө, сюжетти талдоого алууга шарт түзүлөт. Албетте, чыгарма менен тааныштырууда тыным менен көркөм окуу жана ар бир тыным учурунда проблемалуу суроолордун берилиши менен менен коштолуп отурат.

Жоо менен ай талаада кырчылдашып,
Сугарып жерди канча чылпылдатып.
Биздин Эл кайра сүрүп бараткада,
Кылычтап туш келгенин бырчылдатып.
Кырылып өлгөндөрдөн калбай кемип,
Кайрадан кол куралат жоого келип,
Кайрадан калкандарга тийген жебе,
Кадимки мөндүргө окшойт себеленип.
Келген жоо келе берип бүтөр эмес,
Жоокерлер буга чыдап түтөр эмес
Аңгыча, калгандарга дароо тарайт:
- Чепке кир, коргонгула! - деген кеңеш [16.115 ].

*1-тыным*. Балдар, окуя өткөн мезгил жөнүндө эмнени айта аласыңар? Окуя кайсы мезгилде болгон? «Кылычташкан», «калкандарга жебе тийген» мезгил кайсы учурга таандык? Азыркы учурда жебе, кылыч деген сөздөр колдонулабы? Чеп деген эмне? Чепке кирип душмандардан коргонууга болобу? Окулган абзацта эмне жөнүндө сөз болду?

Жоокерлер аргасыздан чепке кирет,

Чеп бийик, куш өтпөгөн темир тирек!

Жабылат жоону тосуп дарбазалар –

Жасалган күмүш ширеп, болот ширеп.

Душмандар чепти айланта курчап алып,

Жол таппайт ары барып, бери барып.

Илинсе чыксак дешет аркан салып,

Ыргытса кулач жетпейт колдор талып. [16.115]

*2-тыным*. Элди «бийик, куш өтпөгөн темир тирек» чеп, «күмүш ширеп, болот ширеп» жасалган дарбазалары коргой алабы? Душман чепти айланта курчаган менен анын ичине жол таппайт, аркан ыргытса, колдор талып арканы жетпейт. Душмандар эми кантип жол табат? Мындан кийин окуя кандай уланат деп ойлойсуңар?

Ошондо арасынан келген жоонун

Бир адам жарып чыгып турган тобун:

- Чеп бийик, бул аракет текке кетет,

Табам,- дейт,- дарбазанын ачар жолун.

Бир кезде ушул чепти салышкамын,

Далай жыл жондон терди агызганмын.

Акыры качып чыккам, бирок билем,

Жашыруун суу жиберчү алыштарын.

Алышты жан байкабайт, үстү жабык,

Ал келет, тээтиги тоодон агып.

Жүргүлө чептин элин куруталы,

Башынан башка жакка бура салып. [16.116]

*3-тыным*. Мурда чеп курууга катышып, эми душмандарга жол ачканы жаткан адамды кандай адам деп ойлойсуңар? Алыш дегенди кандай түшүнөсүңөр? Бул адамдын сунушун хан кандай кабыл алат? Эми окуя кандай уланат?

Сөздү угуп курчап жаткан жоонун ханы:

- Калайык, тыңшагыла! – деди дагы, -
Чын бекен? Чындык болсо,бул жигитти
Өзүмө вазир кылам мындан ары.
Кеткендей чептин ичин сыйпап жылан,
Ачылса, эр бүлөсүн кырып тынам!
Баргыла, чындык болсо, бул жигитти
Сөз берем, ушул чепке хан да кылам!...
Буйрукту угар менен салдай сабап,
Кетишти жоонун теңи тону карап.
Калганы чепти курчап жата берди,
Оюнда талон түшчү күндү самап…
Кеткендер тоого барып, көөнү тынып,
Кайтышты башка жакка сууну жыгып.
Хан жатты камырабай, чептегилер
«Келет, - деп,- суусуз калып, өзү чыгып». [16.116]

*4-тыным.* Окулган ыр саптарынан эмнени түшүндүңөр? Душмандар эми чепке кире алышабы? Сууну башка жакка буруп коюшса, суусуз кыйналган эл чепти ачышабы? Суусуз жашоого болобу?

А бирок күндөр өттү, айга кетти…
Ашынып хандын кары чекке жетти!
Сыягы, суусуз жатып өлсө дагы,
Бир адам ачып берер эмес чепти.
Бул кезде сактап алган суулар бүтүп,
Акыркы тамчыларды тең бөлүшүп,
Жатышты чептегилер айла таппай,
Жашоодон биротоло үмүт үзүп.
Хан сыртта, өз алдынча ойго келди:
«Минткенде ала албаймын чептеги элди.
А көрөк, бир амалын табайын» - деп,

Жарчыга мына мындай буйрук берди: [16.116]

*5-тыным.* Чептин ичиндегилер суусуз калышса да, багынышпайт. Чыдамдуулук кылышат. Демек, чыдай билүү – бул да чоң эрдик. Силер да чыдамкайсыңарбы? Чептин ичиндегилер багынып бербешин билген соң, хан кандай амал ойлоду? Эмне деп буйрук берет деп ойлойсуңар? Силер хандын ордунда болсоңор эмне кылат элеңер?

- Угузгун буйругумду, кылгын малым,
Кирсем да чептегинин кырбайм баарын.
Аялдар чепти таштап сыртка чыксын,
Көтөрүп ала кетсин каалаганын.
Өлүм жок аялдарга! Айткын барып,-
Дегенде, жарчы кетти, айгай салып.
Чептеги эл, кары дебей, жашы дебей,
Дүрбөдү хан жарлыгын угуп алып…[ 16.117]

*6-тыным.* Хандын жарлыгы аялдарды кубанттыбы? Аялдардын баары чыгып кетсе, балдары, күйөөлөрү эмне болот? Энелер эмне кылат деп ойлойсуңар? Чептен чыгып кетишпесе, ачкалыктан же душмандардын колунан мерт болот? «Аялдар чепти таштап сыртка чыксын, көтөрүп ала кетсин каалаганын. Өлүм жок аялдарга!»- деген хандын жарлыгында айтылгандай, аялдар кетсе, эмнени (каалаган) ала кетет деп ойлойсуңар? Силердин оюңарча, эми окуя кандай уланат?

Эртеси, бүт аялдар таңга жакын,
Ачышты бийик чептин дарбазасын.
Бул кызык! Чептегинин бири калбайт,
Ким калат, кимдер менен кармашасың?
Арчындап күйөөлөрүн таңып жонго,
Балдарын ороп-чулгап алып колго.
Элейип карап турган хандан оолак,
Энелер чубап барат оңго-солго. [16.117]

*7-тыным.* Хандын жарлыгы чептин ичинде коргологон элди багындыра алдыбы? Баш ийдирүүгө эмне тоскоолдук кылды? Хан буйругун бузуп, энелерге кол салабы? Эми хан кандай айла кылат деп ойлойсуңар?

Хан тиктеп кыжырлана эки жагын,
Акыры: «Жаңылдым!» - деп чапты санын.
«Сөз бирөө! Бекер айткан экенмин ээ,
Көтөрүп ала кет деп каалаганын!»
Сөз бирөө! Хан буйругу болбойт эки,
Хан үчүн сөзүн бузу болор чеки.
Чубаган энелерди карап туруп,
Тултуйду чыдай албай эки бети.
Анткени өзү келди уруш баштап,
Кыргынга өзү күбө, өзү каскак!
Ойлонсо, өзүн дагы эне тууган,
Энелер кетип барат чебин таштап…
Көргөндө энелердин аккан жашын,
Чыдабай бура тартты аттын башын.
Энелер адам таппас акыл менен
Ушинтип кайтарыптыр келген касын.
Бул өзү бир уламыш… Өзүң кара,
Энелер жанын берет дале сага.
Дагы эле эрдин жүгү аялдарда,
Дагы эле колдон түшпөйт бардык бала…[ 16.117 ]

*Мугалим:* Хан өзүнүн жаңылыштыгын качан сезди? Бирок буйругун бузуп энелерге кол салбайт. Бул анын убадага, айткан сөзүнө бекемдиги. А силер айткан сөзгө, убадага бекемсиңерби? Бир сөздүүлүктүн, убадага бекемдиктин кереги барбы? Энелердин кылган иши сага кандай таасир калтырды? Энелер акылмандыгы менен бала-чакасын гана эмес, күйөөлөрүн да – кыскасы, эл-журтту бүт сактап калат. Азыр деле энелердин түйшүгү оор.

Сен апаңа кандай жардам көрсөтөсүң? «Энелердин жүрөгүндөгү» энелердин образын кайсы саптар аркылуу ачып бере аласың? Чыгарма эмне үчүн «Энелердин жүрөгү» деп аталган? деген сыяктуу суроолор менен чыгарманы жыйынтыкташат жана уламыштын негизинде жазылган чыгармалар – акын-жазуучулар өз чыгармаларында колдонуп, чыгармасынын темасын, идеясын терең ачып, образдарды жеткиликтүү чагылдырган чыгарма. Эгерде энелер жөнүндөгү бул уламыш болбосо, чыгарма кандай болот эле? Албетте, таасирдүүлүгү, идеясы мынчалык деңгээлде ачылмак эмес.

Окуучулардын көз алдына он миңдеген энелердин көтөрүнүп бара жатканы элестеп, кайгылуу энелер көз жаш төгүшүп бара жатканын хан көрүп, өзүн дагы ушулардай эне тапканын, демек, энелерге акылмандык, боорукердик, кыйбастык, мээрмандык мүнөздүү экенин түшүнүшөт да энелердин эмгегине тең келе турган күч жок экенин, энелер эч убакта балдары, жакындары үчүн жамандык каалабастыгын, тескерисинче, кандай учурда болбосун кам көрөрүнө дагы бир ирет күбө болушуп, энелерди сыйлоону, алардын эмгегин жогору баалоону өздөрүнүн негизги милдетине айландырууга бел байлашат. Алар ар кандай адилетсиз согуштарды жек көрүшөт. Мындай согушту жана душмандарды жек көрүү да патриотизмге тарбиялай турган критерийлердин бири.

Сабакты бышыктоо жана корутундулоо учурунда «Эненин жүрөгү», «Энем жана мен», «Мээримдүү эне» деген дил баяндарды жаздыруу, диспут-сабагын өткөрүү максатка ылайыктуу.

«Энелердин жүрөгү» деген чыгарманы өздөштүрүүнүн жүрүшүндө окуучуларга төмөнкүдөй тапшырмаларды берүүгө болот:

1. Чыгармадан өзүңөргө жаккан жерин жаттап келгиле.
2. Чыгармага байланыштуу сүрөттөрдү тартып келгиле.
3. Эне жөнүндө макалдар жазып келгиле.
4. Чыгарманы үйдө ата-энеңерге окуп бергиле, ойлорун сурап көргүлө эмне дешер экен жана башка дагы ушул сыяктуу…

Бул теманы өтүүдө пайдаланылган көрктүү окуу ошону менен башкарып окутуу стратегиялары балдарды сабак учурунда активдүү катышууга, темага карата өз оюн туюнтууга, ой жүгүртүүгө, көз карашын эркин калыптандырууга, талкуу жүргүзүү аркылуу маселени чечүүгө, сабактын кызыктуу өтүлүшүнө шарт түзөт.

**6-класста А. Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасын окутууда сынчыл ойлоону өнүктүрүү**

VI класста 3 саат менен окутулган Алыкул Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасы мектеп программасында 1957-жылдан бери үйрөнүлүп келет, мектептерде бул чыгарманы окуу боюнча да 54 жылдан ашык тажрыйбалар топтолгон. «Кыргыз адабиятынын программасында» (түзүүчүлөр С.Байгазиев, А.Муратов [74] бул чыгарманы үйрөнүүгө төмөнкүдөй талаптар коюлган: «Толубай сынчы жана Азиз хан - бул контрасттуу каарманга карата автордук мамиленин чыгарманын көркөм системасы аркылуу көрүнүшү. Бийлик өкүлдөрүнүн, жалган хандардын ашкерелениши жана алардан бийик, таза турган карапайым адамдардын көздөн далдоо жашашы. Чындык үчүн күрөш. Сынчылык өнөрдүн даңазаланышы, өнөр адамы менен ага хандык мамиле. Тулпардын сынын берүүдөгү акындын кылдаттыгы. Поэманын кыскалыгы жана сүрөттөөлөрүнүн образдуулугу. Элдик уламыштын жогорку көркөмдүктө кайрадан иштелип чыгышы А. Осмоновдун акындык күчүнүн күбөсү катарында.

Адабият теориясынан: Кейиптештирүү жана метафора». (Кыргыз адабиятынын программасы. [74.22].

«Толубай сынчы» поэмасын окутуу боюнча А.Сакеевдин «Толубай сынчыны» окутуу» деген макаласында мугалим үчүн поэманы окутуунун айрым жагдайлары тууралуу сөз болот. [138] Мындай методикалык изилдөөлөрдүн катарында методист А.Муратовдун, Т. Молдогазиевдин макалаларынын өзгөчө орду бар.

А. Муратов макаласында: «…Поэманын стили, андагы сюжеттүүлүк менен лирикалык каармандын философиялык ой толгоолорунун жуурулушуп келиши, чыгар мадагы социалдык курч кагылышуу жана оптимисттик трагедия, таланттуу акын тарабынан сөз кутунун чеберчилик менен ширелиши, ыр курулушунун устаттык менен урунулушу, акынга мүнөздүү кыскалык менен конкреттүүлүктүн, романтика менен символиканын таамай берилиши бир эсе окуучуларды өзүнө активдүү тартса, экинчиден, мугалимдин сабагынын кызыктуулугуна, мазмундуулугуна шарт түзөт, үчүнчүдөн, адабият окутуучусунун эстетикалык-турмуштук түшүнүгүнүн ар тараптуулугун талап кылат» [116, 9-10бб]    А. Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасын окутууда А.Муратов сегиз учурду белгилейт:

Биринчи учур: Эпиграфтын маанисин ачуу.

Экинчи учур: Алгачкы төрт куплеттин мааниси, көтөрүп турган эстетикалык салмагы.

Үчүнчү учур: Азиз хандын жардыгы. Хандын жүзүнүн ачыла башташы.

Төртүнчү учур: Толубай алгачкы көрүнүштө.

Бешинчи учур: Азиз хандын «тулпарлары».

Алтынчы учур: Жаза

Жетинчи учур: Толубайдын чындыгы, же акыркы таймаш.

Сегизинчи учур: Автордун соңку сөзү » [116, 9-10бб]    Сабакты талдоодо мындай бөлүштүрүү да жакшы. Бирок  чыгарманы ар тараптуу өздөштүрүүдө ушул эле сегиз учур менен чектелүү болбойт.

Азыр окуу процессинин негизги милдети билимди алуу гана эмес, билимди эффективдүү «сынчыл ой жүгүртүү» менен өздөштүрүү болуп саналат. Башкача айтканда, ар бир адамдын өзүнүн эркин көз карашы, ой жүгүртүүсү, сынчыл пикири болуш керек.

Тарбиялоо ишинде өткөндү билбей туруп, же болбосо жаңыны түзүү үчүн эскини билүү керек дегендей эле байыркы жомоктор, легендалар, уламыштар бүгүнкү күн менен кандайча байланышат? Бүгүнкү балдар ошол

муун менен азыркы муунду салыштыра алышабы? Бул маселе адабият мугалиминен олуттуу ойлонууну талап кылат.

Ушул максатта биз «Сорос» фонду аркылуу жайылтылып келе жаткан, илимий –методикалык жактан негизделип, оң жыйынтыктарды берген «сынчыл ойлоону өнүктүрүү үчүн жазуу жана окуу» деп аталган окутуунун жаңы методуна токтолобуз.

«Сынчыл ой жүгүртүүнүн» негиздери кандайдыр бир тема боюнча окуучуларга мурдатан белгилүү болгон билимдерди пайдалануудан жана анын негизинде алдын-ала божомолдоодон турган «мээге чабуул жасоодон» чакыруудан башталат. Мындан окуунун максаты аныкталат. Андан кийин түшүнүү деп аталган экинчи стадияда текст, лекция ж.б аркылуу жаңы маалымат берилет. Окуучулар билимди толук түшүнүш үчүн жаңы маалыматтарды өздөрүнүн жеке түшүнүктөрү менен салыштырылып тереңдетилет. Ой жүгүртүү стадиясы «сынчыл ой жүгүртүүнүн» кульминациясы болуп эсептелет. Мында контексттеги түшүнүктөргө окуунун жыйынтыгында алынган жаңы түшүнүктөр менен мурдагы өздөрүнүн билгендерин кайра түзүп, кошуп баа беришет.

«Сынчыл ой жүгүртүүнүн» ыкмалары көп. Адабият сабагында көркөм текст менен иштөөдө окуучулардын кызыгууларын ойготуп, сынчыл мамиле жасап, ой жүгүртүп, өз алдынча берүүгө үйрөтүүдө «сынчыл ой жүгүртүүнүн» элементтерин пайдалануунун мааниси чоң.

Окуучулардын жаш курагына, кызыгууларына ылайык окуу программасы боюнча же андан тышкары материалды сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү үчүн тандап алабыз.

Биздин обьектибиз болгон 6-класста окулуучу А. Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасын негизги конфликттин башталышы, каармандардын аракеттери окуучулардын жандуу элестетүүлөрү, ой жүгүртүүлөрү үчүн жакшы материал болуп бере алат. Поэма окуучулардын элестете алуу менен каармандардын аракеттерине байкоо жүргүзүп баа бере

алуусу аркылуу терең ой жүгүртүүнү талап кылат. Сынчыл ой жүгүртүү окуучуларга мазмундан четтөөгө, аны талдоого, анын баалуулугун окуучулардын мурда билгендеринин жаңы түшунгөндөрүнүн негизинде баалоого мүмкүнчүлүк берет.

«Толубай сынчы» поэмасын окутууга 3 саат берилген.

**1- сабак. А.Осмоновдун өмүр жолунан кабар**

Мында акындын өмүр жолу ошол класста окулуп жаткан чыгармасына байланыштуу айтылууга тийиш. Тактап айтканда, А. Осмоновдун элдик чыгармаларды кандайча иштеп чыкканы жөнүндө аңгеме өткөрүлөт. Анда «Ак Мөөр», «Толубай сынчы» ж.б поэмалардын элдик чыгармалардын сюжеттерин А. Осмоновдун кандайча иштеп чыккандыгы жөнүндө аңгемесинде мугалим адабиятчылардын айткандарын да пайдаланат.

Ар бир легенда бул же тигил элдин жашоо шартына, улуттук өзгөчөлүгүнө ылайыктуу айтылып, кылымдан кылымга, атадан балага улантылып айтылып отурат. Эл «Толубайдай сынчы бол, Токтогулдай ырчы бол» деген акылман корутундуга эмне үчүн келген? Анткени, ал аркылуу акылмандыкты, ойчулдукту, даанышмандыкты, олуялыкты даңазалаган. Легендада окуя кеңири планда айтылат. Легенда- бул байыркы чындык «жел болбой камыш башы кыймылдабайт» деген сыяктуу эле кайсы гана доор, заман болбосун адам тагдырлары туш болгон окуя ата-бабалар тарабынан кийинки урпактардын турмушуна сабак болуп, жалындап өрчүп жүрүп отурат. Кийинки муундун чыгармачыл адамдары адабий жомоктордун эң сонун үлгүлөрүн тартуулап, учурдун муундарын ата-бабанын тарыхына кылчайып, суктанып кароосуна аргасыз кылып олтурат. Мындай кириш аңгемебиз 7-8 мүнөткө созулат. Ошондой эле окуучуларга түшүндүрүүчү нерсе – «Толубай сынчынын» эки вариантта жазылгандыгы. Бул аркылуу окуучулар автордун жазган чыгармаларына эмне үчүн кайра кайрылгандыгын жана ал аркылуу варианттарды салыштырып көрүп, салыштыруу, баа бере билүү көндүмдөрүн калыптайт. «А.Осмоновдун

бир чыгармасынын эки вариантын салыштыруу менен биз автордун жазуучулук чеберчилиги өскөн сайын өткөн заманды түздөн-түз, декларациялык түрдө каралоодон баш тартып, аны окурмандын өзүнүн ыктыярына койгонун белгилемекчибиз», - деп жазат профессор М.Борбугулов. Эки вариантты жалпы эле көркөм сөз каражаттары, ыр курулуштары, образдардын ачылышы, жалпы көркөмдүк салмагы боюнча салыштырышат. Мындай ыкма акындын чыгармачылык өнөрканасын үйрөнүү үчүн окуучулардын илимий көз карашын өстүрүүгө да багытталат. «Адабиятты окутуу процессинде» окуучулар мугалимдин жардамы менен адегенде теориялык, же тарыхый-адабий мүнөздөгү жекече, андан соң жалпыланган жыйынтыктарды жасап, илимий көндүмдөргө ээ болушат». [35.54]

Эки вариантты окуп салыштыруу окуу китебинде сунушталган экинчи вариантты окуп талдап чыккандан кийин сунушталат. Анткени экинчи варианттын тексти менен толук таанышып, ой пикирлерин талкуулоо менен бекемдеп алгандан кийин айрым идеялык-көркөмдүк мүчүлүштөр орун алган биринчи варианттын текстти менен тааныштырууда айырмачылыктарын оңой эле табышат.

«Толубай сынчы» эң биринчи кезекте элдик уламыш, демек, анда жомоктук стиль басымдуу, окуучу менен мугалим ушул ыңгайдан караганы оң. Анын жомоктук ажарын ача албай калуу – чыгарманы толук талдай албай калууга, деги эле түшүнбөй калууга алып келет.

Текст мугалим тарабынан бөлүктөргө бөлүнүп, ал бөлүктөр боюнча суроолордун чеги аныкталып алынат. Ар бир бөлүктү окуу үчүн убакытты белгилеп алуу керек. Ал болжол менен төмөнкүдөй жөнөкөй план аркылуу ишке ашат:

1. Окуя болуп жаткан доордун мүнөзү
2. Азиз хандын буйругу жана сынчынын хан менен биринчи жолугушу

3. Тулпарларды чубатуу, хан менен сынчынын жылкылар жөнүндөгү карама-каршы ойлору;
4. Сынчы жөнүндөгү хандын өкүмү, теңсиз замандагы таланттардын тагдыры;
5. Чындыктын жеңиши, адилеттүүлүктүн салтанаты;

Текстти окууда окуучуларга окуунун тартибин түшүндүрүү менен белгиленген жерде окууну токтотуп, мугалимге кароолору эскертилет. Ушул жерде текстти окууда ар бир адабият мугалими аттап кетүүгө мүмкүн болбогон нерсе бул – көркөм окуу. Көркөм окуу технологиясынын талаптары боюнча төмөнкүлөрдү эске алуу керек:

- кандай сүйлөсөң ошондой үн менен окуу;
- тыныш белгилерди сактап окуу;
- чыгармадагы каармандардын айткандарын окуганда каармандардын үнүнө окшоштуруп окуу;
- сөздөрдү так, даана айтып окуу;
- класстагы бардык окуучуларга угулгудай кылып, уккулуктуу үн менен окуу;
- текстти окуганда чыгармадагы окуяны көз алдыга келтирип окуу ж.б.

**«Толубай сынчы» поэмасы**

«Толубайдай сынчы бол,
Токтогулдай ырчы бол» [152.94]

Эл сөзү.

Замана кандай кары, кандай керең,
Закымдап учкан сайын түбү терең…
Ошондой унутулган бир күндөрдө
Кыргыздан Толубай сынчы өткөн экен.
Толубай деп, Толубай атын салт кылган бар,
Не билсин ал жөнүндө жаш уландар.
Суусаган таттуу жомок ширесине

Сөз кылат тамшанышып карыялар…
Заманды жакшы көрөт, баркын билет,
Жаштарды алдына алып эркелетет.
Төмөнкү Толубай аттуу эски дастан
Эски абан, эски ырлардай эске келет. [152.95 ]

**Түшүнүү.** Мындан нечен жыл, нечен кылым мурун кыргыздан Толубай сынчы өткөн экен. Бул жөнүндө карыялар тамшанышып сөз кылышат.

**Биринчи токтолуу**

Окууну тегиз токтотушканда, окуучулар төмөндөгү суроолорго текстке таянып жооп беришет.

**Ой жүгүртүү** Замана кандай кары, кандай керең,
Закымдап учкан сайын түбү терең… [ 152.94] деген ыр саптарын кандай түшүнүүгө болот?

Эмне үчүн карыялар Толубай атын салт кылышып, тамшанышып сөз кылышат? Окуучулардын жоопторунан кийин тексттин экинчи бөлүгүнө карата суроолор берилип, окугандарына таянган алдын-ала жооптор алынат.

**Чабуул.** Бул жомокту кайсы заманда кимдер айтып жатат? Өткөн заманда биздин эл кандай жашаган? Антип ойлошуңарга эмне себеп болду? Бул дастанда кандай окуялар болот деп ойлойсуңар? Окуучулардын жооптору доскага жазылып коюлат, окуу улантылат. Экинчи бөлүк окулгандан кийин төмөнкүлөр түшүнүктүү болду.

Ой ойлоп, чексиз ойго көңүлү тынбай,
Ааламдын кучагына батпай, сыйбай.
Сайратып салтанаттуу ырчыларды
Калкына жар чакырткан мына мындай:
«Көл кечип, ашуу ашып, жол жүрүүгө,
Кабыландай кайра тартпай жоо сүрүүгө,
Сынчылар сындан тайбай тулпар тапсын,
Намыска, кан сапарга мен минүүгө.

*

Урмат чоң, тунук туяк тулпар тапса
Сынчылык сынга толгон ушундайда.
Шарт ушул: эки көзүн оюп алам,
Эгерде бир жеринен жазып калса…»
Уккан соң бул жардыкты албан дубан, 5
Калдайган көз алдында кара туман.
Аптыгып Азиз хандын амиринен 6
Сынчылар башын чайкап, көзүн жумган. [152. 95]

**Түшүнүү.** Каарынан кан тамган хандын максаты – жаңы эл-жер каратуу, ошондуктан кең аалам ага тар, дүйнөгө батпайт да сыйбайт, көңүлү кир. Бирок бул талоончулук арам оюн «кытайдан кыргыз алам»,- деп элден жаап жашырат. «Намыска хан сапарга минчү» тулпар тапкыла деп жазыксыз элди кыйнайт. Шерти да катуу: эгер сынчы тапкан тулпар көңүлүнө толбой калса, анын эки көзүн оюп алмак. Хан буйругу кату, айтканын кылбай койбойт. Бул каардуу жардык жамы журтту түйшүккө салды, андай тулпарды табам деп бир да сынчы чыкпады.

**Экинчи токтолуу**

**Ой жүгүртүү.** Окуганыбыз боюнча алдын-ала айткан жооптор туура чыктыбы? (Анализ) Доскадагы жооптордун туурасы (+) менен, туура эмесин (-) белгилеп коёбуз. Андан соң проблемалуу суроолорду беребиз. Хан жарыясынан эл эмне үчүн чочулады? Эл арасынан бир сынчынын чыкпашы, алардын коркоктугун билдиреби? Сынчы чыкпаса хан эмне кылышы мүмкүн? (анализ). Эгер силер А.Осмоновдун ордунда болсоңор, окуяны мындан ары кантип өнүктүрөр элеңер? Эмне үчүн? (синтез)

**Чабуул.** Эми окула турган бөлүктө окуя кандай өнүгөт деп ойлойсуңар? Сюжетте кескин өзгөрүүлөр болушу мүмкүнбү? Көз алдыңарга алдын-ала элестеткиле (интерпретация).

**Окуу улантылат.**

Ушундан бир аз кийин, көп күн ообой 7
Жашыл кыр, төрдөн түшүп талаа бойлой.
Чарчаган бектер менен келе жатса,
Азиз хануучулуктан жолу болбой.
Чөк түшүп, тизе бүгүп, кыбыла карап,
Качанкы куурап калган башты кармап,
Күбүрөп, күнгүрөнүп бирдеме айтып,
Алыста бир укмуштуу чал олтурат.
«Баргын»,- дейт жанындагы жан-жөкөрүн,
Ким экен, жакын барып, байкап көргүн».
Ал келип, салам айтса, алик албай,
Чал сүйлөйт, эки жакка бурбай көңүлүн:
«Аттиң ай, Толубайлыгым сен билсеңчи
Тушунда тулпарлыгың мен билсемчи,
Туйгундай колду жарып, кайып учуп,
Туйлатып, туу кармаган эр минсечи…»
Келген жаш Толубай чалга минтип сүйлөйт:
«Сен кимсиң? Билбей кайтсам, көңүлүм кирдейт,
Бул эмне?» - деп сураса чал энтигип:
«Бул куу баш Алпамыштын2 Чаар аты»3,- дейт…
Ушинтип Толубай сынчы сүйлөр менен…
Жаш мырза шаңдуу топко белги берген.
Күтүрөп көпкөн жаштар ортого алып,
Азиздин ордосуна алып келген. [ 152.96 ]

**Түшүнүү.** Эл башына түшкөн алаамат күндөрдүн биринде хан жан-жөкөр бекзаттары менен уудан жолу болбой чаалыгып келатып, , качанкы куурап калган башты кармап, күңгүрөнүп, алыста бир укмуштуу, табышмактуу чалга жолугат. Аны хан ордосуна алып келишет.

Уламыштын жомоктук касиети Толубайды бир көргөндө эле көз алдыга тартылат.

**Үчүнчү токтолуу**

Доскадагы алдын-ала берилген жооптор текстти окугандан кийинки жооптор менен салыштырылат.

**Ой жүгүртүү.** Табышмактуу чал Толубай качанкы куурап калган башты кармап, Алпамыш баатырдын чаар аты экенин кайдан билди экен? Алпамыш деген ким? Толубай Азиз хандын көңүлүнө жагар тулпар таап бериши мүмкүнбү?

**Чабуул.** Силер окууну «Толубайды Азиз хандын ордосуна алып келген» деген жерде токтоттуңар, айткылачы, сынчынын келиши элдин абалын жеңилдеттиби?

Окуучулардын болжолдуу жооптору доскага жазылат? Окуу улантылат.

Эртеси Азиз падыша Толубай чалды
Вазирден тез чакыртып жанына алды.
Астынан эсеп жеткис жылкы айдатып,
Ичинен тулпар таап деп кыйноо салды.
Куп дебей, же жок дебей,
Түнөрүп күзгү узун түн түнөргөндөй,
Көрөгөч Алпкаракуш сыяктанып,
Толубай бир туякты кур жибербей.
Алдыртадан ичтен сынап, карап турат,
Нечен бир жибек жал ат, камыш кулак,
Көрктөнүп, көккө атылып көйрөңдөнөт,
Сынчынын көңүлү тынбайт, кандай кылат.
Жортуулга тандап минчү шок боз балдар,
Буулуккан азоо, күлүк буудандар бар.
Сынчы аке, кумурскадай кунсуз беле,

Ушунча жер жайнаган жаныбарлар!..
Ошентип, күн чак түштөн бешимге ооду,
Макталуу сан учкулдар өтүп болду,
Азиз хан бул көрккө мас, бул көрккө таң,
Бирок чал жерден башын албай койду.
Аңгыча, ай-жылдыздай асмандагы
Асемдүү алтын тубар жабдуулары.
Бир-бирден шаани менен өткөрүлдү,
Азиздин ачыл деген тулпарлары.
Эрке өскөн байдын жалгыз баласы окшойт,
Тулпарлар жибек килем үстүндө ойнойт.
Хан тиктейт, эми сынчым эмне дейт деп,
Бирок ал, каадасынча карап койбойт.
Азиз хан ызаланат, жини кайнап,
Баркылдап, кулдарына минтип айтат:
«Шаардан ат бүткөндүн бирин койбой
Кесирдүү сынчы алдынан өткөр айдап!»
Буйрук бир… кулдар макул, ошентишет,
Мейли антсин, баары бекер, пайдасыз тек.
Сынчы ата, бейит окшоп, үнсүз, сөзсүз,
Былк этпейт, дабыш бербейт, көз ирмебейт. [ 152. 97 ]

**Түшүнүү. «**Жанда жок» тулпар жалаң гана ханга ылайык. Аны ханга «намыска», «сапарга минүүгө тийиш» - хандын ою ушундай. Толубайдын ою боюнча, «кайкып учуп, туйгундай колду жарган» «тулпар туйлатып туу кармаган эрге» ылайык. Толубайды көрөр замат эле хан атактуу саяпкерди ордого алдырып, бар жылкысын чубатып, ордого сынчынын сынына салды.

Күлүктөр биринен сала бири чубай берди. «Эми сынчынын көңүлүнө толор» деген үмүт менен хан сынчыны тиктейт. Бирок не бир буудандар, не бир укурук салдырбаган азоо күлүктөр, аземделип алтын жабуу жабылган

аргымактар сынчы үчүн «кумурскадай кунсуз». Эгерим айтканы эки болбой, буйругу ошол замат орундалган хандын сабыры түгөнүп, тынчы кете баштады. Толубайдын аны менен иши жок, ханды «таң калтырып, мас кылган» күлүктөрдүн шаан-шөкөт менен «көркүнө» сынчы таң калмак турсун, карап да койбойт.

Мына ушул жерден сынчыга караганда өзүнүн алда канча күчсүз экенин хан биринчи жолу баамдады…

Улуу хан бул жорукка айран калды,
«Канакей өткөргүлө дагы барбы!»-
Дегенде жооп беришти чур этишип:
«Бир гана Кармыш кулдун бозу калды!»
Кырчаңгы, арык, ачка эшек кейпи,
Кыбырап сылтый басып боз да келди.
Кубанып, Толубай ыргып тура калып,
«Падышам, анык тулпар ушул»,- деди. [ 152.97]

Хан менен сынчы, зордук менен акыйкаттын тымызын психологиялык күрөшү жогорку чекке жетти. Ханды «шылдыңдаганы» үчүн улуу сынчы жазасын алды. Айнектей эки көздөн ажырап, караңгылыктын кучагында калды. «Тагдыр бир, жараткан бир калыс болсо, ким кимден жаңылганын талдап алсын»,- деп көз кунуна алган жаман бозду жетелеп жолго түштү.

**Төртүнчү токтолуу**

**Ой жүгүртүү.** Силердин болжолуңар туура чыктыбы? Азиз хандан ушуну күттүңөр беле? (Доскадагы жооптор текшерилет). (анализ)

Хандын зулумдугу, көңдөйлүгү кандайча сүрөттөлгөн? Ал сынчынын көзүн эмнеге оюп салды?

Хан туура жасадыбы же Толубай туура иш кылдыбы?

Жакшылап ойлонгулачы негизги маселе эмнеде жатат? Эгер силер сынчынын ордунда болсоңор эмне кылат элеңер? Эми Толубай сынчы эмне кылат деп ойлойсуңар? (Синтез)

**Окуу улантылат.**

Ошентип, көп күн батты, көп таң атты…
Шылдырап бир калыпта суулар акты.
Көрсөтпөй эч адамга, жер түбүндө,
Толубай жаман бозду багып жатты.

Чаалыкпас, арыбас кылып, ашуу, зоодо
Кайыкпас, талбас кылып борошого,
Кулпунтуп, тулпар кылып минип чыкты,
Сынчы ата туура кырк бир күн болгондо.

Кемпирин (жолду көрбөйт) алдына алып,
Артына кең олтуруп, өзү учкашып.
Сейилден көңүл эргип, келе жаткан,
Хан жолун туура тосуп тура калып.

Сынчы айтты: «Амансыңбы, Азиз ханым,
Биз минген өзүң көргөн боз жаманың.
Кош эми, жигитчилик арың болсо,
Бул тулпар сага ылайык, жетип алгын.

Кемпири аттын оозун коё берди,
Кара жер камгак болуп тегеренди.
Азиз хан өзү баштап «Жет кармалап!»
Ана көр, көтөрүлүп кууган элди.
Аз-аздан барган сайын ызы-чуулар,
Алыстап калып жатты куугунчулар.
Аркырап учкан боздун арышына
Жер да тар, асман да тар, аалам да тар… ж.б. [152. 99

**Түшүнүү.**

Толубай сынчы туура кырк бир күн болгондо баягы эшек кейпи, кырчаңгы бозду таптап минип чыкты. Кемпирин алдына алып, өзү учкашып эригип сейилден келе жаткан Азиз хандын алдынан чыгып, жигитчилик арың болсо, жетип алгын, бул тулпар сага ылайык деп аттын оозун коё берет. Хан баштап, куугунчулар алыстап алыста калып жатышты. Көзгө илешпей бир күндүк жерге жеткен кезде араң жалгыз дабыш дүбүрт чыгат. Толубай кемпиринен сурап, «Чоң күрөң боз» экенин билип, анын жука туяк экенин айтып, таштак жолго салса, жолдон тажап, жете албай ошол бойдон калып калат. Эртеси Жээрде кашка жакындаганын кемпиринен сурап билип, анын мээси жука деп күнгө салганда, күн өтүп чуркай албай калып калат. Үчүнчү күн таң алдында Азиз хандын өзү Жибек көкүл, жээрде аты менен жакындайт. Сынчы Жибек көкүл чын тулпар ат экендигин, бирок ага мактоо жарашпастыгын айтып, атын ханды беттеп, алдына тартып, Жибек көкүлгө мактоо айтканда жүрө албай туруп калат жер чапчылап. Ошондо сынчы Азиз ханга:

Сынчы ата сөзүн буруп, Азиз ханга:
«Жаман боз – мен минген ат, таанып кара!»
Падышам, сын баркына жете албадың,
Акыры ээн талаада сен маскара.
Менде жок арманды угар тууган-досум,
Жана да өнөр билген жан жолдошум…
Кантейин, жаратканга айтарым бар,
Артымда атымды айтар заман болсун», -
Деди да камчы салды боз тулпарга,
Боз тулпар жакшы кызып эми гана,
Дайынсыз сапар алып зымырады,
Эли жок, жери жоктой бул ааламда.
Жер жүзү, жер бүткөндү бүт тебелеп,

Ай менен күн ортосун жалгыз ээлеп,
Акыры бир деңизге түшүп кетип,
Ошентип, Толубай сынчы өлсө керек.
Аз кеп бар хан жөнүндө эки-үч сабак,
Кытайга аттанган дейт колун санап.
Канетсин тулпары жок, канга батып,
Жеңилип кайтыптыр деп кеп кылышат. [ 152.100]

**Ой жүгүртүү.** Толубайдын сынчылыгы, көрөгөчтүгү кайсы сүрөттөөлөрдө ачылат? Сынчы өз убадасын кандай аткарды. Ал ханга: «Акыры ээн талаада сен маскара» деп эмне себептен айтты? Сынчынын кылганын туура деп эсептейсиңерби?

**Чабуул.** Хан менен сынчынын талашынын түпкү маңызы эмнеде? Азиз хан менен Толубай сынчынын же адилеттик менен адилетсиздик күрөшүндө кимиси жеңди? Кантип? Экөө тең өлүмгө учурады, демек, экөө тең жеңилди да? Бул суроолорго жооп алуу үчүн талаш-тартыш (диспут) уюштуруу максатка ылайыктуу.

Окуучулардын жоопторунан кийин мугалим: «Демек, «Толубай сынчы өнөрүнүн чындыгы үчүн, адилеттик үчүн жазага тартылды – эки көзүн оюп алышты. Эки көздөн ажыроо – эң оор жаза, саяпкер-сынчы үчүн андан бетер оор. Эмне үчүн элдик уламада эки көзүн ойдурат? «Көз - чырак» дейт элибиз. Көз – чырак, көз менен адам дүйнөнү көрөт, чындыкты таанып билет, ак-караны ажыратат. Бу, биринчиден, Азиз хандын мыкаачылыгынын ашкереси, көздү ойдуруу менен ал өзүнүн ким экенин дагы бир жолу тастыктап өттү, ал адамдын жүрөгүн сууруп алгандан жаман кылды, ошол эле кезде ал өнөр күчүн сезбеди, сынчылык өнөрдү өзүнүн тагынын, бийлигинин айланасына чимирилтип айланткысы келди. Өнөр менен таңууланган бийлик, чындык менен жалгандык сыяктуу эле эки башка уюлда эле, экөө биригип бир сөздү сүйлөмөк эмес, муну анын көкүрөгү түшүнө албайт болчу. Толубай Азиз хандын атынан бирди кармап берсе болмок, ал көздүү калмак, а түгүл

сыйлык алмак, хан сарайынын сыйлуу сынчы-саяпкери болмок, бирок антпеди, көз – жалганчы, көз сырткы белгилерге азгырылып кетет деп, ал туяктарды гана карап, дүбүрт угуп, басык тыңшап, жерден көзүн албады. Акыры анысы жанагинтип жазага кириптер кылды, бирок дале ал чындыгынан кайтпады. Чындык үчүн күрөшүү – Толубай үчүн күчсүздүктөн, өлүмдөн алда канча өйдө турду. Азиз хан Толубайдын көзүн оюу менен өзүнүн көзүн ойду, чындыктын көзүн ойду, чындыкты тааный албаган өзүнүн көкүрөгүнүн «көзүн» ойду. Терең караганда Толубай көздүү калды, тескерисинче Азиз хан «сокур» болду. Алар чындыкты ушундайча бөлүштүрдү. Чындыкты ушундайча көрүп-түшүнүштү». (Муратов А. Адабият –ыйман сабагы. Б.: Мектеп, 1993. -14-15-б.) деген ойлорду кошумчаласа болот.

Эл «Толубайдай сынчы бол, Токтогулдай ырчы бол» деген акылман корутундуга эмне үчүн келген? Бул лакаптын поэмадагы окуяларга кандай тиешеси бар? (Баа берүү)

Ойлонууга 1 мүнөттөн 3 мүнөткө чейин убакыт берилет.

Окуучулардын өз алдынча, эркин пикир алышуулары үчүн мугалим аз сүйлөп, жаңсоолор менен гана сүйлөшүүлөргө сөз берип турушу абзел. Толубайдын ким экендигин чыгарманы окуу аркылуу билишти, а Токтогул ырчы ким? Практикада байкалгандай айрым жерлерде бул ысымды окуучулар, а түгүл кээ бир мугалимдер дагы Токтогул Сатылганов менен байланыштырышат. Токтогул Сатылганов жашаган мезгилге чейин эле эл тарабынан уламышка айланган акындын болгондугу тууралуу мугалим маалымат берип коюшу керек. Ошондой эле мугалим С.Закировдун, А.Акматалиевдин жазгандарынан да пайдаланганы ылайык.

Пикир алышып бүткөндөн кийин поэманын биринчи варианты балдарга таратылып берилүү менен, экинчи варианттан айырмачылыктарын табуу сунушталат.

«А.Осмонов 1937-жылы Толубай жөнүндөгү уламыштын негизинде «Толубай сынчы» поэмасынын биринчи вариантын жазган. Анда айрым идеялык-көркөмдүк жактан кемчиликтер орун алган. Толубайдын улуулугу, сынчылыгы жакшы ачылган эмес. «Толубайдай сынчы бол, Токтогулдай ырчы бол» деген ылакапты толук, ачык чагылдыра албай калган. Б.а. тарбиялык мааниге ээ көркөм тактоолор жетишсиз болуп калган. Автор Толубай жөнүндөгү уламыштын сюжетин айрым гана өзгөртүүлөр менен ырга салган. Элдик уламыштын мааниси кейипкерлердин контрасттуу даана образдарынан ачылмак эле. Ошондуктан акын 1944-жылы чыгармачылык менен жаңы образдык кошумчалардын негизинде поэманын экинчи вариантын жазган. Көлөмү жагынан эки вариант бирдей болсо да, экинчи вариант идеялык багытынын ачыктыгы, образдардын дааналыгы, элестүүлүгү, тилинин тактыгы менен айырмаланат.

Эки варианттан салыштырып көрөлү.

**Биринчи вариант:**

Толубай сынчы экеним сен билсеңчи,
Жаныбар тулпардыгың мен билсемчи.
Аттиң ай, колдо болуп өзүм таптап,
Ээликкен казат издеп эр минсечи.

**Экинчи вариант:**

Аттиң ай, Толубайлыгым сен билсеңчи,
Тушунда тулпарлыгың, мен билсемчи.
Туйгундай колду жарып кайкып учуп,
Туйлатып туу кармаган эр минсечи. [ 152.96]

Ушул эле саптар биринчи вариантта 3-куплеттен, ал эми экинчи вариантта 14-куплеттен орун алган. Ошого жараша поэманын социалдык мааниси тереңдеп, текст күнүрт түшүнүктөрдөн арылган.

Толубай деп, Толубай атын салт кылган бар
Не билсин ал жөнүндө жаш уландар?..

Суусаган таттуу жомок ширесине
Сөз кылат тамшанышып карыялар.
Жай бүтүп, күз аяктап, кыш жакындап,
Келгин куш отор кетип, ордун таптап…
Кете албай карт куштардай
Карылар көктү карайт, талган канат…
Заманды жакшы көрөт, баркын билет,
Жаштарды алдына алып эркелетет.
Төмөнкү Толубай аттуу кыска дастан,
Эски обон, эски ырлардай эске келет. [ 152.95 ]

Бул ыр саптары биринчи вариантка кошулган толуктоолор болуп эсептелет.

Биринчи вариантта негизинен Толубай коркок, жеңил, айткандан чыкпаган адам катарында таасир калтырат. Толубай ханга өзү келип, Толубай деген мен болом дегенде, хан өзүнүн жанынан орун берип, аттарымдын арасынан тулпар таап берчи деп сурангандыгын төмөндөгү ыр саптарынан көрөбүз:

Эртеси Толубай сынчы өзү келди,
- Таксыр хан, Толубай деген менмин деди.
«Эмесе Толубай сынчы – сынчы болсоң,
Жылкымдан тулпар таап бергин» - деди.
Тактыда хан жанында Толубай турду,
Миң-миңдеп, нечен жүздөп мал чубурду.

Экинчи вариант:

Эртеси Азиз падыша Толубай чалды
Вазирден тез чакыртып жанына алды.
Астынан эсеп жеткис жылкы айдатып,
Ичинен тулпар таап деп кыйноо салды.
Куп дебей, же жок дебей,

Түнөрүп күзгү узун түн түнөргөндөй [152. 97]

Экинчи вариантта Толубай өтө кыраакы, сабырдуу, өз билгенинен кайтпаган адам катарында көрүнөт. Хан зулум, таш боор адам, ушул эки карама-каршы образды акын көркөм боёктор аркылуу ачып көрсөтө алган.

Сабакты окуучулардын жоопторуна толуктоолорду киргизип, жыйынтыктап, «Сынчынын тагдыры» деген темада улама дил баян жазып келүүнү тапшырма берүү менен аяктайт.

«Улама дил баян – улап жазылган чыгарма, башкача айтканда, окуучу берилген темада ага чейинки белгилүү окуяны андан ары өз алдынча улантат».

**6-класста Ж. Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек» поэмасы аркылуу элдик педагогикалык идеялар боюнча тарбия берүү**

Демократиялык өзгөрүүлөрдүн шарапаты менен окутуунун натыйжалуу технологияларын иштеп чыгуу жана аларды колдонуу учурдун талабы болуп калды. Азыркы күндө жаңыча технологиялардын бири - интерактивдүү методдорду кеңири колдонуп жатабыз. Бул методдун максаты окуучуларды кызыктыруу үчүн гана эмес, сабактарды таасирдүү, маңыздуу, максаттуу, мугалим менен окуучулардын биригип, өз ара сүйлөшүү, акылдашуу, дискуссия жүргүзүү менен маселени чечүү, чогуу-чаран чындыкты издеши болуп саналат.

Адабият сабагында интерактивдүү методдор менен бирдикте этнопедагогиканы ала жүрүшүбүз зарыл. Анда элдик адат-салттарды, акылман ойлорду пайдаланып, балдарды адамгерчилик мыкты сапаттарга; улууну сыйлоого, эр-азаматтыкка, патриоттукка, достукка, жопкерчиликке, жоомарттыкка, камкордуулукка, мээрмандыкка тарбиялоодогу башкы курал-эне тили жана эл адабияты экендигин эстен чыгарбашыбыз керек. Адамды адам кылуунун илими фольклордо экендигин Л.Н. Толстой мындайча айтат эмеспи:» Адам билген буга чейинки бардык илимдин башкысы - кантип

азыраак жамандык кылып, көбүрөөк жакшылык кылуу керек деген илим» [Толстой]. Адам кара курсагынын эле камын ойлоп калса, деңгээли андан жогорулабаса, улутта өнүгүү болбойт. Азыркы кыргыз окуучусу кандай абалда турат? Алар эмнеге умтулат? Алар үчүн эмне актуалдүу? Эзелтен келаткан улуттук баалуулуктарбы же учурдагы жашоо ритмиби? Мектеп окуучусу тандоонун ушундай эки айрылыш шартында турган чагында эмне жардамга келет? Албетте, билим жана тарбия. Болгондо да,улуттук дөөлөттөргө сугарылган билим жана тарбия керек. Адамдагы адамгерчилик сапаттарды калыптандыруудагы эң оор жана жооптуу иштерде ата-энелерге жана педагогдорго жардам берүүчү кеңешчи фольклордун бүгүн да баалуулугу, мааниси зор. Баланын эртеңки тарбиясы кангдай болору биз балдарды бүгүн кандай тарбиялаганыбызга жараша болору элдик практикада эчак далилденген. «Туура тарбиялоо-бул биздин бактылуу карылыгыбыз, жаман тарбиялоо-бул биздин келечектеги кайгыбыз, коз жашыбыз, башка адамдар алдындагы, бүткүл өлкө алдындагы күнөөбүз» деп А.С. Макаренко [25.16] да бул ойду бекемдейт.

Элибиз эзелтен эле баланы сөз менен тарбиялоону – тарбиянын бардык түрүнөн жогору коюшкан. Баланы тарбилоодогу байытадан берки келе жаткан уңгулуу сөз берметтери, т.а макал-лакаптарды, табышмак, жомок менен уламыштарды, андагы айтылган ойлор жана үлгулүү образдарды колдонушкан. Мунун мисалында, биз Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек» поэмасынын тарбиялык маанисине токтолобуз. Эл адабиятын окуп-үйрөтүүгө мурдагыдай эмес, жаңы көз карашта, т.а этнопедагогикалык көз карашта мамиле жасоого аракеттенебиз.

Ушундай негизде өтүлгөн «Чептен эрдин күчү бек» поэмасы «эл чыгармаларынын сюжетинен, элдик легендалардан, элдик эпикалык сүрөттөөлөрдүн ыгынан пайдаланылып жазылган поэма. Поэманы патриот акын 1942-жылы фашизм менен кармаштын баатырдык күндөрүндө жазган» (Маленов) .

Орто мектептин 6-классында окутула турган бул чыгарма көркөмдүк жактан иштелип чыккан, өспүрүмдөрдүн сезимине күчтүү таасир калтыруучу, эли-жерин урматтап, Ата Журтунун алдындагы жоопкерчиликти намыс менен көтөрө билүүгө тарбиялай турган эмоционалдуу чыгарма катарында 1952-жылдан бери окуу программасына киргизилип келе жатат.

Мугалим кириш сөзүндө Ж.Бөкөнбаевдин өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө кыскача маалымат берет. «Чептен эрдин күчү бек» поэмасынын текстин окуудан мурда «чеп» деген түшүнүктү чечмелөө максатында Чеп дегенди кандай түшүнөм? Чеп эмне үчүн керек? деген темада 5 минуттук эссе жазышат. Чеп тууралуу окуучулардын ойлорун айтууга мүмкүнчүлүк берет. Айтылган ой-пикирлерди мугалим жыйынтыктап, андан ары чыгармада окуя кандай уланышы мүмкүн деген болжолдуу суроолор менен окуучуларды активдештирүүгө шарт түзөт.

Сабактын түшүнүү баскычында башкарып окутуу стратегиясы аркылуу окулса, балдар өз алдынча ой-жүгүртүп, оюн тартынбай айтып, чыгарма боюнча талдоо жүргүзө алат. Чыгарма менен окуучуларды тааныштыруу этабы көркөм окуу, тыным, проблемалуу суроолордун коюлушу менен жүрөт.

Бул жерде чыгарманы көркөм окуу аркылуу балдардын эмоционалдык-эстетикалык туюмун ойготуунун жолун көрсөк болот. Мугалим көркөм окуу аркылуу сөзгө жан кирип, түрдүү түс берет. Мында чыгармадагы окуяны окуучулардын көз алдына элестетүүсү активдешет. Балдарга адабият искусствосунун таасирин жогорулатууну жана ал боюнча проблемалуу суроолорду берүү аркылуу алардын ой жүгүртүүсү өсөт. . Мугалим тарабынан көркөм окулган чыгарманы балдар өз алдынча окууга киришкенде көңүл бурулбай калган окуяларды, майда деталдарды байкашат.

Байыркы бир заманда эл бар экен,
Өзүнчө эркин, ээн жашап турган.
Багында булбул сайрап, гүл жаадырап,

Башкача сонун жерди мекен кылган. [ 152.103]

*1-тыным.* Балдар, мекен деген эмне? Мекениңер жөнүндө эмнени айта аласыңар?Окулган абзацта эмне жөнүндө сөз болду?

Ар жылы күчтүү жоолор каптап кирип,
Талоонго салат экен мүлкүн, малын.
Ойрондоп эчен кымбат ордолорду,
Олжолоп алып кетти сулууларын,
Кордугу душмандардын жанга батып,
Бир күнү кеңешүүгө эл чогулду. [ 152.103]

*2-тыным.* Эл кандай кайгылуу кырсыкка дуушар болушту? Мындай учурда эмне кылуу керек? Силер кандай кеңеш бере аласыңар?Мындан кийин окуя кандай өнүгөт деп ойлойсуңар?

Бардык күч, бардык мүлкүн сарып кылып,
Жоо өткүс бекем чепти курмак болду.
Айлантып кең өлкөсүн дубал куруп,
Киришти эмгегине күн өткөрбөй,
Көтөрүп пайдубалын келген кезде,
Кайрадан кулап түшөт жер көчкөндөй.
Калың журт кайгыланды, кансырады...
Катарлап көтөрө албай пайдубалды.
«Себебин бул укмуштун ким табат»- деп,
Ырчылар жар чакырды,күүгө салды.
Бири айтты:»Асыл таштан койгун»- деди,
Бири айтты:»Ак боз бээ сойгун»-деди.
Асыл таш, алтын менен койсо дагы,
Токтобой дубал түшүп кулай берди
Тартышты капаланып калк убара,
Ойлонуп таба албады көп улама.

*3тыным*

Чепти эмне үчүн курушту жана ал эмне болуп жатты? Эмне үчүн чеп улам бузула берди? Эми эмне кылуу керек?

«Мен чечем түйүндү»-деп сүйлөдү,
Жылаң бут,ак сакалдуу бир карыя.
Карыя токсон жашка келген экен,
Кыдырып бүт дүйнөнү көргөн экен,
Акылы алмаз менен болоттон курч,
Алыскы бир ажайып жерден экен.
Качанкы чечилбеген сырды угууга,
Калайык жабылыша кулак түрдү.
Сакалын оң кол менен сылап алып,
Салмактуу коргошундай сөзгө кирди:

*4-тыным.* Эл кыйналып жатканда ким келди: Аны сүрөттөгүлө. Кандай кеңеш берет деп ойлойсуңар? Эмне үчүн?

Калп болбойт карыяңдын айткан кеби,
Калайык акылыма көнсөң деди,
Түк көчпөйт бул дубалың кылым бою,
Тирүүлөй бир кишини көмсөң»-деди. [152.104]

*5-тыным.* Карыя туура кеңеш бердиби? Кантип эле адамды тирүүлөй көмсө чеп кулабай калсын? Силер карыянын оюна кошуласыңарбы? Эгерде бул ойду туура көрбөсөңөр «Карынын кеби-акылдын кени»,»Карынын кебин капка сал»деген элибиздин улуу сөздөрүнө болгон оюңар кандай?Элдин арасынан карыянын айтканына макул болуп,бирөө-жарым чыгабы? Силерге ушундай суроо коюлса эмне кылат элеңер?

«Кайсы эр бул кызматка чыгар экен,
Бул дубал эр канына кумар экен?»-
Деп ырдап бир топ ырчы элди айланып,
Күн бою жар чакырды эчен-эчен,

Бирөө да «мен чыгам» деп сөз катпастан,
Мостоюп карап турду дудуктанып.
Обдулуп он үч жашар бир жетимче
Сүйлөдү жама тонун чечип салып:
«Уктум да шашкан бойдон келдим,-деди.
Мен даяр тезден гана көмгүн,-деди,
Арманым дүйнөдө эч калбайт го,
Жарасам керегине элдин»,-деди.
Жаш бала пайдубалга барып турду,
Көпчүлүк күрөк менен чачты кумду.
Аңгыча алсыраган жалбарыңкы
Боздогон муң, кайгылуу үн угулду. [152.105 ]

*6-тыным.* 13 жашар бала туура жасап жатабы? Угулган кайгылуу үн кимдики деп ойлойсуңар?

Бир караан шашып чуркап келет экен,
Бул караан жаш баланын энеси экен.
Атадан жетим калган жалгыз уулун
Алпечтеп айнегим деп эркелеткен.
«.. Кулунум кучактайын мында келчи,
Кууратпа карыганда энекеңди,
Көмбөгүн, жалгызымды көмбөгүн !»-деп,
Көзүнөн жаш куюлуп ыйлап келди. [152.105]

*7-тыным.* Эненин көз жашын көрүп, кайгылуу үнүн угуп бала кандай чечимге келиши мүмкүн?

«.. Ыйлаба, көз жашыңды тыйгын, эне!
Ырайым жетимиңе кылгын, эне!
Жаныңдан артык көргөн тууган элдин
Жалгызың жарап кетти керегине
Уулуңдун убайын көрөм деп тиленип,

Ушундай ишке арнап бакпадыңбы.
«Эркетай, элиң үчүн курман бол!»-деп,
Эч качан унутпаймын айтканыңды»
Энеси элге карап сөз баштады
Маанисин байкап көрүп айткан кептин;
Атажурт кызматына жанды берип,
Айланам, ак сүтүмдү актап кеттиң!»
Жалбарды жалгызына , беттен өптү,
Аарчыды жашка толгон эки көздү.
Колуна күрөк алып кайрат менен,
Көмүүгө баласына кумду септи. [ 152.105]

*8-тыным*. Энесинин кумду сепкенин баласы кандай кабыл алат? Эненин кылган иши туурабы?Эмне үчүн баласын коргобойт?

«Энеке,бул кылганың адамчылык,
Жүрөгүң акак, бермет таштан тунук.
Өтөбөй калайыктын бир кызматын
Жүрбөймүн жер бетинде адамсынып..»
Коштошуп өбүшүштү эне,бала,
Кайраты бул экөөнүн ташкын дайра,
Кум толуп алкымына келген кезде,
Шып этип жетип келди да карыя

*9-тыным*. Бул жолу карыя кандай кеңеш берет?

Көмбөгүн, бул баланы ачкын,-деди,
Чеп курбай үй-үйүңө кайткын,-деди.
Көтөрбө чеп, коргондун кереги жок,
Кордукка мындай балдар бербейт элди.
Киришсе ким да болсо чеп тургузат,
Чеп-ылай, каптап кирсе душман бузат,
Балдарың баары ушундай өсүп турса,

Багынтып бул жүрөктү ким коркутат?!

Черди жаз. Тепкин шапар. Кургун сайран.

«Чеп жок» деп кайгы тартып кам санаба,

Кандай жоо басып кирип баш ийдирмек

Турганда мындай эне,мындай бала!.. [152.106 ]

*Мугалим*: Карыянын акылман оюнун мааниси эмнеде экен? Анын акыркы сөзүн жатка айтып бергиле. Азыркы учурда биз кандай жашап жатабыз, илгеркиге салыштырып билгениңерди айткыла. «Чептен эрдин күчү бек» деген уламыш сөздүн теги эмнеде?

Ж.Бөкөнбаевдин бул чыгармасын окутууда «эл, жер үчүн курман болуу идеясынын даңазаланып ырдалышы» гана айтылып тим болбостон, бүгүнкү күндүн жандуу мисалдарын пайдалануу менен окуучуларды патриотизмге тарбиялоо сабактын башкы максаты. Патриоттуулукка, достукка үндөгөн бул чыгарманын таасирин дагы күчөтүш үчүн кыргыз элинин баатырлары Ч.Түлөбердиев, Д.Шопоков жана жакында болгон Баткен согушунун баатыры Касым Шадыбеков сыяктуу адамдардын сүрөттөрү көрсөтүлүп, баатырдыктары жөнүндө айтып берсе болот.

Эрдик, достук, мекен, эне, эр жигит жөнүндө кандай макал-ылакаптарды, уламыш-жомокторду жазып чечмелөө жана 2 куплеттен жаттоого берилет.

Теманы өтүү үчүн эссе жаздыруу, башкарып окутуу ыкмалары аркылуу окуучулардын сабакка активдүү катышууга жана пикирлешүүгө, көз караштын калыптанышына, талдоо аркылуу маселени чечүүгө, сабактын жандуу өтүлүшүнө шарт түзөт.

Элибиздин уңгулуу сөз каражаттары, макал-ылакаптары, уламыштары тегин жерден чыкпагандыгынын да далили катарында көрүнөт.

Ар дартка бирдей даба боло турган дары жок сыяктуу эле, ар сабакка жана ар учурга бирдей туура келген метод болбойт. Ар методдун колдонуу формасы жана өзгөчолүктөрү ар башкача. Бир метод белгилүү бир шартта

ийги натыйжа берсе, башка бир метод ошол эле шартта орунсуз болушу мүмкүн. Демек, методдун түрү эмес, анын кырдаалга шайкеш келгени жакшы деп эсептелинет. Анан да окуучуну борбордук орунга койгон заманбап методдорду колдонуу учурдун талабы. Бул принциптердин баары менен бирге мугалимдин эң мыкты адамгерчилик сапатка ээ болушу өзгөчө мааниге ээ. Кыскасы, окуучунун сабакка каалап, жактырып, шашылып келгендей чөйрөнү түзүү бир гана мугалимдин колунда. Салттуу билим берүү системасындагы маалыматтын так, кадиксиз болушу, окуучуга толук жеткирилип, үйрөтүлүшү сыяктуу түшүнүктөр барган сайын маанисин жоготуп, жаңыча түшүнүктөр менен алмашууда. Салттуу окутуу системасында окуучу тыңдоочу же байкоочу катары мугалимдин айткан-дегендерин тикеден-тике кабыл алган пассивдүү абалда болот. Ал эми заманбап окуу моделине ылайык окуучу бул системанын  борборунда турат да, дамамат аракетте болуп, демилгелүү инсандын милдетин аткарат. Класс чөйрөсүндө болсо максатка умтулган, сабакка жандуу катышкан, үйрөнүүгө дилгир, өз пикирин так туюнта билген, акылы зирек, өзүнө да, өзгөгө да сынчыл пикирдүү, сынды туура кабылдап, туура чечим чыгара билген окуучуну тарбиялоо керек. Маалымат даяр түрүндө берилбестен, үйрөнүүнүн жолдору көрсөтүлөт да, маалыматка жетүү үчүн өздөрү аракеттенишет.

**Ш бап боюнча корутунду**

Жогоруда келтирилген легендалык чыгармаларды окутууга мектеп практикасында кайрылуунун эң башкы багыты – алардын тарбиялык мааниси, уламыштардын акын-жазуучулар тарабынан иштелип чыгуудагы өзгөчөлүктөрүн, тил байлыктарын өздөштүрүү менен байланышат.

Легендалык чыгармалар аркылуу өткөндү билип, балдардын оң сапаттарынын калыптануусу үчүн жана анын өнүгүүсүнө таяныч берет.

Легендалык чыгармаларды окутуу үчүн мугали тарабынан чыгарманын жанрдык түрүнө башкача көңүл бурушу зарылдыгына токтолдук. Себеби балдар өтүлгөн чыгармада берилген уламыштык баянды түшүнбөсө, анда андагы мадагы идеялык-тематиканы өздөштүрүүгө жетишпейт. Андыктан легендалык чыгармалардын маңызы аркылуу адабиятка аралашууга мүмкүн. Жогорудагы бөлүмдө биз аталган өзгөчөлүктөрүн белгилеп өтүүгө аракет кылдык.

Жыйынтыктап келгенде, мектепте легендалык чыгармаларды окутуу менен балдардын тарбияланышына, адептүүлүктү сакташына шарт түзөбүз. Мындай аракетти ишке ашырууда үчүн төмөнкүлөргө токтолуу зарыл:

1. Мугалимдер легендалык чыгармаларды үйрөтүү үчүн тиешелүү деңгээлде теориялык билимдин болушу;
2. Мугалим тарабынан легендалык чыгармалардын түпкүрүндө элдик ойлордун тарбиялык өзгөчөлүгүн эске алуу аркылуу баланын жан дүйнөсүнө сиңирүүгө жетишишүү;
3. Окуучулардын легендалык чыгармалардын мазмунун жеткилең түшүнүү үчүн мугалимдер интерактивдүү методдорду билүүсү талап кылат;
4. Легендалык чыгармаларды түшүндүрүүдө адамдык оң сапаттарды, акылмандыкты, эдл-жерди сүйүүнү, сабырдуулукту бүгүнкү жүрүш-туруш эрежелери менен салыштыруу жана мисалдар менен бышыктоо зарыл.

Аталган жагдайларды эске алуу менен гана легендалык чыгармаларды натыйжалуу окутууга мүмкүнчүлүк берилет.

## ЖАЛПЫ КОРУТУНДУЛАР ЖАНА СУНУШТАР

Легендалык чыгармаларды окутууга багытталган изилдөө ишибизде коюлган максат-милдеттерибиздин ишке ашты деген ойдобуз.

**Изилдөө ишибизде коюлган биринчи милдет боюнча** легенда менен уламыштын негизинде түзүлгөн чыгармаларды терминдик жактан бир типке келтирүү жана окуу китептерде, программаларында, методикалык адабияттарда аталыштары такталды.

V-VI класстарда легендалык чыгармаларды окутуу боюнча азыркы абал, ал боюнча окуу программалары жана окуу китептеринде берилиши изилденди. Ошондой эле илимий-методикалык эмгектерде легендалардын изилдөө деңгээли аныкталды жана илимий-методикалык жактан алар жалпыланды. Мектеп окуучулары жанрдык жактан легендалык чыгармаларды ажырата албай тургандыгы, легендалык чыгармалардын тарбиялык мааниси жөнүндө билимдери жетишсиз экендиги маалым болду. Окуучулар легендалардын сюжетин үстүртөн гана билгендиги, усулдук көрсөтмөлөр жетишерлик эместиги аныкталды. Мындай көрүнүш аныктоочу экспериментте атайын түзүлгөн анкеталар менен далилденди. Мектептерде легендалык чыгармаларды окутуунун методдору жана деңгээли аныкталды.

Изилдөөнүн ар тараптуу терең изилдөөсүнүн натыйжасында, легендалык чыгармаларды окутуп үйрөтүүдө балдардын салыштыра алуу билгичтигин, түрдүү жанрдагы чыгармаларды салыштыруу менен айырмаларын жана жалпылыктарын, өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүүгө болот деген жыйынтык чыгардык.

Изилдөө учурунда жүргүзүлгөн анкеталардын негизинде легендалык чыгармалардын идеясына жана катышкан каармандарга көп көңүл бурулуп, баланын кабыл алышы, чыгармалардын бай тилине көңүл бурулбагандыгы байкалды. Ошондуктан легендалык чыгармалардагы баалуулуктар жана таалим-тарбиялык үлгүлөрдү компетенттүүлүккө багыттап окутуу актуалдуу маселе.

**Экинчи милдет боюнча** легендалык чыгармаларды окутуу аркылуу окутуунун методдорун (салттуу жана интерактивдүү) жуурулуштуруу аркылуу балдардын эстетикалык, баалуулуктарды калыптандыруунун жолдору иштелди. Окутуунун методдорун легендалык чыгармаларды окутууда да ыктуу пайдаланууну талап кылаары аныкталды. Легендалык чыгармаларду окутуу боюнча каражаттар, суроо жана тапшырмалар жыйнагы иштелип чыкты. Окутуунун жаңыча жана интерактивдүү усулдары интеграцияланып, интерактивдүү усулдардан ролдук оюндар, сабак-диспут, тыным аркылуу окуу, божомолдоочу суроолор, кластер түзүү, топтук оюндар, башкарып окутуу, ББкБ, кырдаалга жараша талкуу, чыгармачылык тапшырмалардын түрлөрү ж.б. сабактын кызыктуу өтүүсү үчүн зарыл усулдар экендиги айкындалды.

**Үчүнчү милдет боюнча** изилдөөгө алган легендалык чыгармаларды окутууда жаңыча технологияларды колдонуунун артыкчылыктары белгиленип, натыйжалуу окутуу методдору иштелди. Бул жанрдагы чыгармаларды окутууда мугалим алардын жанрдык өзгөчөлүгүнө маани берүүсү керектигине токтолдук. Себеби өтүлүп жаткан материалды бала уламыштык мазмунун түшүнбөсө, берилген идеялык-тематикалык мазмунду өздөштүрө албайт.

**Төртүнчү милдет боюнча** иштелген теориялык-практикалык корутундулар педагогикалык эксперименттен өткөрүлүп, сунуш кылынган методиканын эффективдүүлүгү практикада сыноодон өттү. Мектеп окуучуларынын адабий-эстетикалык туюмунун түрдүүчө болушуна, жашоону кабылдоосуна, ой-жүгүртүүсүнүн өсүүсү үчүн педагогикалык жана методикалык шарттарды колдонуунун натыйжалуу жолдорун, каражаттарын сунуштадык. Легендалык чыгармаларда берилген проблема, мазмунга карата балдардын жекече көз карашы, каармандарды реалдуу адамдар менен салыштыруу, аларга карата баа бере алуу аркылуу улуттук баалуулуктарга: жакшы менен жаманды ажырата билүүгө, эл-жерди сүйүүгө, эне тилди

кадырлоого, тарых, маданият ж.б. этномаданий мурастарды менен аларды сабактын маанилүү өзөгү менен айкалыштырууга аракет кылдык. Сабак берүүдө пайдаланылган интерактивдүү ыкмалар менени окутуу чыгармачылык чеберчиликти жогорулатууда натыйжалуу экендиги аныкталды. Аталган усулдар педагогикалык экспериментте колдонулуп, жакшы натыйжаларды берди.

Тандалган диссертациянын темасына ылайык системалуу изилдөө иштери жүргүзүлдү. Жүргүзүлгөн эксперимент аркылуу толук тастыкталган натыйжалардын, корутунду-тыянактардын негизинде, аталган көйгөй боюнча иштин натыйжалуулугун арттыруу үчүн төмөнкүдөй практикалык **сунуштарды** беребиз:

**Биринчиден,** легенда менен уламыштын негизинде жазылган чыгармаларды терминдик жактан бир типке келтирүү жана окуу китептерде, программаларында, методикалык адабияттарда аталыштарын тактаганга аракет кылдык. Адабият таануу илиминде буга чейин легендалык жана уламыштын негизинде жазылган чыгармалар (поэмалар, повесттер, романдар) деп айтылып келет. Легенда жана уламыш деген терминди бир эле түшүнүк экендигин, кайсы бир шарттарда реалдуу айтылып болуп өткөн, эл тарабынан байытылып, толукталып келген оозеки элдик тарых экендигин, муну биз легенданы уламыш деп жана легендалык чыгармаларды уламыштын негизинде жазылган чыгармалар деген бекем көз карашты калыптандыруубуз керек, бирдиктүү бир эле термин менен айтылуусу тийиш. Окуу китептеринде, программаларда, методикалык адабияттарда аталыштар такталышы керек.

**Экинчиден,** легендаларды окутууда окутуучу чыгарманын сюжеттик мазмунун үйрөтүү менен чектелип гана калбастан, балдар көркөм чыгарманын мазмунунан адеп-ахлактуулукка, боорукерликке, эмгекке ж.б. үйрөнүп, көтөрүлгөн проблема боюнча окуучулар эркин ойлонуу жана жаза билүү көндүмүнө калыптандыруу керек.

**Үчүнчүдөн,** окуучулардын чыгармачылык жөндөмүн өстүрүүгө маани берген оң. Сабакта окуучунун жөндөмүнө жараша продуктивдүү, креативдүү тапшырмалардын үстүндө иштөө, окуучунун чыгармага кызыгуусу артып, аны тереңден өздөштүрүүгө жетишүүсүндө маанилүү фактор болуп эсептелет.

**Төртүнчүдөн,** легендалык чыгармаларда берилген улуттук баалуулуктарды окуучулардын реалдуу жашоодо практикалык жактан колдонууга багыттоо зарыл.

**Бешинчиден**, интерактивдүү методдор менен окутуунун эффективдүүлүгүн арттыруу үчүн түзүлүп жаткан электрондук окуу китебин, окуу методикалык комплекстерин (презентация, тест) колдонуу, тесттерин онлайн формасын пайдалануу жана көрүү, угуу, сезүү, кабыл алуу, таанып-билүү көндүмдөрү калыптанат.

**Алтынчыдан,** легендалык чыгармаларды окутуунун инновациялык технологияларын жайылтуу, мугалимдердин илимий-методикалык усулдук колдонмолор менен камсыздоо, натыйжалуу тажрыйбалар жөнүндө баянндалган басылмалар менен таанышууга шарт түзүп берүү керек.

Мектеп программасындагы адабияттык окуу курсунун максат-милдеттерине ылайыкталган, билим берүүнүн технологиялары айтылган сунуштарды эске алганда гана натыйжалуулугу билинет. Себеби, өздөштүрө турган адабий билимдер V-VI класстарда калыптанат. Аталган курс адабий билим берүүнүн башаты гана болбостон, балдардын билими, жана билгичтиги, көндүмдөрүнүн калыптанышында зор мааниге ээ. Аланган билимдин негизинде 9-класс окуучулары легендалык чыгармаларды адабий-теориялык, эстетикалык жактан да анализ жасоого даяр болушат. Кыргыз элинин байыртадан сактап келген руханий дөөлөттөрүн коргоп, акыркы муундардын энчисине айландыруу мугалимдин этнопедагогикалык, этномаданий компетенттүүлүгүнөн көз каранды. Ошондуктан биз, мугалимдер, кесиптик компетенттүүлүктөн сырткары, этномаданий компетенттүүлүктөрдү өнүктүрүүбүз керек.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР:


1. **Абдрасулова, Э.К.** Айтматовдун чыгармаларын V-VII класстарда окутуунун илимий-методикалык негиздери [Текст]: педагогика илим. канд.... дис.автореф.: 13.00. 02 / Э.К. Абдырасулова. – Бишкек, 2007. – 21б
2. **Абдыракунов, Т.** VI класста Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек» деген поэма-сын үйрөтүү [Текст] / Абдыракунов, Т. // Муг. газетасы, 1963, 26- февраль.
3. **Абдуллаева, Р.А,** Ч.Айтматовдун чыгармаларын мектепте окутуунун инновациялык технологиялары [Текст] / Р.А. Абдуллаева – Бишкек, 2018.- 51-56-бб.
4. **Азаров, Ю.П.** Учиться, чтобы учить [Текст] / Ю.П.Азаров // Нов. мир, 1987, № 4.
5. **Айтматов,** Ч. “Кирпичное мироздание или энергия лифт” [Текст] /Ч.Айтматов, лит. газ. 1978. 29-март
6. **Айтматов, Ч.** Ак кеме [Текст] / Айтматов Ч. Китепте: Беш томдон турган чыгармаларынын жыйнагы 2- том. – Бишкек: Шам, 1999. – 496 б.
7. **Активные формы и методы обучения** / Составитель: проф. Э.Мамбетакунов. − Б.: 2007. −45 с.
8. **Акматов, К.К.** Адабиятты окутуунун технологиялары -Ош.:2013-85 б
9. **Алымов, Б.** «Биздин адабиятты» 7- класста окутуу [Текст] / Б. Алымов – Ф.: Мектеп, 1983. –250 б.
10. **Алымов, Б.** Аалы Токомбаевдин чыгармаларын окутуу [Текст] / Б. Алымов – Ф.: Мектеп, 1976. –188 б.
11. **Алымов, Б.** Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы [Текст] / Б. Алымов. – Ф.: Мектеп, 1981. –219 б.
12. **Алымов, Б.** Мектеп сочинениеси [Текст] / Б. Алымов .Ф.: Мектеп, 1982. 111 б.
13. **Артыкбаев, К.** Кыргыз совет адабиятынын тарыхы [Текст] / К. Артыкбаев– Ф.: Мектеп, 1982. 507 б.
14. **Артыкбаев, К.** 5-класста «Биздин адабиятты» окутуунун методикалык колдонмосу [Текст] / К.Артыкбаев , Б. Исаков – Ф.: Мектеп, 1988. 351 б.
15. **Артыкбаев, К.** Биздин адабият. 4-класс үчүн хрестоматия-окуу китеби [Текст] / К. Артыкбаев, Б. Исаков– Ф.: Мектеп, 1986., 1988. –351 б.
16. **Артыкбаев, К.** Биздин адабият. 5-класс үчүн хрестоматия-окуу китеби [Текст] / К. Артыкбаев, Б. Исаков– Ф.: Мектеп, 1990; Бишкек: Кыргызстан, 1992, 1998. –288 б., 2004. – 444 б.
17. **Ашырбаев, Т.** 5- класста Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек» поэмасын окутуу [Текст] / Ашырбаев Т.// Эл агартуу, 1983, № 8.

18. **Бөкөнбаев, Ж.** Чептен эрдин күчү бек [Текст] / Китепте: Жоомарт Бөкөмбаев. Тандалган чыгармаларынын эки томдугу. II том. – Ф.: Кыргызстан, 1973.
19. **Бабанский, Ю.К.** Оптимизация учебно-воспитательного процесса [Текст] / Ю.К. Бабанский – М.: Просвещение, 1982.
20. **Байгазиев, С.** Окутуунун интерактивдик методу [Текст] /С.Байгазиев– Бишкек: 2004.–24б.
21. **Байгазиев, С.** Педагогикалык тажрыйба: Изденүүлөр жана табылгалар [Текст] / С.Байгазиев, С.К. Рысбаев − Ф.: 1989. –107 б.
22. **Байжигитов, К.** Кыргыз мифтери, уламыштары жана легендалары [Текст] / К. Байжигитов – Ф.:1985.
23. **Батаканова, С.Т.** Мектепте көркөм чыгармаларды талдоонун илимий-педагогикалык негиздери [текст] монография/ С.Т.Батаканова. Б.:Кут бер, 2010. -287 б
24. **Батаканова С.Т.** Көркөм чыгармаларды окутуунун методикасы Б.:2014.50 б
25. **Батаканова, С.Т.** Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутууда көркөм чыгармаларга талдоо жүргүзүүнүн илимий-педагогикалык негиздери [Текст]: пед. илим. доктору дисс. автрефераты. 13.00.02 / С.Т.Батаканова. - Б.: 2011. - 42 б.
26. **Батыркулова, А.**Б. Мыкты сабак-ийгиликтин ачкычы[Текст] / А.Б.Батыркулова А.Б., А.К.Койлубаева // Бишкек, 2014, 230б.
27. **Бекбоев, И.** Инсанга багыттап окутуу сабагынын негизги идеясы эмнеде? [Текст] / И. Бекбоев // Кут билим, 2002, 11-декабрь.
28. **Бекбоев, И.** Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [Текст] / И. Бекбоев − Бишкек: Педагогика, 2003. –230 б.
29. **Бекбоев, И.** Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [Текст] / И. Бекбоев − Бишкек: Бийиктик, 2011. –283 б.
30. **Бекбоев, И.** Алимбеков, А. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы.[Текст] Бекбоев, И. Алимбеков А. –Б.Бийиктик, 2011.
31. **Бектенов, З.** Биздин адабият. Сегиз жылдык жана он бир жылдык мектептердин 5- классы үчүн [Текст] / З. Бектенов, Ж. Темирова– Ф.: Кыргызокуупедмамбас, 1963.
32. **Бектенов, З.** Биздин адабият. Сегиз жылдык жана орто мектептердин 4- классы үчүн [Текст] / З. Бектенов, Ж. Темирова – Ф.: Мектеп, 1971. –250 б.
33. **Беленький, Г.И.** Изучение теории литературы. IV–X кл. Пособие для учителей [Текст] / Г.И. Беленький, М.А. Снежневская – М.: Просвещение, 1983.-256 с.

34. **Богданова М.К.** Вопросу о происхождениеи жанров киргизского фольклора. [Текст] / М.К. Богданова. – Тр. ИЯЛИ Кир. ФАН СССР, вып. 1, 1944, – 280 с.
35. **Борбугулов, М.** Адабият теориясы [Текст] / М. Борбугулов – Бишкек: Шам, 1996. -505б
36. **Борисовский, А.М.** Глашатай школа радости [Текст] / А.М. Борисовский– Ф.: Мектеп, 1976. – 120 с.
37. **Буслаев, Ф.И.** Хрестоматия по истории методики преподавания литературы [Текст] / Ф.И. Буслаев– М., 1956.
38. **Бектенов З.Б.**Биздин адабият: Толук эмес орто жана орто мектептердин 6-класстары үчүн. [Текст] / З.Б. Бектенов – Ф.: Кыргызмамбас, 1946. – 214-б.
39. **Голубков В.В.** Методика преподавания литературы [Текст] /В.В.Голубков. – 6-е изд., перераб. и доп. – М.: Учпедгиз, 1962. – 492
40. **Дыйканбаева, А.** Кыргыз уламыштары [Текст] – Б; 2005. 348 б
41. **Жалпы педагогика:** ЖОЖдун студенттери үчүн окуу куралы Б.: «Кыргыз улуттук университетинин басмаканасы», 2010. – 165 б.
42. **Жапаров, М.Т.** Информационные технологии в образовании [Текст] / М.Т. Жапаров // Вестник. КГУСТА. Вып. 4 (10). Бишкек: 2005. С. 9−12.
43. **Женни Стил** Ар бир сабактагы окуу, жазуу жана дискуссия [Текст] III том Сынчыл ойломду өстүрүү үчүн окуу жана жазуу / Женни Стил – Б.: 1999.
44. **Жигитов, С.** Адабият − көркөм сөз өнөрү [Текст]/С.Жигитов// Интеллект, чыгармачылык жана турмуш − Бишкек: 2005, №1, 37−40 б.
45. **Ибраева, Н.** Башталгыч математиканы окутуунун технология маселесине карата. [Текст] // Мектеп-школа-2000, №2, 26.
46. **Иванихин, В.В.** Почему у Ильина читают все? [Текст]/ В.В. Иванихин– М.: Просвещение, 1990.
47. **Ильин, Е.Н.** Искусство общения [Текст] / Е.Н. Ильин– М., 1982.

48. **Ильин, Е.Н.** Путь к ученику: Раздумья учителя-словесника [Текст]: Книга для учителя: Из опыта работы / Ильин Е.Н. −М.: Просв., 1988. −224 с.
49. **Ильин, Е.Н.** Рождение урока [Текст] / Е.Н. Ильин– М., 1986.
50. **Ильин, Е.Н.** Урок продолжается [Текст] / Е.Н. Ильин– М., 1973.
51. **Имаева, Н.И.** Педагогика [Текст]: Учебное пособие для студентов дистанционного обучения КГНУ/ Н.И. Имаева, И.А. Асипова, А.С. Раимкулова − Бишкек: ИИМОП, 1998. −64 с.

52. **Иманалиев, К.** Кыргыз адабиятын окутуу методикасынын орчундуу маселелери [Текст] / К. Иманалиев – Ф.: Мектеп, 1984. –176 б.
53. **Иманалиев, К.** Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы [Текст] / К. Иманалиев– Ф.: Мектеп, 1976. –250 б.
54. **Иманалиев, К.** Орто мектептерде кыргыз адабияты боюнча проблемалык окууну уюштуруу иши [Текст] / К. Иманалиев– Ф.: Мектеп, 1981. –144 б.
55. Иманалиев, К. Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун методикасынын негизги маселелери. –Фрунзе, Мектеп.-1973, 13 -бет.
56. **Исаев, Д.** Биздин адабият [Текст]: Жети жылдык жана орто мектептердин 5- классы үчүн хрестоматия / Д. Исаев, Т. Абдумомунов– Ф.: Кыргызмамбас, 1950. –204 б., 1953. –215 б.
57. **Исаев, Д.** Биздин адабият [Текст]: Жети жылдык жана орто мектептердин 5- классы үчүн хрестоматия / Д. Исаев, Ж. Чотуров– Ф.: Кыргызокуупедмамбас, 1955. –211 б. 1957. –224 б.
58. **Исаев, Д.** Биздин адабият [Текст]: Сегиз жылдык жана он бир жылдык мектептердин 5-классы үчүн хрестоматия / Д. Исаев, Ж. Чотуров– Ф.: Кыргызокуупедмамбас, 1960. –167 б.
59. **Исаков, Б.** Сабат санжырасы [Текст]: Орто мектептин мугалимдери үчүн / Б. Исаков − Бишкек: Мектеп, 1993. −192 б.
60. **Исамидинов, И.Ч.** Кыргыз орто мектептеринде адабият теориясын окутуу [Текст]: Пед. илим. докт. автореф.: 13.00.01. −13.00.02./ И.Ч. Исамидинов – Бишкек, 2005. −46 б.
61. **Исамидинов, И.Ч.** Кыргыз орто мектептеринде Ч.Айтматовдун чыгармаларын үйрөнүүнүн процессинде окуучулардын адабий-теориялык түшүнүктөрүн калыптандыруу [Текст] / И.Ч. Исамидинов– Бишкек: Илим, 1993. – 244 б.
62. **Ишекеев, Н.** История изучения кыргызской литературы в школах республики и ее актуальные проблемы на современном этапе [Текст]: Автореф. дис. докт. пед. наук: 13.00.02. / Н. Ишекеев– Алматы, 1994. – 45 с.
63. **Ишекеев, Н.** Кыргыз адабиятын мектептерде окутуунун тарыхы [Текст] / Н. Ишекеев −Б.: 1994. −387 б.
64. **Ишекеев, Н.** Педагог адистерди даярдоонун проблемалары [Текст]/ Н. Ишекеев // Билим жана тарбия, 1. − Бишкек: 2003. −71−73 б.
65. **Ишекеев, Н., Батаканова,С.Т.** Көркөм чыгармаларды окутуунун методикасы –Б,: 2014
66. **Кангелдиев Н.** Биздин адабият: Сегиз жылдык жана орто мектептердин 6-классы үчүн окуу китеби [Текст] / Н.Кангелдиев, В.Н.Шнейдман – Ф.: Мектеп, 1970. – 352 б.

67. **Кебекова, Б.** Кыргыз-казак фольклордук байланышы [Текст] / Б.Кебекова–Ф.:Илим, 1982.
68. **Краевский, В.В.** Методология научно-педагогических исследований [Текст] / В.В. Краевский – М., 1996
69. **Кудряшев, Н.И.** Взаимосвязь методов обучения на уроках литературы [Текст] / Н..И. Кудряшев – М.: Просвещение, 1981. С. 21
70. **Култаева, Ү.Б.** Окуучулардын адабий чыгармачылыгын өнүктүрүү методикасы [Текст] / Ү.Б. Култаева − Бишкек: 2006. −92 б.
71. Кыргыз педагогикасы: энциклопедиялык окуу куралы [Текст]: Башкы редактор Ү.Асанов, жооптуу редактор И.Бекбоев. - Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2004. - 80-81-бб. 340 б.
72. **КыдырбаеваР.З.,** К.Асаналиев «Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү» -Б.:2004 -296 б.
73. **Кыргыз адабияты терминдердин түшүндүрмө сөздүгү /** түзгөндөр: Ж.Шериев, А.Муратов – Б.: Кыргыз энчиклопедиясынын башкы редакциясы 1994 – 160 б.
74. **Кыргыз адабиятынын программалары** Жалпы орто билим берүүчү мектептердин V–XI класстары үчүн. – Бишкек: «ТАС», 2006.
75. **Кыргыз адабиятынын программасы** IV–X кл. үчүн. – Ф.: Мектеп, 1982.
76. **Кыргыз адабиятынын программасы.** V–XI кл. үчүн. – Бишкек: Мектеп, 1993.
77. **Кыргыз адабиятынын программасы.** V–XI кл. үчүн. // Эл агартуу, 1998, №11–12.
78. **Кыргыз адабиятынын программасы.** Жалпы билим берүүчү мектептердин V–XI класстары үчүн. – Бишкек: Педагогика, 2000.
79. **Кыргыз адабиятынын программасы.** Жалпы билим берүүчү мектептердин V–XI класстары үчүн. – Бишкек: 2017.
80. **Кыргыз адабиятынын тарыхы: Фольклористика.** Оозеки чыгармачылыктын жанрлары. I том. / А.Акматалиевдин жалпы ред. астында – 2-бас. Б.: «Шам», 2004. –684 б.
81. **Кыргыз педагогикасы** [Текст]: Энциклопедиялык окуу куралы/ − Б.: 2004. − Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. 2004. −340 б.
82. **Кыргыз Республикасынынын Билим берүү жөнүндөгү мыйзамы** [Текст] / − Бишкек: 2003.
83. **Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнү жаңылоонун концепциялары** [Текст] / − Бишкек: 1995. −225 б.

84. **Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары** [Текст] / -Бишкек: 2006. –307 б.
85. **Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары** [Текст] / – Бишкек: 2018. –12- б.
86. **Кыргыз тили жана адаб. окуунун программалары** [Текст]: Жети жылдык жана орто мектептин V–VII кл. үчүн / – Ф.: Кыргызокуупедмамбас, 1956.
87. **Кыргыз тили жана адабияттык окуу боюнча программа**[Текст]: V–VIII класстар үчүн / – Ф.: Кыргызокуупедмамбас, 1962.
88. **Кыргыз тили жана адабияттык окуунун программалары**[Текст]: Жети жылдык жана орто мектептин V–VII класстары үчүн / – Ф.: Кыргызмамбас, 1950, 1952.
89. **Кыргыз тили жана адабиятынын программасы**[Текст]:V–XI класстар үчүн (Долбоор) / – Ф.: Мектеп, 1987.
90. **Кыргыз тилинин жана адабияттык окуунун программалары**[Текст]:5–7 класстар үчүн / – Ф.–Т.: Кыргызмамбас, 1948.
91. **Крупская, Н.К.** Хороший учебник политической школе. – В кн.: Проблемы школьного учебника, вып. 1. [Текст] / Н.К.Крупская – М.: Просвещение, 1974. – Б. 26-27
92. **Ланин, Б.А.** Методика преподавания литературы [Текст]: Учебная хрестоматия-практикум. –3-е изд., аспр. и док./ Б.А. Ланин– М.: Эксмо, 2007, –512 с.
93. **Маленов, Б.** Биздин адабият [Текст]: Орто мектептин 6- классы үчүн /Б. Маленов– Ф.: Кыргызмамбас, 1951, 1952, 1953, 1955.
94. **Маленов, Б.** Биздин адабият [Текст]:Сегиз жылдык жана он бир жылдык мектептердин VI классы үчүн/ Б. Маленов– Ф.: Кыргызокуупедмамбас, 1960.
95. **Маленов, Б.** Биздин адабият [Текст]/ 5- класс үчүн окуу китеби/ Б. Маленов, А. Садабаев– Ф.: Мектеп, 1984. –382 б. 1986. –399 б.
96. **Маленов, Б.** Биздин адабият [Текст]/ 6- класс (6 жаштан окугандар үчүн окуу китеби) /Б. Маленов, А. Садабаев– Ф.: Мектеп, 1990. –320 б.
97. **Маленов, Б.** Биздин адабият [Текст]/ Сегиз жылдык жана орто мектептердин 5-класстары үчүн /Б.Маленов, А. Садабаев– Ф.: Мектеп, 1980. – 330 б.
98. **Маленов, Б.** V класстын «Биздин адабият» окуу китебинин методикалык көрсөтмөсү [Текст] / Б.Маленов, А.Садабаев, К. Сабаева– Ф.: Мектеп, 1971. –69 б.

99. **Мамбетакунов, Э.** Методология и качество педагогических исследований [Текст] / Э. Мамбетакунов − Бишкек: КНУ им Ж.Баласагына, 2006. −108 с.
100. **Мамбетакунов, Э.** Мугалимдик кесипке даярдоонун методологиясы [Текст] / Э. Мамбетакунов //Эл агартуу 2004, № 5-6.
101. **Мамбетакунов, Э.** Педагогиканын негиздери [Текст]/ Э. Мамбетакунов, Т. Сияев − Бишкек: 2008. −304 б.
102. **Маранцман, В.Г.** Анализ литературного произведения и читательский период школьников [Текст] / В.Г. Маранцман – М.: Просвещение, 1977.
103. **Маранцман, В.Г.** Проблемное обучение литературного произведения в школе [Текст] / В.Г. Маранцман, Т. В. Чирковская – М., 1977.
104. **Мараимова Н.**А. Республиканын мектептеринин V-VI класстарында адабий жомокторду окутуунун методикасы Пед.илим.кан. дисс. Б.-2012
105. **Матюшкин, А.М.** Проблемные ситуации в обучении [Текст]/ А.М. Матюшкин – М., 1972.
106. **Махмутов, М.И.** Организация проблемного обучения в школе [Текст]/ М.И. Махмутов – М., 1977.
107. **Махмутов, М.И.** Проблемное обучение [Текст] / М.И. Махмутов – М., 1975.
108. **Махмутов, М.И.** Теория и практика проблемного обучения [Текст] / М.И. Махмутов – Казань, 1972.
109. **Мернер, И.Я.** Проблемное обучение [Текст] / И.Я. Мернер – М., 1974.
110. **Молдавская, Н.Д.** Литературное развитие школьников в процессе обучения [Текст] / Н.Д. Молдавская – М.: Просвещение, 1976.
111. **Молдогазиев, Т.** Элдик оозеки чыгармаларды V–VI класста окутуу [Текст] / Т. Молдогазиев– Ф.: Мектеп, 1988.
112. **Муратов, А.** «Кыргыз адабияты» предметинин куррикулуму [Текст] / А.Муратов // Кут билим, 2009, 7- май.
113. **Муратов, А.** Аттиңай, Толубайлыгым сен билсеңчи? [Текст] / А. Муратов // Мугалимдер газетасы, 1987, 14- январь.
114. Муратов, А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы. [Текст]⁄ А. Муратов. – Б.: «Турар», 2013. – 554 б.
115. Муратов А, Ж.Шериев, К.Исаков Кыргыз адабияты – Б.: «Айат», 2014.
116. *Муратов А. Адабият ыйман сабагы. – Б.: Мектеп, 1993. – 9-16-б*
117. **Мусамбетов, Т.** Көркөм чыгармаларды проблемалык окутуу [Текст] / Т. Мусамбетов– Ф.: КМУ, 1990. –52 б.
118. **Мухина, С.А.** Нетрадиционные педагогические технологии в обучении [Текст] / С.А. Мухина, Соловьева А.А. – Ростов на Дону: Феникс, 2004.

119. **Никольский, В.А.** Методика преподавания литературы в средней школе [Текст] / В.А. Никольский – М.: Просвещение, 1971.
120. **Окуу программаны кантип иштеп чыгыш керек?:** [Текст]/ Практикалык колдонмо. −Б.: 2006. −180 б.
121. **Омельченко, В.** Экранизация художественных произведений. [Текст]/ В. Омельченко – Киев, 1970.
122. **Орто мектептер үчүн кыргыз тили жана адабиятынын программасы** [Текст]/ (Долбоор). IV–X класстар үчүн. – Ф.: Мектеп, 1969.
123. **Осмонов, А.** Ырлар жыйнагы [Текст] / А.Осмонов – Ф.: Мектеп, 1965.
124. **Оторбаев, Б.** «Семетей» эпосун VIII класста окутуу[Текст]/ Б. Оторбаев– Бишкек: Турар, 2003. – 96 б.
125. **Оторбаев, Б.** Адабиятты окутуунун жаңы технологиялары. [Текст]/ Б. Оторбаев– Бишкек: Турар, 2009. – 96 б.
126. **Педагогика** [Текст]: педагогические теории, системы, технологии /Учебник. Под ред. С.А.Смирнова. −М.: Академия, 1999. −512 с.
127. **Педагогика** [Текст]: Учебное пособие для студентов пед. институтов / Под ред. Ю.К.Бабанского. −М.: Просвещение, 1983. −608 с.
128. **Педагогикалык изденүү** [Текст]/ Түзгөн И.Н. Баженова; Которгондор И.Бекбоев ж.б. – Ф.: Педагогика, 1989. – 608 б.
129. **Подласый, И.П.** Педагогика [Текст]: Учебник / И.П. Подласый −М.: Высшее образование, 2006. − 340 с.
130. **Раимкулова А.**С. Педагогикалык чеберчиликке жүз кадам [Текст] / А.С.Раимкулова – Б.: 2010. – 73 б.
131. **Рыбникова, М.А.** Очерки по методике литературного чтения [Текст]/ М.А. Рыбникова– М.: Просвещение. 1985.
132. **Рысбаев, С.К.** Баланы көркөм сөз менен тарбиялоо [Текст] / С.К. Рысбаев − Бишкек: 1998. −64 б.
133. **Рысбаев, С.К.** Кыргыз тили, адабияты окуу китептеринин мазмунун жана түзүлүшүн өркүндөтүү жолдору (V−VIII кл.) [Текст] / С.К.Рысбаев −Б.: Мектеп, 1992.−79 б.
134. **Рысбаев, С.К.** Кыргыз башталгыч мектептеринде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү [Текст]: Пед. илим. докт. диссерт.: 13.00.02./ С.К.Рысбаев –Бишкек, 2006.
135. **Рысбаев, С.К.,Батыркулова, А.Б.**, Мадумарова М.К. Ала-Тоо уламыштары. –Бишкек: "Бийиктик плюс" 2016. 4-бет
136. **Саалаев, ¤.** Окутуунун интерактивдүү усулдары [Текст]:Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо / ¤.Саалаев – Б., 2007.

137. **Садыков, А.** «Толубай сынчы» поэмасынын эки варианты жөнүндө [Текст] / А. Садыков // Мугалимдер газетасы, 1958, 9- май.
138. **Сакеев, А.** «Толубай сынчыны» окутуу [Текст] / А. Сакеев // Мугалимдер газетасы, 1975, 5- декабрь.
139. **Саманчин, Т.** Биздин адабият [Текст]: VII класстар үчүн / Т. Саманчин, Б. Алымов– Ф.: Мектеп, 1971.
140. **Сакаоглу,** Анадолу Түрк Эфсанелеринде Таш Кесилце Мотифи ве Бу Эфсане-лерин Тип Каталогу, Анкара, 1980, 4-б.
141. **Ф. Девеллиоглу**, Османлыжа-Түркче Аксикяопедик Лугат, Анкара, 1970, 245-б
142. **Түркче Сөзлүк,** Түрк тили уюму, Анкара, 1969, 231-б
143. **М. Карадаг**, Түрк Халк Эдебияты Анлаты Түрлери, Анкара, 1995, 225-б.
144. Литературный энциклопедический словарь, Москва, 1987, 177-б.
145. **Сегиз жылдык жана орто мектептер үчүн кыргыз тилинин жана адабиятынын программасы** [Текст] / IV–X кл. үчүн.– Ф.: Мектеп,1975. –72 б.
146. **Сегиз жылдык кыргыз мектептеринин V класстары үчүн кыргыз тили, адабияттык окуу сабагы боюнча программа** [Текст] / – Ф.: Кыргызокуупедмамбас, 1959. –12 б.
147. **Сегиз жылдык мектептин программалары** [Текст] / Кыргыз тили жана адабият. – Ф.: Кыргызокуупедмамбас, 1964. –67 б.
148. **Селевко, Г.К.** Традиционная педагогическая технология и ее гуманистическая модернизация [Текст] / Г.К. Селевко −М.: 2005. −144 с.
149. **Система обучения сочинениям в V–VIII классах** [Текст] / под редакц. Т.А.Ладыженской – М.: Просвещение, 1977.
150. **Скаткин, М.Н.** Проблемы современной дидактики [Текст] / М.Н.Скаткин − М.: Педагогика, 1980. − 96 с.
151. **Сманбаев, А.** Кыргыз адабияты [Текст]: Орто мектептердин 6- классы үчүн хрестоматия окуу китеби / А. Сманбаев, Н. Ишекеев– Б.: Педагогика, 1999.
152. **Сманбаев, А.** Кыргыз адабияты [Текст]: Орто мектептердин 6- классы үчүн хрестоматия окуу китеби / А. Сманбаев, Н. Ишекеев– Б.: Педагогика, 2007. 318бб.
153. **Соосаар,Н.** Интерактивные методы преподавания [Текст]: Настольная книга препод. Часть 1 / Н. Соосаар, Н. Замкова– СП.: 2004. –188 с.
154. **Станчек, Н.А.** Ученик. Возрастные особенности восприятия учащимися литературных произведений [Текст]: В кн.: Методика преподавания литературы (под редакцией Рез З.Я.) / Н.А. Станчек– М.: Просвещение, 1977.

155. **Сулайманов, М.** Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы [Текст] /М. Сулайманов − Ош:1992.
156. **Сулайманова, Р.Т.** Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгында атуулдукка тарбиялоо маселелеринин чагылдырылышы жана алардын педагогикалык тажрыйбалардагы орду: Пед. илим. канд. дис. автореф.: 13.00.01/ Р.Т. Сулайманова − Б.: 2005. −23 б.
157. Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу жана жазуу программасынын хрестоматиясы [Текст] / түз.: М.М. Эсенгулова, Ж.Д. Асекова. – Бишкек: [б-сыз], 2004. – 190 б.
158. **Танаев, Т.** Эпикалык жанрлар [Текст] / Т. Танаев − Ош:1999.
159. **Ткачева, М.С.** Педагогическая психология [Текст]: Конспект лекций / М.С. Ткачева − М.: Высшее образование, 2006. −192 с.
160. **Токомбаев, А.** Чыгармалар жыйнагы [Текст]: I том / А. Токомбаев– Ф., 1958.
161. **Турусбекова,А.Э.** Сынчыл ойлом багытында өтүлгөн сабакта окутуу жана тарбиялоо иштери [Текст] / А.Э. Турусбекова // Эл агартуу, 2005, №5-6. −40−43-б. Сынчыл ойлом аркылуу окуучунун чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүү−44−47 б.
162. **Түлөгабылов, М.** Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы [Текст] / М.Түлөгабылов − Б.: 1991.
163. **Тычина,Л.В.** Комплексное применение средств обучения на уроках литературы [Текст] / Л.В. Тычина– Киев: Радяньска школа, 1981.
164. **Үмөталиев, Т.** Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы [Текст]: I том / Т. Үмөталиев – Ф.: Кыргызстан, 1971.
165. **Үсөнбаев, А.** Турмуштук жөө жомокторду үйрөнүү [Текст] / А.Үсөнбаев – Ф.: 1976.
166. **Харламов, И.Ф.** Педагогика [Текст]:Учебное пособие. −3-ее изд. перераб. и док./ И.Ф. Харламов −М.: Юрий, 1997. −512 с.
167. **Худяков, Ю.** Кыргызы на просторах Азии [Текст] / Ю. Худяков– Б., 1995.
168. **Чыманов, Ж.А.** Азыркы жана келечектеги мугалим кандай болуш керек? же кыргыз тили мугалимин даярдоонун методологиялык маселелери жөнүндө [Текст] / Ж.А. Чыманов // Кутбилим, 2008, 16-май.
169. **Чыманов, Ж.А.** Кыргыз тили [Текст]: Окутуу методдору. Окуу куралы / Ж.А. Чыманов– Б.: 2007. – 100 б.
170. **Шаимкулов, О.** А.Стамовдун «Үч мээрим» повестин окутуудагы педагогикалык технологиялар [Текст] /О.Шаимкулов // Ж.Баласагын ат. КУУнун жарчысы. Серия 1. Гуманит. илимдер. Чыг. 4. Филология. Адабият таануу. – Б., 2004. – 106–110- б.
171. **Шералиева А.Ж.** Кыргыз орто мектептеринде фольклорду окутуунун методикасы (v-vi класстардын мисалында) Пед. илим. кан. дисс. 2014- ж.

172. **Эсеналиева, К.Э.** Кыргыз тили жана адабияты предмети боюнча сабактардын фрагментинин модели: (V–VI кл.) [Текст] / К.Э. Эсеналиева, А.У. Бектурова– Б.: АРХИ, 2007.

173. **Эшиев, Ж.** Ж.Садыковдун «Энелердин жүрөгү» чыгармасын окутуу усулдары [Текст] / Ж. Эшиев // Ж.Баласагын ат. КУУнун жарчысы. Серия 1. Гуманитардык илимдер. Чыгарылышы 4. Филология. Адабият таануу. – Б., 2004. – 170–173- б.

173.**Батыркулова, А.Б.** Жалил Садыковдун «Энелердин жүрөгү» поэмасын окутуу[Текст] // Известия вузов Кыргызстана. - №4. – 2017. – С. 137-139.

174**. Батыркулова, А.Б**. А. Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасын окутууда сынчыл ойлоону өнүктүрүү [Текст] // Вестник КГУ им.И.Арабаева. - 2015. – С. 399-

174. **Батыркулова, А.Б**. Кыргыз адабияты боюнча методикалык сунуштар [Текст] Кут билим газетасы -2019. №30-31

# ТИРКЕМЕЛЕР

**Сабактын темасы: Жалил Садыковдун «Энелердин жүрөгү» поэмасы**

**Сабактын максаттары:**

- **билим берүүчүлүк**: поэманы окуп, анын мазмунун түшүнө алат; түшүнгөндөрүн адабий тилде мазмундуу, ырааттуу айтып бере алат; каармандарга мүнөздөмө берип, аларга жараша чыгармадан мисал келтире алат.
- **өнүктүрүүчүлүк**: сынчыл ойлоо жөндөмдүүлүгү артат; өз оюн көркөм, так айтууга көнүгөт, сөз байлыгы өсөт.
- **тарбия берүүчүлүк**: адамкерчилик, боорукерлик, камкор сыяктуу түрдүү жакшы сапаттарды үйрөнөт.

**Көрсөткүчтөр:**

**Жогорудагы максаттар ишке ашат, эгерде:**

- поэманы окуп, анын мазмунун түшүнө алса;
- түшүнгөндөрүн адабий тилде мазмундуу, ырааттуу айтып бере алса;
- каармандарга мүнөздөмө берип, аларга жараша чыгармадан мисал келтире алса;
- баланын эненин тагдыры тууралуу өз пикирин билдире алса;
- логикалык жана сынчыл ой жүгүртө алса;
- сөз берметтерин маанисине ылайык кебинде колдоно алса;
- мээримдүүлүк, боорукерлик, тайманбастык сыяктуу адамдык ар кандай жакшы сапаттарга үйрөнсө.

**Сабактын өбөлгөсү**: (окуучунун априордук билими).

Эненин түйшүгү, баласына карата мамилеси жөнүндө өтүлгөн тарбиялык сабактарга жана чыныгы турмуштагы мисалдарга таянышат.

**Сабактын тиби**: аралаш

**Сабактын формасы**: өз алдынча, жалпы топ менен иштөө

**Колдонулган ыкма**: башкарып окутуу, синквейн түзүү

**Сабактын жабдылышы**: окуу китеби, түстүү сүрөттөр, карточкалар, ж.б.

**Сабактын жүрүшү:**

Уюштуруу (класста жагымдуу жагдай түзүү)

Саламатсыңарбы, балдар! Келгиле, сабак баштаардан мурда бири-бирибизге жакшы маанай тартуулап, мимика, жест аркылуу белек тартуулайлы. Мына, бирибиз гүл, оюнчук, ручка алып сүйүнсөк, бирибиз китеп алып кубанып калдык.

Бардыгыбыз ынтымактуу болсок гана күчтүү, акылдуу боло алабыз, күч бирдикте экендигине өткөн сабактагы улуу акыныбыз Темиркул Үмөталиевдин «Күч бирдикте»

поэмасын окуу аркылуу «ырыстын алды ынтымакта» экендигине дагы бир жолу ынандык, ээ, балдар!

Бүгүнкү өтө турган темабыз акын, драматург Жалил Садыковдун «Энелердин жүрөгү» деп аталат. Балдар, Жалил Садыков агайыңар жөнүндө эмнени билесиңер?

Анда, бул поэманын автору жөнүндө кыскача айтып өтөлү:

Жалил Садыков 1932-жылы Кемин районундагы Кичикемин айылында төрөлгөн. Ал атпай кыргыз журтуна таанымал акын, балдар үчүн «Азамат», «Эр Төштүк», «Жаңыл Мырза», «Толубай сынчы» өңдүү ыр менен жазылган пьесалардын жана «Айкөл Манас», «Манастын уулу Семетей», «Сейтек» драмаларынын автору.

Мына, балдар, автор жөнүндө кыскача маалымат алдык. Эми, «Энелердин жүрөгү» поэмасы жөнүндө сөз баштайлы.

Балдар, эне деген ким?

Жооптор:

1. Мени жарык дүйнөгө алып келип, канчалаган кыйынчылык менен чоңойтуп, өстүргөн адам – бул  эне.

2. Мен ыйласам ыйлаган, күлсөм күлгөн, оюмду тең бөлүшкөн, мени түшүнгөн адам – бул, эне.

3. Эне бул менин чоң энем, анткени мен аны эне дейм.

Рахмат, балдар, эне жөнүндө баарыбыз билебиз, эми

Шоктук деген эмне?

Суктук деген эмне?

Балдардын оюн уккандан кийин, бүгүнкү өтүлө турган чыгармада шоктук, суктук жөнүндө баяндала тургандыгын айтып өтөт.

«Энелердин жүрөгү» - эки сюжеттен турган чыгарма. Ошол эки сюжет бири-бири менен байланышып, биринен экинчиси келип чыгат.

Анда эмесе, текстке көңүл бургула.

Балдары жем талашып тыбырчылап,
Жем издеп эне чымчык кеткен ыраак.
Аңгыча темир канат бир балапан,
Уядан учуп түштү жерге кулап.

Сук болчу, башкалардан жеткен жемсээк,
Шок болчу, дал ушуну көрмөк тентек.
Учалбай калың чөптүн арасынан,

Чыйпылдап жан талашып канат серпет.

Жем тиштеп эне чымчык кайра келип,
Уяга жакын жерге коно берип.
Караса, беш балапан арасынан,
Сугу жок, оозун аччу чебеленип.

Аӊгыча, жер тарапта, тиги четтен,
Үн укту жанталашып чыйп-чыйп эткен.
Селт этип катуу чочуп, байкабады,
Тиштеген жемин төмөн кулап кеткен.

Ошондон жерди карай боюн таштап,
Шуу этип чөпкө түшүп канат жаскап.
Айланат отко түшчү көпөлөкчө
Чырылдап баласы үчүн өлө жаздап.

Баа чиркин, эне мээри кандай күчтүү!
Эне экен баласы үчүн отко түшчү.
Негедир тигил экөөн карап туруп,
Өткөндөн бир уламыш эске түштү.

Чыгарманын ички терендигин, эстетикалык, тарбиялык таасирин ачып бериш үчүн түшүнүксүз сөздөр менен иштөө сунуш кылынат. Мугалим тексттин ушул бөлүгүн окуп бергенден кийин түшүнбөгөн сөздөрдү дептерлерге жазуу тапшырмасын берет. Андан мугалимдин комментарийлөөсү менен кеңири түшүнүк ала алышат.

| **Түшүнүүгө кыйын сөздөр** | **Чечмелөө** |
|---|---|
| Темир канат | Канаттуулардын балапандарынын али канатын күүлөй элек, учуга көнүгө элек кези, канаттары учууга эпке келбегендиктен айтылган болуу керек. |
| жемсээк | жем жегенге кызыккан, оңой менен тойбогон, соргок |
| отко түшчү көпөлөкчө айлануу | өзүнүн кара жанын ойлобой боюн таштоо |

| | |
|---|---|
| Эне мээри | Эненин мээримдүүлүгү, боорукерлиги |
| уламыш | кандайдыр бир тарыхый негизи бар окуяларды фантастикалуу түрдө берген фольклордук чыгарма. |

Андан кийин мугалим окуучуларга суроолорду берүү менен биринчи бөлүктү талдоого алат:

1. Эмне үчүн беш балапандын баары эмес бирөө гана кулап түштү?
2. Баласын таппай калган эне чымчыктын абалы кандай эле?
3. Силердин араңарда да тентек, шок окуучулар барбы?
4. Шоктугуңардан ата-энеңерди азапка салган учурларыңар болду беле?
5. «Баа чиркин, эне мээри кандай күчтүү, эне экен баласы үчүн отко түшчү» деген саптардын маанисин чечмелеп бергилечи?
6. Окуя эми кандай уланат деп ойлойсуңар? Уламыш эмне жөнүндө болушу мүмкүн? Өз оюңарды айтып көргүлөчү.

**2-бөлүк.**

Жоо менен ай талаада кырчылдашып,
Сугарып жерди канча чылпылдатып.
Биздин Эл кайра сүрүп баратканда,
Кылычтап туш келгенин бырчылдатып.
Кырылып өлгөндөрдөн калбай кемип,
Кайрадан кол куралат жоого келип,
Кайрадан калкандарга тийген жебе,
Кадимки мөндүргө окшойт себеленип.
Келген жоо келе берип бүтөр эмес,
Жоокерлер буга чыдап түтөр эмес,
Аңгыча, калгандарга дароо тарайт:
- Чепке кир, коргонгула! - деген кеңеш.

**Текст окулуп бүткөндөн кийин кайрадан суроолорду берүү менен талкуу улантылат.**

1. Балдар, окуя өткөн мезгил жөнүндө эмнени айта аласыңар? Окуя кайсы мезгилде болгон?
2. «Кылычташкан», «калкандарга жебе тийген» мезгил кайсы учурга таандык? Азыркы учурда жебе, кылыч деген сөздөр колдонулабы?

3. Чеп деген эмне?
4. Чепке кирип душмандардан коргонууга болобу?
5. Окулган абзацта эмне жөнүндө сөз болду?.
6. Окуя эми кандай уланат деп ойлойсуңар? Өз оюңарды айтып көргүлөчү.

**3-бөлүк**

Жоокерлер аргасыздан чепке кирет,
Чеп бийик, куш өтпөгөн темир тирек!
Жабылат жоону тосуп дарбазалар –
Жасалган күмүш ширеп, болот ширеп.
Душмандар чепти айланта курчап алып,
Жол таппайт ары барып, бери барып.
Илинсе чыксак дешет аркан салып,
Ыргытса кулач жетпейт колдор талып.

**Тексттин бөлүгү окулуп бүткөндөн кийин кайрадан суроолорду берүү менен талкуу улантылат.**

1. Элди «бийик, куш өтпөгөн темир тирек» чеп, «күмүш ширеп, болот ширеп» жасалган дарбазалары коргой алабы?
2. Душман чепти айланта курчаган менен анын ичине жол таппайт, аркан ыргытса, колдор талып арканы жетпейт.
3. Душмандар эми кантип жол табат? Мындан кийин окуя кандай уланат деп ойлойсуңар?

**4-бөлүк**

Ошондо арасынан келген жоонун
Бир адам жарып чыгып турган тобун:
- Чеп бийик, бул аракет текке кетет,
Табам,- дейт,- дарбазанын ачар жолун.
Бир кезде ушул чепти салышкамын,
Далай жыл жондон терди агызганмын.
Акыры качып чыккам, бирок билем,
Жашыруун суу жиберчү алыштарын.
Алышты жан байкабайт, үстү жабык,

Ал келет, тээтиги тоодон агып.
Жүргүлө чептин элин куруталы,
Башынан башка жакка бура салып.

**Тексттин бөлүгү окулуп бүткөндөн кийин кайрадан суроолорду берүү менен талкуу улантылат.**

1. Мурда чеп курууга катышып, эми душмандарга жол ачканы жаткан адамды кандай адам деп ойлойсуңар?
2. Алыш дегенди кандай түшүнөсүңөр?
3. Бул адамдын сунушун хан кандай кабыл алат? Эми окуя кандай уланат?

**5-бөлүк**

Сөздү угуп курчап жаткан жоонун ханы:
- Калайык, тыңшагыла! – деди дагы, -
Чын бекен? Чындык болсо,бул жигитти
Өзүмө вазир кылам мындан ары.
Кеткендей чептин ичин сыйпап жылан,
Ачылса, эр бүлөсүн кырып тынам!
Баргыла, чындык болсо, бул жигитти
Сөз берем, ушул чепке хан да кылам!...
Буйрукту угар менен салдай сабап,
Кетишти жоонун теңи тону карап.
Калганы чепти курчап жата берди,
Оюнда талон түшчү күндү самап…
Кеткендер тоого барып, көөнү тынып,
Кайтышты башка жакка сууну жыгып.
Хан жатты камырабай, чептегилер
«Келет, - деп,- суусуз калып, өзү чыгып».

**Тексттин бөлүгү окулуп бүткөндөн кийин кайрадан суроолорду берүү менен талкуу улантылат.**

1. Окулган ыр саптарынан эмнени түшүндүңөр?
2. Душмандар эми чепке кире алышабы?
3. Сууну башка жакка буруп коюшса, суусуз кыйналган эл чепти ачышабы?
4. Суусуз жашоого болобу? Силер кандай ойлойсуңар?

**6-бөлүк**

А бирок күндөр өттү, айга кетти…

Ашынып хандын кары чекке жетти!
Сыягы, суусуз жатып өлсө дагы,
Бир адам ачып берер эмес чепти.
Бул кезде сактап алган суулар бүтүп,
Акыркы тамчыларды тең бөлүшүп,
Жатышты чептегилер айла таппай,
Жашоодон биротоло үмүт үзүп.
Хан сыртта, өз алдынча ойго келди:
«Минткенде ала албаймын чептеги элди.
А көрөк, бир амалын табайын» - деп,
Жарчыга мына мындай буйрук берди:

**Текст окулуп бүткөндөн кийин кайрадан суроолорду берүү менен талкуу улантылат.**

1. Чептин ичиндегилер суусуз калышса да, багынышпайт. Чыдамдуулук кылышат. Демек, чыдай билүү – бул да чоң эрдик. Силер да чыдамкайсыңарбы?
2. Чептин ичиндегилер багынып бербешин билген соң, хан кандай амал ойлоду?
3. Эмне деп буйрук берет деп ойлойсуңар?
4. Силер хандын ордунда болсоңор эмне кылат элеңер?

**7-бөлүк**

- Угузгун буйругумду, кылгын малым,
Кирсем да чептегинин кырбайм баарын.
Аялдар чепти таштап сыртка чыксын,
Көтөрүп ала кетсин каалаганын.
Өлүм жок аялдарга! Айткын барып,-
Дегенде, жарчы кетти, айгай салып.
Чептеги эл, кары дебей, жашы дебей,
Дүрбөдү хан жарлыгын угуп алып…

**Текст окулуп бүткөндөн кийин кайрадан суроолорду берүү менен талкуу улантылат.**

1. Хандын жарлыгы аялдарды кубанттыбы?
2. Аялдардын баары чыгып кетсе, балдары, күйөөлөрү эмне болот?
3. Энелер эмне кылат деп ойлойсуңар? Чептен чыгып кетишпесе, ачкалыктан же душмандардын колунан мерт болот?

4. «Аялдар чепти таштап сыртка чыксын, көтөрүп ала кетсин каалаганын. Өлүм жок аялдарга!»- деген хандын жарлыгында айтылгандай, аялдар кетсе, эмнени (каалаган) ала кетет деп ойлойсуңар?
5. Силердин оюңарча, эми окуя кандай уланат?

**8-бөлүк**

Эртеси, бүт аялдар таңга жакын,
Ачышты бийик чептин дарбазасын.
Бул кызык! Чептегинин бири калбайт,
Ким калат, кимдер менен кармашасың?
Арчындап күйөөлөрүн таңып жонго,
Балдарын ороп-чулгап алып колго.
Элейип карап турган хандан оолак,
Энелер чубап барат оңго-солго.

**Текст окулуп бүткөндөн кийин кайрадан суроолорду берүү менен талкуу улантылат.**

1. Хандын жарлыгы чептин ичинде коргологен элди багындыра алдыбы?
2. Баш ийдирүүгө эмне тоскоолдук кылды?
3. Хан буйругун бузуп, энелерге кол салабы?
4. Эми хан кандай айла кылат деп ойлойсуңар?

**9-бөлүк**

Хан тиктеп кыжырлана эки жагын,
Акыры: «Жаңылдым!» - деп чапты санын.
«Сөз бирөө! Бекер айткан экенмин ээ,
Көтөрүп ала кет деп каалаганын!»
Сөз бирөө! Хан буйругу болбойт эки,
Хан үчүн сөзүн бузу болор чеки.
Чубаган энелерди карап туруп,
Тултуйду чыдай албай эки бети.
Анткени өзү келди уруш баштап,
Кыргынга өзү күбө, өзү каскак!
Ойлонсо, өзүн дагы эне тууган,
Энелер кетип барат чебин таштап…
Көргөндө энелердин аккан жашын,
Чыдабай бура тартты аттын башын.

Энелер адам таппас акыл менен
Ушинтип кайтарыптыр келген касын.
Бул өзү бир уламыш… Өзүң кара,
Энелер жанын берет дале сага.
Дагы эле эрдин жүгү аялдарда,
Дагы эле колдон түшпөйт бардык бала…

***Текст окулуп бүткөндөн кийин кайрадан суроолорду берүү менен талкуу улантылат.***

1. Хан өзүнүн жаңылыштыгын качан сезди?
2. Бирок буйругун бузуп энелерге кол салбайт. Бул анын убадага, айткан сөзүнө бекемдиги. А силер айткан сөзгө, убадага бекемсиңерби? Бир сөздүүлүктүн, убадага бекемдиктин кереги барбы?
3. Энелердин кылган иши сага кандай таасир калтырды? Энелер акылмандыгы менен бала-чакасын гана эмес, күйөөлөрүн да – кыскасы, эл-журтту бүт сактап калат. Азыр деле энелердин түйшүгү оор. Сен апаңа кандай жардам көрсөтөсүң?
4. «Энелердин жүрөгүндөгү» энелердин образын кайсы саптар аркылуу ачып бере аласың?
5. Чыгарма эмне үчүн «Энелердин жүрөгү» деп аталган?
6. Чыгармада эне жөнүндөгү уламыш болбосо бул кандай чыгарма болмок эле ? Демек, уламыштын негизинде жазылган чыгармалар – акын-жазуучулар өз чыгармаларында колдонуп, чыгармасынын темасын, идеясын терең ачып, образдарды жеткиликтүү чагылдырган чыгарма. Эгерде энелер жөнүндөгү бул уламыш болбосо, чыгарма кандай болот эле? Албетте, таасирдүүлүгү, идеясы мынчалык деңгээлде ачылмак эмес.

Анда эмесе, эне жөнүндө беш сап ыр түзүп жыйынтыктайлы:

Эне
Акылдуу, камкор.
Чебелектейт, жан талашат, сактайт.
дүйнөдөгү баа жеткис адам.
апа

**Үйгө тапшырма**

1. **Поэманы окуп чыгуу, талдоо, түшүнүүгө кыйын болгон сөздөрдү улантып жазуу, чечмелөө**

2. «Апам жана мен» деген темада ойлонуп, поэманын негизинде ээсе жазуу.
3. Эне жөнүндө макалдарды жазып жаттоо.

Сабактын аягында окуучулардын билимин баалап, бааларга комментарий берилет.

## 6-класста «Чептен эрдин күчү бек» поэмасы аркылуу этнопедагогикалык идеялар боюнча тарбия берүү

Сабактын темасы: Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдик күчү бек» поэмасы

Сабактын максаты:

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| 1. чыгарманын мазмуну менен таанышат, түшүнгөндөрүн кайра айтып бере алат; каармандарга мүнөздөмө бере алат; өз оюн чыгармадагы окуялар аркылуу далилдей алат.<br>2. | таанып-билүүчүлүк жөндөмдүүлүктөрү өнүгөт, талкууга катышып, өз оюн айта билүүгө көнүгөт. | • эр жүрөк, Ата Мекенин коргоого, сүйүүгө үйрөнөт. |

Көрсөткүчтөр:

Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу…

| | | |
|---|---|---|
| 1. Поэманын мазмунун айтып бере алса, талдай алса;<br>2. Чыгармаларынын жалпы идеялык маңызын ачып бере алса; | Поманын патриоттук пафосун, идеясын далилдеп айтып бере алса; | Топто бири-бирин сыйлап, уга билип, сылык мамиледе болушса, убакытка тура мамиле жасашса |

**Сабактын тиби**: Жаңы материалды окуп-үйрөнүү сабагы

**Сабактын формасы**: топто, жалпы класста иштөө

**Колдонулган ыкма**: Башкарып окуу, биргелешип издөө

**Сабактын жабдылышы**: Окуу китеби, Ж.Бөкөнбаевдин портрети, таблицалар, суроолор дарагы, карточкалар.

**Сабактын жүрүшү**: 1. Уюштуруу (класска жагымдуу жагдай түзүү).

Өткөн сабакта өтүлгөн теманы окуучулардын канчалык деңгээлде өздөштүргөнүн мугалим суроо-жооп аркылуу текшерет.

**Жаңы тема менен тааныштыруудан мурда Жоомарт Бөкөнбаев тууралуу кыскача маалымат берет. Андан соң окуучуларга төмөнкү суроолор менен кайрылат.**

- *Чеп дегенди кандай түшүнөсүңөр?*
- *Чепти эмне үчүн курушат деп ойлойсуңар?*
- *Бул чыгарма эмне жөнүндө болот деп ойлойсуңар?*

**Андан соң, чыгарманын биринчи бөлүмүн көрктүү окуп берет, же окуучуларга кезек менен окутат.**

Байыркы бир заманда эл бар экен,
Өзүнчө эркин, ээн жашап турган.
Багында булбул сайрап, гүл жаадырап,
Башкача сонун жерди мекен кылган.

**1-тыным.** Балдар, мекен деген эмне? Мекениңер жөнүндө эмнени айта аласыңар? Окулган абзацта эмне жөнүндө сөз болду?

Ар жылы күчтүү жоолор каптап кирип,
Талоонго салат экен мүлкүн, малын.
Ойрондоп эчен кымбат ордолорду,
Олжолоп алып кетти сулууларын,
Кордугу душмандардын жанга батып,
Бир күнү кеңешүүгө эл чогулду.

**2-тыным. Эл кандай кайгылуу кырсыкка дуушар болушту? Мындай учурда эмне кылуу керек? Силер кандай кеңеш бере аласыңар? Мындан кийин окуя кандай өнүгөт деп ойлойсуңар?**

Бардык күч, бардык мүлкүн сарып кылып,
Жоо өткүс бекем чепти курмак болду.
Айлантып кең өлкөсүн дубал куруп,
Киришти эмгегине күн өткөрбөй,
Көтөрүп пайдубалын келген кезде,
Кайрадан кулап түшөт жер көчкөндөй.
Калың журт кайгыланды, кансырады...

Катарлап көтөрө албай пайдубалды.

«Себебин бул укмуштун ким табат»- деп,

Ырчылар жар чакырды,күүгө салды.

Бири айтты:»Асыл таштан койгун»- деди,

Бири айтты:»Ак боз бээ сойгун»-деди.

Асыл таш, алтын менен койсо дагы,

Токтобой дубал түшүп кулай берди

Тартышты капаланып калк убара,

Ойлонуп таба албады көп улама.

**3-тыным. Чепти эмне үчүн курушту жана ал эмне болуп жатты? Эмне үчүн чеп улам бузула берди? Эми эмне кылуу керек?**

«Мен чечем түйүндү»-деп сүйлөдү,

Жылаң бут,ак сакалдуу бир карыя.

Карыя токсон жашка келген экен,

Кыдырып бүт дүйнөнү көргөн экен,

Акылы алмаз менен болоттон курч,

Алыскы бир ажайып жерден экен.

Качанкы чечилбеген сырды угууга,

Калайык жабылыша кулак түрдү.

Сакалын оң кол менен сылап алып,

Салмактуу коргошундай сөзгө кирди:

**4-тыным. Эл кыйналып жатканда ким келди: Аны сүрөттөгүлө. Кандай кеңеш берет деп ойлойсуңар? Эмне үчүн?**

Калп болбойт карыяңдын айткан кеби,

Калайык акылыма көнсөң деди,

Түк көчпөйт бул дубалың кылым бою,

Тирүүлөй бир кишини көмсөң»-деди.

**5-тыным. Карыя туура кеңеш бердиби? Кантип эле адамды тирүүлөй көмсө чеп кулабай калсын? Силер карыянын оюна**

**кошуласыңарбы? Эгерде бул ойду туура көрбөсөңөр «Карынын кеби-акылдын кени»,»Карынын кебин капка сал»деген элибиздин улуу сөздөрүнө болгон оюңар кандай?Элдин арасынан карыянын айтканына макул болуп,бирөө-жарым чыгабы? Силерге ушундай суроо коюлса эмне кылат элеңер?**

«Кайсы эр бул кызматка чыгар экен,
Бул дубал эр канына кумар экен?»-
Деп ырдап бир топ ырчы элди айланып,
Күн бою жар чакырды эчен-эчен,
Бирөө да «мен чыгам» деп сөз катпастан,
Мостоюп карап турду дудуктанып.
Обдулуп он үч жашар бир жетимче
Сүйлөдү жама тонун чечип салып:
«Уктум да шашкан бойдон келдим,-деди.
Мен даяр тезден гана көмгүн,-деди,
Арманым дүйнөдө эч калбайт го,
Жарасам керегине элдин»,-деди.
Жаш бала пайдубалга барып турду,
Көпчүлүк күрөк менен чачты кумду.
Аңгыча алсыраган жалбарыңкы
Боздогон муң, кайгылуу үн угулду.

6-тыным. **13 жашар бала туура жасап жатабы? Угулган кайгылуу үн кимдики деп ойлойсуңар?**

Бир караан шашып чуркап келет экен,
Бул караан жаш баланын энеси экен.
Атадан жетим калган жалгыз уулун
Алпечтеп айнегим деп эркелеткен.
«.. Кулунум кучактайын мында келчи,
Кууратпа карыганда энекеңди,

Көмбөгүн, жалгызымды көмбөгүн !»-деп,
Көзүнөн жаш куюлуп ыйлап келди.

**7-тыным. Эненин көз жашын көрүп, кайгылуу үнүн угуп бала кандай чечимге келиши мүмкүн?**

«.. Ыйлаба, көз жашыңды тыйгын, эне!
Ырайым жетимиңе кылгын, эне!
Жаныңдан артык көргөн тууган элдин
Жалгызың жарап кетти керегине
Уулуңдун убайын көрөм деп тиленип,
Ушундай ишке арнап бакпадыңбы.
«Эркетай, элиң үчүн курман бол!»-деп,
Эч качан унутпаймын айтканыңды»
Энеси элге карап сөз баштады
Маанисин байкап көрүп айткан кептин;
Атажурт кызматына жанды берип,
Айланам, ак сүтүмдү актап кеттиң!»
Жалбарды жалгызына , беттен өптү,
Аарчыды жашка толгон эки көздү.
Колуна күрөк алып кайрат менен,
Көмүүгө баласына кумду септи.

**8-тыным. Энесинин кумду сепкенин баласы кандай кабыл алат? Эненин кылган иши туурабы?Эмне үчүн баласын коргобойт?**

«Энеке,бул кылганың адамчылык,
Жүрөгүң акак, бермет таштан тунук.
Өтөбөй калайыктын бир кызматын
Жүрбөймүн жер бетинде адамсынып..»
Коштошуп өбүшүштү эне,бала,
Кайраты бул экөөнүн ташкын дайра,
Кум толуп алкымына келген кезде,

Шып этип жетип келди да карыя.

**9-тыным. Бул жолу карыя кандай кеңеш берет?**

Көмбөгүн, бул баланы ачкын,-деди,
Чеп курбай үй-үйүңө кайткын,-деди.
Көтөрбө чеп, коргондун кереги жок,
Кордукка мындай балдар бербейт элди.
Киришсе ким да болсо чеп тургузат,
Чеп-ылай, каптап кирсе душман бузат,
Балдарың баары ушундай өсүп турса,
Багынтып бул жүрөктү ким коркутат?!
Черди жаз. Тепкин шапар. Кургун сайран.
«Чеп жок» деп кайгы тартып кам санаба,
Кандай жоо басып кирип баш ийдирмек
Турганда мындай эне,мындай бала!..

Мугалим**: Карыянын акылман оюунун мааниси эмнеде экен? Анын акыркы сөзүн жатка айтып бергиле. Азыркы учурда биз кандай жашап жатабыз, илгеркиге салыштырып билгениңерди айткыла. «Чептен эрдин күчү бек» деген уламыш сөздүн теги эмнеде?**

Ж.Бөкөнбаевдин бул чыгармасын окутууда «эл, жер үчүн курман болуу идеясынын даңазаланып ырдалышы» гана айтылып тим болбостон, бүгүнкү күндүн жандуу мисалдарын пайдалануу менен окуучуларды патриотизмге тарбиялоо сабактын башкы максаты.Патриоттуулукка, достукка үндөгөн бул чыгарманын таасирин дагы күчөтүш үчүн кыргыз элинин баатырлары Ч.Түлөбердиев, Д.Шопоков жана жакында болгон Баткен согушунун баатыры Касым Шадыбеков сыяктуу адамдардын сүрөттөрү көрсөтүлүп, баатырдыктары жөнүндө айтып берсе болот.

**Үйгө тапшырма катары төмөнкүлөр берилет:**

1. Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек» чыгармасын окуп чыгуу;
2. «Мен келечекте элиме кандай кызмат кылам?» деген темада дил баян жазып келүү;

3. Ата Мекен, эр жигит, баатырдык жөнүндө макалдарды таап, маанисин чечмелеп келүү.

**Сабактын аягында окуучулардын билимин баалап, бааларга комментарий берилет.**

Бул теманы өтүүдө пайдаланылган эссе, башкарып окутуу стратегиялары класс чөйрөсүндө сабакка жандуу катышууга , өз пикирин туюнтууга, кеңири ой жүгүртүүгө, эркин көз караштын калыптанышына, дискуссия аркылуу маселени чечүүгө, чогуу-чаран чындыкты издөөгө, сабактын кызыктуу өтүлүшүнө өбөлгө тузөт.

Элибиздин уңгулуу сөз каражаттары, макал-ылакаптары, уламыштары тегин жерден чыкпагандыгынын да далили катарында көрүнөт.

## “КАРАГУЛ БОТОМ” ПОЭМАСЫ

| **Негизги компетенттүүлүктөр:** | |
|---|---|
| Маалыматтык | “Карагул ботом” поэмасы жөнүндө кенен түшүнүк алышат. |
| Социо-катнаштык | Поэманын маанисин диалог аркылуу берет. |
| Өзүн-өзү уюштурууучулук жана көйгөйлөрдү чечүү | Поэманын мазмунун турмуштук көз караштар менен салыштырып, чечим кабыл алат. |

| **Предметтик компетенттүүлүктөр:** | |
|---|---|
| Окурмандык | -теориялык-адабий түшүнүктөрдү билет. |
| Баалуулук-дүйнө таанымдык | -гумандуулуктун негизинде дүйнө таанымы калыптанат. |
| Адабий-чыгармачылык | -оозеки кеби өнүгөт. |

| **Сабактын максаты:** | | |
|---|---|---|
| **Билим берүүчүлүк** | **Өнүктүрүүчүлүк** | **Тарбиялоочулук** |
| -«Карагул ботом» поэмасынын окуясы менен таанышышат; | -«Карагул ботом» поэмасынын окуясынын турмуш менен окшош жана | -Жаратылышка аяр мамиле жасоо, үй-бүлөдө өзүн алып жүрүү боюнча тыянак |

| | | |
|---|---|---|
| поэманын темасын жана негизги оюн аныкташат; | айырмалуу жактарын көрсөтүшөт; | чыгарышат. |

| **Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу ...** | | |
|---|---|---|
| Поэманын окуясы боюнча берилген 2-3 суроого жооп берсе; Поэмадагы негизги ойду көрсөтө алса. | Чыгарманын окуясынан 2-3 турмуштук окшоштуктарды, айырмачылыктарды айта алса. | Чыгарманын окуясынын негизинде өзүнө 2 эреже чыгара алса. |

| **Милдеттери:** |
|---|
| -көркөм адабияттын турмуштук маанисин аныктоо;<br>-окуучулардын эстетикалык табитин ачуу;<br>-социо-маданий чөйрөсүн кеңейтүү. |
| **Тематикалык линиялар:** |
| Тарых, адеп, адам жана коом, табият таануу, көркөм өнөр. |

| **Мазмундук тилкелер** | |
|---|---|
| Автор | -поэманын варианттарын салыштырат |
| Каарман | -көркөм адабиятта поэманын турмуштук ролун билет |
| Көркөм форма | -поэма менен кинону ажыратат |
| Көркөм сөз/ көркөм ыкмалар | -поэманын жаралуу табиятын айырмалайт |

| **Деңгээлдер** | |
|---|---|
| Сюжеттүү окуялуу: | Поэманын максатын, милдетин билет. |
| Образдуу-аналитикалык: | Поэманы талдайт. |
| Идеялык-эстетикалык: | Поэманы талдап, корутунду чыгарат. |

**Сабактын тиби:** жаңы билимди өздөштүрүү сабагы.

**Сабактын методу:** интерактивдүү, жупта, топто иштөө.

**Сабактын жабдылышы:** сүрөттөр, ватман, окуу-методикалык колдонмолор ж.б.

**Колдонулган адабияттар жана булактар:**

-А.Муратов, Р.Асакеева, Б.Кыдырбаева жалпы билим берүүчү орто мектептин 5-класстары үчүн Кыргыз адабияты окуу китеби. Бишкек-2018 ();

-Келгиле, окуйбуз! окуу жөндөмүн өркүндөтүү боюнча колдонмо. Бишкек-2017;

-Эл адабияты сериясы 31-том, “Элдик поэмалар”. “Бийиктик” басмасы, Бишкек-2012;

-sputnik.kg сайты.

**Сабактын жүрүшү:**

-Уюштуруу, жагымдуу маанай түзүү;

-Алтын эреже менен тааныштыруу;

**АЛТЫН ЭРЕЖЕЛЕР:**

- ✓ Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө.
- ✓ Жылуу-жылуу сүйлөсө, жылан ийнинен чыгат.
- ✓ Сөздү уккан жерге айт, сууну сиңген жерге сеп.
- ✓ Суу атасы-булак, сөз атасы-кулак.
- ✓ Көрө-көрө көсөм бол, сүйлөй-сүйлөй чечен бол.
- ✓ Жети өлчөп, бир кес.
- ✓ Сабырдын түбү-сары алтын.

-Үйгө берилген тапшырманы текшерүү.

**Үй тапшырмалар:**

1) 1-парта-Таблица толтуруу

| **№** | **Каармандар** | **Каармандарга баа берүү** | **Чыгармадан мисалдар** |
|---|---|---|---|
| 1 | Авалбек | | |
| 2 | Жээнгүл | | |
| 3 | Кинодогу киши | | |

2) 2-парта-Жупта иштөө “Туура-ката”

| **Ырастоолор** | **Туура** | **Ката** |
|---|---|---|
| Бала атадан калган туяк эмес эле | | |
| Авалбек чын эле атасын кинодон көрдү | | |
| Бала ошол менин атам деп өмүр бою ишенип өтөт | | |
| Бала атадан калган туяк эле | | |

3) 3-парта-Адабият теориясынан.Аңгеме жөнүндө түшүнүк айтып беришет.

**Жаңы тема: “Карагул ботом” поэмасы**

"Карагул ботом" адам менен жаныбарлардын табияттагы мыйзам ченемдүү өз ара алака-катышынын трагедиялуу жагдайын чагылдырган турмушта болгон окуя. Чыгарма элге таасирдүүлүгү, өзөктү өрттөгөн оор жоготууну элестүү сөздөр менен кошокко айландырган ыры, муун-жүндү бошоткон кайгылуу обону аркылуу ого бетер артылган.

**Чыгарманын эл ичинде айтылып жүргөн 5–6 варианты бар.** Мерген Райым, Ашыр, Тумаш деп ар кайсы вариантта ар башка ысымда айтыла берет. Алардын бардыгынын көлөмү чакан. Дастанды эл алдында акын-комузчулар Калык Акиев, Асылбек Эшмамбет, Ашыраалы Айталиевдер айтып чыккан. Адабиятчылар мыкты варианттардын бири Сарыкунан Дыйканбаевдики деп айтышат.


**Ашыраалы Айталиев айткан "Карагул ботом".** Акындын комуз менен муңканып аткарган дастаны башкача бир өңүттө чыккан. Окуяларды орду менен, табияттын адам жазымышы менен бирдигин шайкеш келтирип, чеберечиликте сүрөттөп берген. Ал мурда айтып жүрбөсө да, уккан сюжетине салып "Карагул ботомду" Тажибай деген башкарманын өтүнүчү менен кайгылуу обонго келтирип, ошол замат шыдыр баяндап кеткенин эскерет.

**Ашыраалы Айталиевдин аткаруусундагы “Карагул ботом” дастанын кыскача угуу. Текстти өз алдынча окуу. Жуптарда бөлүшүү.**

**Фронталдык иш.**
**Сөздөр, сөз айкаштары сүйлөйт. (берилген сөздөрдү, сөз айкаштарынын маанисин поэмага негиздеп айтып берет)**
70 жаш, бешөө, мусапыр, какбаш чал, өлсөм турпак саларым, өзөндөн чыккан убагым, балалуу элик, серке.


**Топтор менен иштөө:** 1-2-3кө чейин санап, 3 топко бөлүнөт. Топтордун аты чыгармага байланыштырылат.

**1-топ: “Куланчы” тобу**-Куланчы аңчылыктын пири (колдоочусу).
Тапшырма: Суроолор айлампасы көнүгүүсүн иштешет.




**2-топ: “Умай-Эне” тобу**-Умай-Эне-наристенин (бала) пири.
Тапшырма: Табышмак үй көнүгүүсүн аткарат.

Аткаруу тартиби: А4 өлчөмүндөгү барактын оң жана сол четин үйдүн чатыры сыяктуу бүктөлөт. Сол жагына каармандар, оң жагына орду, мезгили жазылат. Барактын асты жагы 3 бөлүккө бүктөлөт. 1-бөлүккө окуянын башы, 2-бөлүккө окуянын ортосу, 3-бөлүккө окуянын аягы жазылат. Чатырдын арт жагына автор жана чыгарма жазылат.




**3-топ: “Кайберен” тобу**-Кайберен-кийиктин пири. Дагы бир аты Ак байбиче.
Тапшырма: Поэманын мазмунуна дал келген макал-лакаптарды айтып, кайсы окуяга шайкештигин далилдеп берет.

Мисалы:

| | |
|---|---|
| Багы жокко дагы жок. | |
| Ай-талаада аткан ок ажалдууга тиет. | |
| Айдын он беши-жарык, он беши-караңгы. | |
| Жакшы сөз жан эргитет, жаман сөз жан кейитет. | |
| Жакшы кабар-даңаза, жаман кабар-жаназа (Нурмолдо) | |

**Рефлексия:**

Мен бүгүн ........................ окуп түшүндүм.

Мен бүгүн ........................ угуп тушүндүм.

Мен бүгүн ........................ элестетип түшүндүм.

**Баалоо:** Окуучулар (топтор) бири-бирин баалашат.

**Үй тапшырма:** Тандоо иретинде 3 түрдүү тапшырма берилет.

- Поэманын мазмуну тууралуу слайд жасоо.
- Мерген деген сөзгө синквейн түзүү.
- Чыгарманын мазмуну боюнча сүрөт тартуу, аны жактоо.